HERo ДаткАйым

# Коммерциялык эмес уюмдарынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташтыгын өркүндөтүү аркылуу гендердик теңчилик саясатын илгерилетүү жөнүндө КОЛДОНМО

**“ДаткАйым – Гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү” долбоору**
**HERo – New narratives towards a gender equal society**
**EIDHR/2019/409-867**

Бул басылма Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен жарыяланды.
Басылманын мазмуну үчүн “Данило Дольчи” чыгармачыл өнүктүрүү борбору (Италия) жана «Социалдык технологияларагенттиги» коомдук бирикмеси гана жооптуу.
Басылма сөзсүз түрдө Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.



**«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси.** эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

УДК 351/354
УБК 66.3 (5 Кир), 1
К 27

Коммерциялык эмес уюмдарынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташтыгын өркүндөтүү аркылуу гендердик теңчилик саясатын илгерилетүү жөнүндө колдонмо.
**Карыбаева М.А, Кочорбаева З.И. , Исланбекова Б.И. -Б.: 2021.-170 б.**

**ISBN 978-9967-11-812-6**

Бул Колдонмо өз миссиясын ишке ашыруунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБ) менен өз ара иш алып барган коммерциялык эмес уюмдарынын1 кызматкерлерине арналган.

“Комплекстүү гендердик мамиленин” (англ. – Gender mainstreaming, мындан ары – КГМ) маңызы – гендердик аспект коомдун бардык чөйрөлөрүндө бар болгондугунда, демек, ал бардык тармактарда жана мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын ишин талдоодо, пландаштырууда, бюджетти түзүүдө жана чечимдерди кабыл алууда эске алынууга тийиш.

Бул методикалык колдонмонун максаты – бардык министрликтердин жана ведомстволордун тармактык саясатына комплекстүү гендердик мамилени киргизүүгө жана ишке ашырууга, долбоорлорду жана миссияларды ишке ашыруу процессинде алар менен кызматташкан коммерциялык эмес уюмдардын потенциалын жогорулатуу аркылуу көмөктөшүү, бул төмөнкү көйгөйлөрдү чечүү аркылуу ишке ашат:

Колдонмонун иштелип чыгуусу, семинарлар учурунда апробациясы жана басылып чыгуусу “Социалдык технологиялар агенттиги” коомдук бирикмеси (Кыргыз Республикасы) жана “Данило Долчи” чыгармачыл өнүктүрүү борбору (Италия) тарабынан Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен ишке ашырылуучу “ДаткАйым – Гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү” долбоорунун колдоосу менен менен ишке ашырылды.

## Мазмуну

**Кыскартуулар тизмеси** 5

**Киришүү** 6

**I бөлүм. Жыныс, гендер жана комплекстүү гендердик мамиле** 9

1.1. Жыныс жана гендер: эмнеге мындай айырманы “ойлоп табышкан”? 9
1.2. Гендердик айырмачылыктар кантип калыптанат? 13
1.3. Гендердик теңчилик "бирдейлик" дегенди билдиреби? 18
1.4. «Маселенин тарыхы» кандай? 21
1.5. " Комплекстүү гендердик мамиле" деген эмне? 24

**II бөлүм. Улуттук жана тармактык өнүктүрүү программаларында комплекстүү гендердик мамиле** 26

**2.1. “Натыйжага багытталган башкаруу” деген эмне?** 26

2.2. Учурдагы улуттук программаларда комплекстүү гендердик мамиле барбы? 29
2.3. Тармактык программаларды иштеп чыгуу процессине комплекстүү гендердик мамилени кантип киргизүү керек? 32
2.4. Комплекстүү гендердик мамилени тармактык программаларга киргизүүнүн этаптары кандай? 45

**III бөлүм. Мыйзамдардын гендердик экспертизасы** 54

3.1. Эмне үчүн мыйзамдардын гендердик экспертизасы жүргүзүлөт? 54
3.2. Мыйзамдардын гендердик экспертизасын жүргүзүүнүн методологиясы кандай? 56
3.3. Эксперттердин корутундуларынын мисалдары 57

**IV бөлүм. Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенциянын жоболорунун аткарылышы жөнүндө отчет берүү 84**

4.1. Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенция адам укуктары боюнча эл аралык келишимдер тутумунда кандай орунду ээлейт? 84
4.2. Эмне үчүн аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция иштелип чыккан жана кабыл алынган? 92
4.3. Бул документ эмне жөнүндө? 94
4.4. Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенциянга Факультативдик протокол деген эмне? 96
4.5. Комитетке отчет берүүнүн эрежелери жана процедуралары кандай? 99
4.6. Эмне үчүн биз бул докладдарды беришибиз керек? 104
4.7. Кыргызстан CEDAW комитетине канча жолу доклад берди? 108
4.8. Коммерциялык эмес уюмдары бул процесске кандай катышууда? 112

**V бөлүм. Туруктуу өнүгүү максаттарынын гендердик аспектилери 116**
**5.1. ТӨМ боюнча көрсөткүчтөргө байкоо жүргүзүү эмне үчүн маанилүү? 116**
**5.2. ТӨМдөрдүн гендердик аспекттилери 118**
1-ТӨМ. Жакырчылыктын бардык түрүн жоюу 118
2-ТӨМ. Ачкачылыкты жоюу 119
3-ТӨМ. Ден соолукту чыңдоо 121
4-ТӨМ. Сапаттуу билим 126
5-ТӨМ. Гендердик теңчилик 132
6-ТӨМ. Таза суу жана Санитария 140
7-ТӨМ. Жеткиликтүү жана таза энергия 142
8-ТӨМ. Татыктуу жумуш жана экономикалык өсүү 144
9-ТӨМ. Индустриялаштыруу, инновациялар жана инфраструктура 149
10-ТӨМ. Теңсиздикти кыскартуу 151
11-ТӨМ. Туруктуу шаарлар жана жамааттар 153
16-ТӨМ. Тынчтык, адилеттүүлүк, эффективдүү башкаруу 154
17-ТӨМ. Туруктуу өнүгүү үчүн өнөктөштүк 158
**Глоссарий 162**
**ДОЛБООР ЖӨНҮНДӨ 165**

## Кыскартуулар тизмеси

| | |
|---|---|
| CEDAW конвенциясы | Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция |
| RBM | Results Based Management - Натыйжага негизделген башкаруу |
| UHRI | Адам укуктарынын универсалдуу индекси |
| АИВ | Адамдын иммуножетишсиздигинин вирусу |
| АУК | Бириккен улуттар уюмунун Адам укуктары боюнча кеңеши |
| АЭС | Атомдук электростанция |
| БУУ | Бириккен улуттар уюму |
| ЖӨБ | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары |
| КГМ | Комплекстүү гендердик мамиле |
| КИЖС | Адамдын иммундук жетишсиздиги синдрому |
| КККС | Көптөгөн көрсөткүчтөр боюнча кластердик сурамжылоосу |
| Комитет | Аялдарга карата дискриминацияны жоюу боюнча комитет |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КР УСК | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети |
| МКТ | Маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар |
| ӨУС | 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын |
| СПА | Суу пайдалануучулар ассоциациясы |
| ТӨМ | Туруктуу өнүгүү максаттары |
| УИП | Улуттук иш-аракеттер планы |
| УМС | Универсалдуу мезгилдүү сереп |
| ЧУА | Ченемдик укуктук актылары |



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

## Киришүү

Бул Колдонмо өз миссиясын ишке ашыруунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (ЖӨБ) менен өз ара иш алып барган коммерциялык эмес уюмдарынын[1] кызматкерлерине арналган.

Кыргыз Республикасында аялдар менен эркектердин тең укуктуулугуна жетишүү өнүгүүнүн негизги максаттарынын бири катары таанылган. Бул таануу 2021-жылдын 5-майында күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Конституциясында аялдар менен эркектердин бирдей укуктары, эркиндиктери жана бирдей мүмкүнчүлүктөрү принциби түрүндө чагылдырылган. Гендердик теңчиликке жетишүү боюнча эл аралык милдеттенмелерди аткаруу боюнча өлкөнүн күч-аракети, биринчи кезекте, аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө БУУнун Конвенциясынын жоболорун ишке ашыруу боюнча мезгилдүү отчетторду берүү механизминин алкагында (мындан ары - CEDAW конвенциясы) жана 2030-жылга чейин Туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү жөнүндө чаралар аны ишке ашырууга багытталган. Улуттук мыйзамдар, ошондой эле Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетишүүнүн улуттук стратегиялары бул принципти иш жүзүндө ишке ашыруу механизмдери болуп саналат.

““Комплекстүү гендердик мамиленин” (англ. – Gender mainstreaming, мындан ары – КГМ) маңызы – гендердик аспект коомдун бардык чөйрөлөрүндө бар болгондугунда, демек, ал бардык тармактарда жана мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын ишин талдоодо, пландаштырууда, бюджетти түзүүдө жана чечимдерди кабыл алууда эске алынууга тийиш.

---

[1] Бул Колдонмодо Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 15-октябрындагы № 111 "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Мыйзамына ылайык термин колдонулат: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/274

Коммерциялык эмес уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн үч аспектисине КГМны киргизүү мүмкүн:

• өзүнүн миссиясын аткаруу үчүн уюмдун ишмердүүлүгүнө;

• уюмдун ички саясатына;

• мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүү жана кызматташуу процессине.

Бул колдонмо иш-аракеттин акыркы аспектиси жөнүндө түшүнүккө жетишүүгө багытталган, биринчи кезекте министрликтердин жана ведомстволордун тармактык саясатына КГМны киргизүү процессине, анын ичинде мамлекеттик органдардын коомдук кеңештеринин курамында коммерциялык эмес уюмдардын ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө[2].

Кээ бир коммерциялык эмес уюмдардын лидерлери жана активисттери өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө гендердик аспектилерди аныктоодо кыйынчылыктарга дуушар болуп, экономикада, саясатта жана коопсуздук тармактарда көрүлүп жаткан чаралар аялдарга жана эркектерге эки башка таасирин тийгизерин дайыма эле түшүнө бербеген кырдаалда бул оңой иш эмес. Гендердик маселелерге, эң жакшы деген учурларда, саясий катышуу маселесинде гана, кандайдыр бир деңгээлде социалдык чөйрөдө гана көңүл буруу практика болуп калды. Гендердик талдоо, биринчи кезекте, мамлекеттик бийлик органдары жана башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган практикалык чечимдердин сапатын жогорулатууга багытталган аналитикалык курал экенин түшүнүү жетиштүү деңгээлде эмес.

Бул кыйынчылыктар объективдүү да, субъективдүү да мүнөзгө ээ. Бир жагынан, аларды жеңүү үчүн маалыматтарды чогултуу системасын өзгөртүү, аларды талдоо, стратегиялык пландаштыруу жана долбоорлоо, мониторинг жана баалоо критерийлерин кайра карап чыгуу менен байланышкан системалуу күч-аракеттерди талап кылынат.

Бирок, биринчи кезекте, «гендер» терминин туура эмес чечмелөөдөн жана гендердик талдоо – бул мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары тарабынан кабыл алынган практикалык чечимдердин сапатын жогорулатуу үчүн иштелип чыккан аналитикалык курал экенин толук түшүнбөгөндүктөн улам келип чыккан ички каршылыкты жеңүү керек.

Мындай мамилени жеңүү үчүн потенциалды жогорулатуу боюнча иш-аракеттер талап кылынат.

Бул методикалык колдонмонун максаты – бардык министрликтердин жана ведомстволордун тармактык саясатына комплекстүү гендердик мамилени киргизүүгө жана ишке ашырууга, долбоорлорду жана миссияларды ишке ашыруу процессинде алар менен кызматташкан коммерциялык эмес уюмдардын потенциалын

[2]Кененирээк маалымат: http://osgo.kg/

жогорулатуу аркылуу көмөктөшүү, бул төмөнкү көйгөйлөрдү чечүү аркылуу ишке ашат:

- Коммерциялык эмес уюмдардын кызматкерлеринин жана активисттеринин мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташуу процессинде гендердик мамилени илгерилетүү боюнча потенциалын жогорулатууга көмөк көрсөтүү;
- Гендердик анализди колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн жана артыкчылыктарын конкреттүү мисалдар менен көрсөтүү, анын ичинде анын инструменттерин сектордук саясаттарга интеграциялоо.

Калыптанган практикага ылайык, заманбап Кыргызстанда мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлердин жана коммерциялык эмес уюмдар секторунун эксперттеринин өз ара кызматташуусу көбүнчө стратегиялык жана тармактык долбоорлорду даярдоочу ведомстволор аралык жумушчу топтордун өнүктүрүү программаларын ишке ашыруу, тармактык мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле өлкөнүн эл аралык милдеттенмелеринин алкагында мезгилдүү отчеттор үчүн маалыматтарды чогултуу (биринчи кезекте CEDAW жана ТӨМ боюнча) сыяктуу ар кандай ишмердүүлктү биргелешип аткаруу түрүндө ишке ашат.

Ошондуктан Колдонмонун түзүмү жана мазмуну теориялык компонентти минималдаштырууга негизделген (гендердик мамиленин концептуалдык негиздери I бөлүмдө абдан кыскача баяндалган) жана мамлекеттик кызматкерлердин практикалык керектөөлөрүн канааттандырууга көбүрөөк багытталган. Анын ичинде төмөнкү процесстерге КГМны киргизүү:

• Стратегиялык мамлекеттик улуттук жана тармактык саясатты, өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу;

• Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна мамлекеттик органдар тарабынан киргизилген мыйзам долбоорлору боюнча корутундуларды даярдоо;

• Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюужөнүндө конвенциянын милдеттенмелеринин алкагында өлкөнүн мезгилдүү отчетторун даярдоо;

• Туруктуу өнүктүрүү максаттары боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук ыктыярдуу отчетторун даярдоо.

Сунушталган материалдар жана мисалдар коммерциялык эмес уюмдар секторунун кызматкерлеринин өз ишмердүүлүгүн чыгармачылык менен кайра карап чыгуусуна жана алардын ишмердүүлүгүнө гендердик чен-өлчөмдү киргизүү мүмкүнчүлүктөрүн издөөгө түрткү берүүгө багытталган.

Методологиялык колдонмо гендердик теңчиликке жетишүү, көп түрдүүлүктү башкаруу жана натыйжага багытталган башкаруу боюнча заманбап теориялык жана

практикалык материалдардын негизинде, буга чейинки изилдөөлөрдүн, серептердин жана колдонмолордун материалдарын колдонуу менен иштелип чыккан.

Колдонмонун иштелип чыгуусу, семинарлар учурунда апробациясы жана басылып чыгуусу “Социалдык технологиялар агенттиги” коомдук бирикмеси (Кыргыз Республикасы) жана “Данило Долчи” чыгармачыл өнүктүрүү борбору (Италия) тарабынан Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен ишке ашырылуучу “ДаткАйым – Гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү” долбоорунун колдоосу менен менен ишке ашырылды.

# I бөлүм. Жыныс, гендер жана комплекстүү гендердик мамиле

## 1.1. Жыныс жана гендер: эмнеге мындай айырманы “ойлоп табышкан”?

Биологиялык көз караштан алганда аялдар менен эркектердин ортосунда кээ бир чечилбей турган айырмачылыктар бар. Булар, албетте, аялдардын гана боюнда бүтүп, бала төрөп, эмчек эмизүү жөндөмдүүлүгү жана эркектердин гана уруктандыруу жөндөмдүүлүгү кирет. Калган бардык (жүрүм-турумдагы, үй-бүлөлүк жашоодогу, кесиптик ишмердүүлүктөгү, ачык саясаттагы) айырмачылыктар анчалык принципиалдуу эмес жана көбүнчө тарбиянын жана салттардын таасири менен калыптанат, башкача айтканда, алар чөйрө таңуулаган жүрүм-турум стереотиптери.

Ошондуктан, аялдар менен эркектердин ортосундагы социалдык жактан аныкталган айырмачылыктарды талдоо үчүн адамдардын ортосундагы биологиялык айырмачылыктарды билдирген «жыныс» (sex) түшүнүгүнөн айырмаланып, гендер (gender) түшүнүгү киргизилген.

Бул терминдерди бөлүүнүн мааниси “эркектиктин” жана “аялдыктын” социалдык-маданий маанилерин биологиялык жыныстык айырмачылыктардан бөлүү саналат. Демек, «гендер» терминининин маанисинин өзү жыныстар ортосундагы мамилелердин абсолюттук биологиялык алдын ала белгиленгендигин танууда жатат: биологиялык жыныс бар жана гендер бар, башкача айтканда, «социалдык жыныс».

Негизинен, бул айырмачылыктар коомдук жана маданий абалына жана биздин коомдогу тигил же бул жыныска ыйгарылган маанилүүлүгүнө таасир этет. Коом биологиялык айырмачылыктарды алып жүрүүчүлөргө белгилүү социалдык ролдорду бөлүштүрөт, бул аялдар менен эркектердин ортосунда иерархиялык мамилелерди түзүүгө алып келет жана бийлик менен укуктарды эркектердин пайдасына жана аялдардын зыянына бөлүштүрүүгө таасирин тийгизет.

Гендер жөн гана аялдарга же эркектерге эмес, алардын ортосундагы мамилеге, бул мамилелердин социалдык жактан кандайча түзүлө турганына, башкача айтканда, коом жыныстар ортосундагы мамилени “түзүп жатканына” тийиштүү. Раса жана этнос жөнүндө концепциялар сыяктуу эле «гендер» түшүнүгү коомдук процесстерди түшүнүү үчүн аналитикалык курал болуп саналат.

Гендердик айырмачылыктар мейкиндикте жана убакытта өзгөрүлүп турат: ар кандай маданияттарда аялдар менен эркектердин ар түрдүү, көбүнчө карама-каршы мамилелерин жана жүрүм-турумдарын кезиктирүүгө болот. Тарыхый талдоо ошондой эле гендердик ролдордогу негиздүү өзгөрүүлөрдүн көптөгөн мисалдарын келтирет. *Гендердик ролдор* - бул социалдашуу процессинде өздөштүрүлгөн “аялдын” жана “эркектин” жүрүм-турумунун белгилүү бир үлгүлөрү, моделдери. Жыныстын табигый “багыты” жөнүндө стереотиптик түшүнүктөргө негизделген салттуу гендердик ролдор аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн олуттуу чектеп, эркектердин өмүрүнүн узактыгынын

кыскарышына алып келет.

Аялдар менен эркектердин тең укуктуулугуна жетишүү үчүн жасалган бардык аракеттерге карабастан, бүгүнкү күндө да жынысы боюнча басмырлоонун ар кандай формалары бар. Ал жашыруун айырмачылыктар түрүндө көрүнүшү мүмкүн, бирок аялдардын жана кыздардын укуктары жана кадыр-баркы ачык, одоно түрдө бузулган мисалдар жетиштүү. Гендердик зомбулук – мындай ачык басмырлоонун бир түрү.

Гендердик теңсиздик бардык жамааттар үчүн жалпы өзгөчөлүк бойдон калууда. Адамдарды жынысы боюнча басмырлоонун ыкмалары ар түрдүү, анткени теңсиздиктин себептери жыныс менен эле чектелбейт. Теңсиздиктин пайда болушуна экономикалык абал, адамдын расалык жана этникалык таандыгы, диний ишенимдер, курак, чектелген физикалык жана психикалык мүмкүнчүлүктөр, сексуалдык ориентация таасир этет. Жакырчылык, экологиянын бузулушу, айылдардагы территориялардын ээн калышы сыяктуу факторлор да олуттуу ажыратууларга жана теңсиздикке алып келиши мүмкүн.

Гендердик теңчиликтин көптөгөн ар кандай аныктамалары бар. Бул түшүнүктөрдүн гендердик мамиленин алкагында пайда болушу эл аралык, аймактык жана улуттук деңгээлдеги көп жылдык изилдөөлөрдүн жана талкуулардын натыйжасы болуп саналат. Мамилелердин бири болуп бул түшүнүктү укуктар, мүмкүнчүлүктөр, баалуулуктар, абал жана натыйжалар сыяктуу бир катар негизги элементтер аркылуу кеңейтүү саналат.

**Укук** көз карашынан мамиле аял менен эркектин бирдей укукка ээ болушу керек экенин жана мыйзам алдында бирдей жоопкерчиликтүү экенин белгилейт. Бул укуктар ар бир өлкөнүн мыйзамдарында, улуттук конституцияларында, эл аралык конвенцияларда жана башка ченемдик укуктук документтерде жазылган. Аялдар менен эркектерге бирдей укуктарды берүү “де-юре” теңчилик, башкача айтканда, формалдуу, юридикалык теңчилик болуп саналат.

Чыныгы гендердик теңчилик мыйзамдуу кепилдиктерден да чоңураак нерсени талап кылат. Де-факто (иш жүзүндө) аялдар менен эркектердин тең укуктуулугун камсыздооүчүн бул мыйзамдар аткарылышы жана жашыруун тоскоолдуктар жоюулушу керек.

Ошондуктан гендердик теңчилик жөнүндө айтуу менен **мүмкүнчүлүктөрдүн** теңдиги эске алынышы керек. Эркектер да, аялдар да жынысы үчүн гана билим алууда, ишке орношууда, саясий, коомдук же үй-бүлөлүк турмушка катышууда тоскоолдуктарга дуушар болбошу керек. Эки жыныстын өкүлдөрү тең жумушка, ресурстарга, билимге жана маалыматка, кызмат көрсөтүүлөргө жетүүдө бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек, саламат жана бактылуу жашоого керектүү мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек.

Гендердик теңчилик аял менен эркектин үй-бүлөгө, коомго жана жергиликтүү коомчулукка кошкон салымы ар түрдүү болгонуна карабастан бирдей **бааланышы**

керек дегенди билдирет. Бул салым эркектер менен аялдардын эмгегинен (акы төлөнүүчү жана төлөнбөгөн) жана убакыт, камкордук, көндүмдөр жана билим сыяктуу материалдык эмес ресурстардан турат.

Мисалы, убакыт маанилүү ресурс болуп саналат, ал эми аялдарда да, эркектерде да суткасына 24 саат болсо, биздин аймактагы өлкөлөрдө убакытты пайдалануу боюнча изилдөөлөр окшош моделди көрсөттү: аялдардын бош убактысы эркектерге караганда азыраак. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турган убакытты пайдалануу боюнча изилдөө көрсөткөндөй, аялдар эркектерге караганда акы төлөнүүчү ишке бир аз азыраак убакыт коротушат. Бирок акы төлөнбөгөн эмгекти эсепке алганда, алардын жалпы иштеген убактысы эркектердикинен кыйла жогору.

Алсак, статистикалык маалыматтар аялдар үй жумуштарына күнүнө орто эсеп менен 4 саат 20 мүнөт бөлүп, убактысынын 18,1%ын ушуга жумшай турганын көрсөтүүдө. Эркектер үчүн бул чыгымдар 4,7 эсе аз жана күнүмдүк убакыт фондунун 3,9% түзөт. Натыйжада, эркектерге салыштырмалуу аялдар үй жумуштарына дээрлик 5 эсе, балдарды тарбиялоого 2,3 эсе көп убакыт сарпташат[3]. Айылда жашаган аялдар шаарда жашаган аялдарга караганда үй иштерине 1,5 эсе көп убакыт коротушат. Эгерде үй чарбасында ичүүчү суу булагы жана борбордук канализация жок болсо, абал курчуйт, бул автоматтык түрдө аялдардын үй жумуштарын оорлоштурат[4].

Адамдын жашоосу үчүн репродуктивдүү ишмердүүлүк өтө маанилүү, бирок “чыныгы иш” катары сейрек каралат. Бул дээрлик аялдардын жана кыздардын жоопкерчилиги. Ошол эле учурда акы төлөнбөгөн үй эмгеги бааланбай, жеңил, өзүнөн-өзү милдетттүү катары кабыл алынат.

Жалпысынан биздин өлкө үчүн балдарды тарбиялоонун жана улгайган туугандарына кам көрүүнүн дээрлик бардык аспектилерин аялдарга жүктөө мүнөздүү. Ошондуктан, көптөгөн үй-бүлөлөр убакыттын жетишсиздигинен жана башка үй-бүлө мүчөлөрүнүн кээ бир милдеттерди өз мойнуна алгысы келбегендигинен (же кээде алуу мүмкүн эместигинен) улам аялдарды акы төлөнүүчү жумушка тартууга үндөшпөйт. Убакыттын жетишсиздиги жана үй жумуштарынын оордугу да уйку сыяктуу физиологиялык керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн убакыттын азайышына алып келет.

Убакыттын жетишсиздиги ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу үчүн олуттуу тоскоолдук болуп саналат.

Бааланбаган “аялдардын эмгеги” аялдар менен эркектер үчүн терс кесепеттерге алып келет. Көпчүлүк жамааттар аялдардын үйдөгү жумушун

---

[3] http://stat.kg/media/publicationarchive/7d7c4d59-2b8f-44e0-86be-adee6e8c5e28.pdf , 246-б.

[4] Кыргыз Республикасында адам укуктарынын контекстинде таза ичүүчү сууга болгон укук.38-б.



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

баалашпайт. Бул мамлекеттик саясатка таасирин тийгизиши мүмкүн. Мисалы, пенсиянын өлчөмү кирешесине жараша эсептелет, аялдардын төрөт жана кичинекей балдарды багуу учурунда иштебегени эсепке алынбайт, ал эми репродуктивдүү функциясын аткарганы жана үй жумуштары үчүн киреше алышпайт. Эгерде аял көп жылдар бою үйүндө бала багып жүрүп, эмгек рыногунда орун издесе, ал ээ болгон көндүмдөр адатта иш берүүчүлөр тарабынан бааланбайт. Аялдын тиешелүү билими же мурунку иш тажрыйбасы болсо да эмгек рыногунда узак убакыт болбогондугу мурунку тажрыйба жана көндүмдөрдүн бааланбай калышына же жетишсиз бааланышына алып келери менен кырдаал татаалдайт.

«Аялдардын эмгегин» баалабоо эркектерге да терс кесепеттерди алып келет. Эркектер үй шартында же кесиптик чөйрөдө “аялдардын жумушун” жасоо мүмкүнчүлүгүнөн коркушат. Мисалы, стереотиптер басымдуулук кылгандыктан, бала багуучу, бала бакчанын тарбиячысы же катчы болуп иштей алышпайт. Натыйжада эркектер балдарына кам көрүүнүн эмоционалдык жана психологиялык жактан пайдалуу тажрыйбасынан ажырап калышат, бул стереотиптер алар аткарууга даяр болгон жумуштардын түрлөрүн да чектейт.

Экономикалык кризис учурунда аялдар менен эркектер ойной турган ролдордогу ийкемсиздик жумуш менен камсыз кылуу маселесин чечүү үчүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү жана инновациялык стратегияларды олуттуу чектейт.

Эркектер менен аялдардын билиминин маанилүүлүгүнө бирдей баа берүү материалдык натыйжаларды берет. Мисалы, калктуу конуштар/жамааттар менен жылытуу системасын өзгөртүү же турак жайды электр менен камсыздоо боюнча консультациялар өткөрүлгөндө, мындай талкууларга аялдар дайыма эле катыша бербейт. Бирок, аялдардын өзгөчө тажрыйбасы жана билими бар, мисалы, үйдө энергия кантип (күндүн кайсы убагында жана кандай максаттарда) колдонулушу керектиги аялдарга жакшы маалым, андыктан энергия менен камсыздоонун жаңы варианттарын карап чыгууда алардын пикири маанилүү болушу керек.

Чыныгы теңчиликке жетишүү жолундагы тоскоолдуктар комплекстүү жана көп учурда жашыруун мүнөзгө ээ. Алсак, аялдар менен эркектер курулуш жана курулуш өнөр жайларында иштөөгө бирдей укукка ээ, бирок эркектердин саны адатта бул тармактагы аялдардын санынан көп. Кээ бир учурларда иш жүзүндөгү айырма аялдардын бул кесиптик чөйрөдө иштебей коюу чечиминен келип чыгат. Бирок бул дайыма эле чыныгы тандообу? Бул көбүнчө жакшы акы төлөнүүчү жана туруктуу кесипке кирүүнү каалаган аялдар үчүн кандай тоскоолдуктар бар? Билим берүү системасы аялдардын курулуш адистиктерине окуусуна өбөлгө түзөбү? Аялдардын бул тармакта ишке орношуусуна кандай көз караштар жана стереотиптер тоскоол болот? Бул жагдайдагы жыныстык айырмачылык, чындыгында, мүмкүнчүлүктөрдүн теңсиздигинин бар экенин көрсөтүп турат.

## 1.2. Гендердик айырмачылыктар кантип калыптанат?

Гендердик ролдор – белгилүү бир коомдо жана белгилүү бир тарыхый доордо болгон коомдо социалдык жана маданий нормаларга ылайык эркектер менен аялдарга ойноо үчүн белгиленген ролдор. Гендердик ролдор белгилүү бир жыныстагы адамдардын кандайча ойлонушу, сезиши жана иш-аракеттерди жасоо керек экендигин жөнгө салат. Гендердик ролдор ар кандай куракта жана социалдык топтордо өзгөрүшү мүмкүн, алар убакыттын өтүшү менен - өзгөрүүлөргө дуушар болот.

Кылымдар бою адамдарда аялдар менен эркектердин коомдо кандай роль ойношу керектиги жөнүндө белгилүү бир түшүнүктөр калыптанып калган. Алар *феминдик (аялдык)* жана *маскулиндик (эркектик)* сыяктуу түшүнүктөргө, социалдык жана маданий жактан гендер менен байланышкан өзгөчөлүктөргө негизделген.

Гендердик ролдор жөнүндө стереотиптер - түрдүү жыныстагы адамдардын образы жөнүндө типтүү түшүнүктөр менен колдоого алынат.

Алгач гендердик стереотиптер үй-бүлөдө, башкача айтканда, бала кирген биринчи чөйрөдө таңууланат. Ата-эне ымыркай кезинде эле жынысты айырмалоочу түстөгү коляскаларды, баш кийимдерди, байпактарды ж.б. колдонуу аркылуу башкаларга трансляциялап, кийинчерээк баланын өзүндө анын жынысына карай өзгөчөлөнгөн келбети тууралуу ойлорду калыптандырат. Кыз менен эркек бала чоңойгон сайын гендердик айырма оюнчуктар, оюндар, чач жасалгалары, кийимдер ж.б. менен бекемделет жана балдарда “типтүү аялдын” (куурчакты ороо, уктатуу, тамак жасоо жана ушул сыяктуу оюндар) же “типтүү эркектин” (унаалар, учактар, трансформерлер менен оюндар ж.б.) көнүмдөрү жөнүндө стереотиптик ойлорду калыптандырат. Мындан тышкары, жеке үлгү же тарбиялык ыкмалар аркылуу «туура» («артыңдан тазала, сен кызсың») же «туура эмес» («ыйлаба, сен баласың») жүрүм-турумуна стимул берүү уламдан-улам баланын типтүү аялдын жана эркектин жүрүм-турум үлгүлөрү жөнүндө түшүнүктөрүн бекемдөөгө жардам берет.

Кийинки этапта бала кирген билим берүү чөйрөсү (бала бакча, мектеп) эркек менен аялдын багыты жөнүндө стереотиптик түшүнүктөрдү бекемдейт. Буга мугалимдер тараткан билдирүүлөр да, окуу процессинде колдонулган материалдар да (окуу китептери, көрсөтмө жана методикалык каражаттар) көмөктөшөт. Мындан тышкары, алардын мазмуну гана эмес, ошондой эле алардын визуалдык материалдары даг стереотиптерди бекемдөө үчүн иштейт.


Алсак, Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн окуу китептеринин гендердик экспертизасы окуу материалдарында камтылган төмөнкү факторлор гендердик стереотиптердин калыптанышына жана бекемделишине өбөлгө түзөрүн көрсөттү.

Балдар менен эркектердин гендердик ролдорунун өзгөрмөлүүлүгү кыздар менен аялдарга караганда алда канча кеңири. Үй-бүлө чөйрөсү (эненин, аялдын,


келиндин, чоң эненин салттуу ролдору), ошондой эле үй жумуштары, кесиптик чөйрөдө аялдардын образдарынын минималдуу санынын фонунда көбүрөөк даражада аялдарга“бекитилген”;










Эс алуу, спорт, интеллектуалдык ишмердүүлүк чөйрөсүндө эркектер басымдуулук кылат.




Тапшырмаларда, көнүгүүлөрдө, өзгөчө так илимдерде каармандардын басымдуу бөлүгү эркектер болуп саналат, бул - илим эркектик чөйрө деген түшүнүктү бекемдейт.




**47-сүрөт.** Бөлмөдө абанын температурасын жөнгө салуунун принциби.

Коом таануу жана тарых боюнча окуу китептеринде коомдук өнүгүүнү согуштардын жана басып алуулардын тарыхы катары сыпаттоо мамилеси басымдуулук кылат, саясий жана бийлик түзүмдөрүндө

эркектердин үстөмдүк абалы жөнүндөгү стереотиптер кайра жаралып, тарыхый процессте аялдардын ролун төмөндөтөт. Башкаруу, ыйгарым укуктар априори “эркектин” чөйрөсү катары берилген.





Ошентип, балада социалдык ролдорду “салттуу” бөлүштүрүү түшүнүгү калыптанат.

Үй-бүлөлүк ролдордогу гендердик стереотиптер аял үчүн жашоонун эң маанилүү чөйрөсү - жеке мейкиндик, башкача айтканда, үй жана үй-бүлө жана тиешелүү түрдө үй кожойкесинин, аялдын жана эненин ролу деген тезисти билдирет. Аялдын жашоодогу “ийгиликтери” көбүнчө турмушка чыктыбы, канча балалуу болду, жакшы кожойкеби деп бааланат. Жада калса үй-бүлөнү сактоо жоопкерчилиги көбүнчө аялдарга стереотиптүү түрдө жүктөлөт (“үй-бүлөсүн сактап кала алган жок”, “аялдык акылмандык жетишсиз болгон” ж.б.).

Салттуу түшүнүктөрдө эркектерден үй-бүлөнү материалдык жактан камсыздоого, кесиптик жана коомдук чөйрөгө, башкача айтканда, ачык мейкиндикке тартылуусуна басым жасоо талап кылынат. Аялды үй кожойкеси, аял жана эне катары баалоодон айырмаланып, эркектин “ийгиликтери” анын кесиптик жана материалдык жашоого жөндөмдүүлүгү, карьерасы (мындайча аталган «ийгиликтүү маскулиндик») менен бааланат.

Эркектер жөнүндө жалаң гана каражат табуучу жана багуучу катары эсептеген стереотиптик түшүнүктөр белгилүү бир жагдайларда (мисалы, жумушунан айрылуу, бизнестеги көйгөйлөр) эркектин өзү менен ырайымсыз тамашаны ойноп, аны үй-бүлө жана коомдун көз алдында гана эмес, анын өзүнүн көз алдында да “жеңилген, алсыз” кылат. Мындай жагдайлар эркекти көп учурда өзүн-өзү өлтүрүүгө алып келиши мүмкүн болгон баш аламандыкка же ал тургай депрессияга кабылдырат. Эркектин кесиптик “ийгиликтерин” жоготуудан чыгуунун жолдорунун бири үй-бүлөдө гендердик ролдорду салттуу бөлүштүрүүдөн чегинүү, эркекти үй жумуштарына жана бала багууга тартуу, ал эми аялдарды – кесиптик өсүүгө жана карьерага басым жасоо болушу мүмкүн. Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары

эркекке (баланын атасы, чоң атасы, башка туугандары) бала багуу боюнча өргүүнү толук бойдон да, бөлүп да алууга уруксат берет[5].

Практика көрсөткөндөй, аялдар гана эмес, эркектер да үй-бүлөдө да, кесиптик ишмердүүлүктө да ролдорду "салттуу эмес" бөлүштүрүүгө даяр эмес. Эгер заманбап аял "салттуу" эркектин кесиби болгон бизнесмен же саясатчы кесибин эчак эле эркин сынап көргөн болсо (ага ийгиликке жетүү кыйыныраак болсо да фактынын өзү категориялык айыптоолорду жаратпайт), анда "салттуу" аялдын кесибине ээ болгусу келген эркек, мисалы маникюр мастери, бала бакчанын тарбиячысы, башталгыч класстын мугалими, бала багуучу же үй-бүлөнүн улгайган мүчөсүн багуучу, же үй кызматчысы коомчулуктун наарazычылыгын жаратат.

Бирок, моюнга алуу керек, эркектер гендердик ролдорду салттуу бөлүштүрүүгө сейрек каршы чыгышат, анткени бул аларга абдан ыңгайлуу. Изилдөөчүлөр мындай деп белгилешет: "Эмне десек да, алардын карамагында дүйнө байлыгынын арстандай үлүшү бар. Алар саясат жана экономика жаатындагы дээрлик бардык негизги чечимдерди көзөмөлдөйт"[6].

Кесиптик ишмердүүлүктөгү гендердик стереотиптер эркектерге көбүнчө инструменталдык иш-аракеттерди, техниканы, физикалык эмгекти, так илимдерди белгилейт. Кызматтык жана аткаруучулук иштер (билим берүү, социалдык чөйрө, саламаттыкты сактоо ж.б.) салттуу түрдө аялдарга жүктөлөт. Бул эмгек рыногунда сегрегация (бөлүштүрүү) деп аталган кесиптик ишмердүүлүктүн типтүү аялдын жана эркектин чөйрөлөрүнүн болушу менен бекемделет. Мындай сегрегация "айнек дубал" жана "айнек шып" деген аталышка ээ болгон.

"*Айнек шып*" же мындайча аталган эмгектин вертикалдуу сегрегациясы - бул аялдын кызматтык тепкичте көтөрүлүшүн чектеген көзгө көрүнбөгөн жана формалдуу түрдө аныкталбаган тоскоолдук[7]. Эркек кесиптештерине салыштырмалуу бирдей же жогору кесиптик деңгээлге ээ болгон аялдар карьералык өсүүдө көбүнчө аткаруучулардын деңгээлинде "токтошот" же эң жакшы учурда жетекчинин орун басарлары болуп калышат. Бул тоскоолдуктар аялдардын ролунун экинчи даражада болушу  жана алардын мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендиги жөнүндө терең гендердик стереотиптер менен шартталган[8].

Горизонталдуу эмгек сегрегациясы же "*айнек дубалдар*" – бул аялдардын карьералык өсүүсүн жана кирешени камсыз кылуучу кесиптердин жана иш-аракеттердин жеткиликтүүлүгү азыраак болгон учур. "Айнек дубалдар" аялдардын кирешеси азыраак тармактарда топтолушуна өбөлгө түзөт, финансылык жана

---

[5] 2004-жылдын 4 августунда бекитилген №106 КР Эмгек кодексинин 137-бер.

[6] Гендер для «чайников», с. 125

[7] http://a-z-gender.net/steklyannyj-potolok.html

[8] http://www.owl.ru/gender/202.htm

экономикалык ресурстардын жеткиликтүүлүгү азыраак болот, демек, күч түзүмдөрүнө мүмкүнчүлүк азыраак камсыз кылынат. Алсак, маданият, саламаттык сактоо же социалдык камсыздоо тармагында башкаруу жана каржы секторлоруна караганда карьералык перспективалар азыраак. Ошондуктан, “айнек дубалдар”" болгон учурда чектелген вертикалдык көтөрүлүү иш-аракеттин кесиптик чөйрөсүн тандоо менен алдын эле аныкталган[9].

Эркектер жогорку акы төлөнүүчү жумуштарда жана экономиканын тармактарында иштегендиктен же типтүү “аялдардын чөйрөсүндө” жогорку кызматтарды ээлегендиктен, аялдар менен эркектердин орточо айлык акылары да айырмаланат. Кыргыз Республикасында 2020-жылы аялдар үчүн бул көрсөткүч 15 078 сомду, ал эми эркектер үчүн 19 992 сомду түзгөн. Ошентип, аялдардын эмгек акысынын эркектерге карата катышы 75,4%ды түзөт[10].

Мындан тышкары, Кыргызстанда совет доорунан бери эмгек шарттары зыяндуу жана (же) кооптуу өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана кызматтардын тизмеси бар, мында аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган[11], бул аял менен эркек тандоодо бирдей эмес деген гендердик стереотипти гана бекемдейт жана эмгек чөйрөсүндөгү гендердик сегрегациялоо кырдаалын жаратат.

Аялдардын жана эркектердин саясатка/чечим кабыл алууга катышуусуна карата гендердик стереотиптер саясат аялдардын иши эмес деген түшүнүккө негизделген.

“Парламентаризмдин дүйнөлүк тажрыйбасы көрсөткөндөй, эгерде мыйзам чыгаруу органында 10% орунду аялдар ээлесе, анда бул балдарды коргоо боюнча мыйзамдарды кабыл алууну жеңилдетет. Эгерде орундардын 20-30%ын аялдар ээлесе, анда аялдардын кызыкчылыгын чагылдырган бардык программалар дээрлик тез жана натыйжалуу ишке ашат. БУУ бардык документтерде аялдардын катышуусусуз жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтмейинче социалдык, экономикалык жана башка көйгөйлөр коркунуч астында турган коомдо ишенимдүү чечимдерди табуу мүмкүн эмес деген катуу принципти карманышы бекеринен эмес”[12].

Парламенттеринде аялдардын өкүлчүлүгү кыйла жогору болгон өлкөлөр – Норвегия (41,4%), Швейцария (41,5%), Швеция (47%) адамдын өнүгүү индекси боюнча (тиешелүү түрдө биринчи, экинчи, сегизинчи орундарда турат) өлкөлөрдүн рейтингинин алдыңкы сабын ээлейт. Адамдын өнүгүү индекси адамдын өнүгүүсүнүн үч негизги өлчөмүндө жетишкендиктин орточо чоңдугун өлчөйт: ден соолук жана узак

---

[9] Шевченко, З. В. (Уклад.). (2016). Словник ґендерних термінів. Черкаси: видавець Чабаненко Ю. http://a-z-gender.net/steklyannye-steny.html

[10] http://stat.kg/media/publicationarchive/7d7c4d59-2b8f-44e0-86be-adee6e8c5e28.pdf С. 115

[11] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 24-мартындагы № 158 токтому

[12] https://studfile.net/preview/3299908/page:5/

өмүр, билим жана татыктуу жашоо деңгээли. Бул рейтингде Кыргыз Республикасы 185 өлкөнүн ичинен 122-орунда турат[13].

Кыргыз Республикасында аялдардын саясатка жана чечимдерди кабыл алууга катышуусунун деңгээли салттуу түрдө төмөн бойдон калууда. Өкүлчүлүктүн тең салмаксыздыгы мамлекеттик бийликтин бардык бутактарында (мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот) жана чечимдерди кабыл алуу чөйрөсүндө байкалат. Саясий кызматтардын деңгээлинде аялдардын үлүшү 2021-жылдын 1-январына карата 24,3%ды түздү[14].

Аялдын белгилүү бир жетекчилик кызматты ээлегени өз алдынча аялдардын кызыкчылыктары сакталаарына кепилдик боло албайт. Бирок, коомдо эркектердин жана аялдардын кызыкчылыктары ар дайым бар жана алар ар башка. Саясий чечимдерди кабыл алууда гендердик мамиле, биринчи кезекте, тигил же бул көрүнүштөрдүн эркектер менен аялдарга ар кандай таасир этип, алардын бирдей эмес реакциясын жаратышы мүмкүн экенин түшүнүү зарыл. Бийлик структураларындагы аялдар саясий маданиятка аялдардын да, эркектердин да кызыкчылыктарын коргоого жардам бере турган элементтерди киргизе алышат. Аялдар менен эркектердин саясаттагы өнөктөштүгү кыйла толук жана катышуучу демократиянын булагы болуп саналат.

## 1.3. Гендердик теңчилик "бирдейлик" дегенди билдиреби?

“Гендердик теңчилик” терминин кабыл алууда аялдар менен эркектердин “бирдей” болушу керектиги жөнүндө сөз болуп жаткандай сезилиши мүмкүн.

Албетте, эркек менен аял бирдей эмес жана эч качан бирдей болбойт. Жашы, маданияты, дини, расасы жана тажрыйбасынын айырмачылыгы коомубузга ар түрдүүлүктү алып келген сыяктуу эле, эркектер менен аялдардын ортосундагы айырмачылык да бул ар түрдүүлүккө чоң салым болуп саналат. Мындан тышкары, эркектер аялдардан айырмалангандай эле, аялдардын ар түрдүүлүгү, эркектердин да ар түрдүүлүгү бар.

Ошондуктан аялдарга эркектердикиндей мамиле жасоого кепилдик берүү жетишсиз. Ар кандай репродуктивдүү жүктөмдөрдүн пайда болушуна алып келген аялдар менен эркектердин ортосундагы биологиялык айырмачылыктарды эске алуу менен кээ бир учурларда аялдар менен эркектерге башкача мамиле кылууну камсыз кылуу зарыл. Аялдарга тең укуктуулукту камсыздоо керек жана бирдей натыйжаларга жетүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу алардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү керек.

---

[13] Дүйнөнүн парламенттеринде канча аял депутат бар https://ru.slovoidilo.ua/2020/02/12/infografika/politika/skolko-deputatov-zhenshhin-parlamentax-mira

2019-ж. Адамдын өнүгүүсү жөнүндө отчет http://hdr.undp.org/sites/default/files/hdr_2019_overview_-_russian.pdf

[14] Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер: 2016-2020. 69-б.

Ошондуктан азыркы дүйнөдө декларативдик эмес, иш жүзүндөгү тең укуктуулукка жетишүү үчүн мамлекеттер эл аралык укукта “убактылуу атайын чаралар” деп аталган чараларды көрүшкөн учурлар, тагыраак айтканда “позитивдүү аракеттер” түшүнүгү кеңири тараган. Аялдар менен эркектерге адилеттүү мамиле кылуу аялдар менен эркектердин бирдей кызматтарды ээлөөсүнө тоскоолдук кылган тарыхый жана социалдык кемчиликтердин ордун толтуруу үчүн ушундай чараларды талап кылат.

Кыргыз Республикасы 2010-жылы бул терминди Конституциясынын 16-беренесине киргизген жана аялдардын саясий өкүлчүлүгү жаатындагы өзгөчө чараларды активдүү колдонот. 2021-жылдагы конституциялык реформадан кийин бул жобо Конституциянын 24-беренесинде сакталып калган: “Эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кандай социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган жана мыйзамда белгиленген атайын чаралар басмырлоо болуп саналбайт”.

Ошентип, бүгүнкү күндө “формалдуу теңдик” менен “иш жүзүндөгү теңдиктин” ортосунда ачык-айкын айырма бар. Гендердик нейтралдуу мыйзамдар, саясаттар жана программалар өткөн дискриминациянын кесепеттерин байкабастан улантып коюшу мүмкүн. Алар эркектердин жашоо образдарынан моделделген болушу мүмкүн, ошондуктан аялдардын жашоо тажрыйбасынын эркектердикинен айырмаланган аспектилерин эске алышпайт. Гендердик нейтралдуу документтер жана саясат аялдар менен эркектердин ортосундагы физиологиялык жана гендердик айырмачылыктарды эске албайт, бирок иш жүзүндө аялдардын тең укуктуулук жолунда жашыруун тоскоолдуктарды жаратат.

Заманбап дүйнөдө гендердик теңчилик боюнча дискурс саясий күн тартибинин борборунда турат. Телевизордун экранынан жана башка массалык маалымат каражаттарында теңчилик жана “бирдейлик”, гендердик ролдордун өзгөрмөлүүлүгү жана “салттуу баалуулуктар” жөнүндө талкуулар активдүү чагылдырууда. Коомдун саясий жактан жетилгендигинин, толеранттуулук маданиятынын жайылышын, көп түрдүүлүктү урматтоосун ушул талкуулардын деңгээли жана сапаты боюнча баалоого болот.

Тилекке каршы, гендердик теңчиликтин концепциясынын мазмуну боюнча көптөгөн жоболору эл аралык деңгээлде иштелип чыккандыктан, Кыргызстанда бул тема алыскы көйгөй жана сырттан киргизилип жаткан сыяктуу сезилиши мүмкүн.

Мындай ой жүгүртүүгө риторикалык деңгээлде аялзатына болгон урмат-сый, кыздарга болгон камкордук, жалпы адилеттүүлүккө умтулуу Кыргызстандагы коомдук аң-сезимдин ажырагыс бөлүгү экендиги негиз болуп саналат. Советтик мурас да маанилүү, өлкөдө иштеген эненин келишимин бекем орнотуп, эмгек рыногуна активдүү катышып, мамлекет тарабынан аныкталган социалдык пакетти колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ошондуктан “бизде бул жагынан эч кандай көйгөй жок” деп көп жана үстүртөн ырасташат.



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу боюнча жетишилген айкын прогресске карабастан, дагы дэле көптөгөн көйгөйлөр бар. Ал эми аларды чечүү өлкөнүн жалпы өнүгүүсүнө салым кошо алат.

Көптөгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй:

• аялдын билим деңгээлинен ден соолуктун көрсөткүчтөрү жана балдарынын билим деңгээли түздөн-түз көз каранды.

• үй-бүлөдө ата-эне тең иштесе жана аялдын кирешеси жетиштүү болсо (башка учурларда үй-бүлө анын иштебегенин жакшы деп чечет), үй-бүлө бакубат болот, үй чарбасы бекем болот.

• аялдардын реалдуу саясий катышуусу жогору болгон өлкөлөрдө коррупциянын деңгээли төмөн.

Демек, гендердик теңчиликке жетишүүдөгү прогресс бүтүндөй өлкөнүн өнүгүшүнө, ал эми аялдар менен кыздардын укуктарын кеңейтүү ар бирибизге пайда алып келет.

Гендердик мамиленин милдеттерине эркектер менен аялдардын ортосундагы айырмачылыктарды тең кылуу эмес. Тескерисинче, бар болгон, анын ичинде репродуктивдүү айырмачылыктарды таануу жана эске алуу бирдей экономикалык, социалдык жана саясий мүмкүнчүлүктөрдү түзүү эки жыныстын тең өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө өбөлгө түзөт. Жыныстык тең укуктуулук алардын бири-бирине окшоштугун же идентүүлүгүн билдирбейт, ошондой эле бул теңчилик эркектерге мүнөздүү болгон шарттарды жана жашоо мүнөзүн норма катары белгилөө керек дегенди билдирбейт. Гендердик теңчилик – аялдар менен эркектердин ортосундагы окшоштуктарга жана айырмачылыктарга, алар ойногон түрдүү социалдык ролдорго коом тарабынан бирдей баа берүү.

Теңдик принциби айырмачылыктарга болгон укукту да камтый турганын түшүнүү керек, б.а. аялдардын жана эркектердин белгилүү бир социалдык класска таандыгы, саясий көз караштары, дини, этникалык тобу, расасы же сексуалдык ориентациясы менен байланышкан айырмалоочу белгилерин эске алуу зарылдыгын билдирген укук. Ошол эле учурда, бардык аялдар жана бардык эркектер бирдей эмес экенин, аялдардын топторунун ортосундагы айырмачылыктар аялдар менен эркектердин ортосундагы айырмачылыктардан алда канча көп болушу мүмкүн экенин түшүнүү абдан маанилүү. Бул жерде гендердик стереотиптерди колдонуу эмес, гендердик тенденциялар маанилүү.

Саясат жана коомдук-саясий түзүмдөр жашоо шарттарын моделдөөдө биринчи даражадагы ролду ойнойт жана ушуга байланыштуу көп учурда белгилүү бир жыныстын статусун сактоону жана кайра өндүрүүнү институтташтырат. Мамлекеттик программалар жана саясат теңсиздикти уланткан салттуу сексисттик мамилелерди деконструкциялоого жана андан баш тартууга багытталышы керек

### 1.4. «Маселенин тарыхы» кандай?

XXI кылымда аялдар менен эркектер миңдеген жылдар бою тең эмес болуп келген деген ой көпчүлүк үчүн кызыктай көрүнөт. Бул маселеде олуттуу жылыш XX кылымда гана болгон, анын башында аялдар добуш берүү укугуна ээ болгон. Жаңы Зеландия 1898-жылы аялдарга добуш берүү укугун берген дүйнөдөгү биринчи өлкө болгон, ал эми шайлануу укугу 1906-жылы Финляндияда берилген.

II дүйнөлүк согуштан кийинки мезгил адам укуктарынын дүйнөлүк системасынын калыптануу мезгили болуп калды. Ушул принциптерге негизделген заманбап дүйнөлүк түзүлүш Кыргыз Республикасы мүчө болгон Бириккен Улуттар Уюмунун алкагында калыптанган. 1945-жылы июнь айында Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына[15] кол коюлуп, анын преамбуласында “эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу” өнүгүүнүн эң маанилүүмаксаты катары жарыяланган. Адам укуктарынын жалпы декларациясы[16] бардык адамдардын негизги укуктары менен эркиндиктеринин биринчи эл аралык макулдашылган аныктамасын камтыйт. Жалпы декларациянын 1-беренесинде адам укуктары концепциясынын белгилүү кыскача мазмуну келтирилген: “Бардык адамдар эркин жана кадыр-баркы жана укуктары боюнча бирдей болуп төрөлөт”.

БУУ түзүлгөндөн бери аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу уюмдун негизги принциптери катары жарыяланган.

> “Биз, бириккен улуттар уюмунун элдери чечкиндүү түрдө, биздин жашообузда эки жолу адамзатка айтып бүткүс кайгы алып келген согуш балээсинен келечек муундарды куткаруу жана адамдын негизги укуктарына, адамдын кадыр-баркына жана баалуулугуна, эркектер менен аялдардын тең укуктуулугуна, чоң жана кичине мамлекеттердин тең укуктуулугуна ишенимди дагы бир жолу ырастайбыз…”
> Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын преамбуласы, 1945-жылдын 26-июну

Ошол эле учурда айрым өлкөлөрдүн прогрессин өлчөө адам укуктарынын концепциясына, анын ичинде социалдык маселелерди талдоодо гендердик мамилеге жана адамдын туруктуу өнүгүүсүнө негизделген.

1980-жылдары кээ бир өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдө жумушсуздук өсүп, социалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгү начарлап кеткендиктен, өнүгүү боюнча ойчулдар өлкөнүн өнүгүү деңгээлинин бирден-бир көрсөткүчү катары экономикалын өсүүсүнүн негиздүүлүгүнө шек санай баштапкан. Өсүү парадигмасында кирешелердин теңсиздиги, жумушсуздук жана коомдук кызматтардын, анын ичинде

---

[15] БУУнун Уставына 1945-жылдын 26-июнунда Сан-Францискодо кол коюлган, 1945-жылдын 24-октябрында күчүнө кирген.https://www.un.org/ru/charter-united-nations/index.html

[16] Адам укуктарынын жалпы декларациясы 1948-жылдын 10-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын үчүнчү сессиясында 217 A (III) резолюциясы менен кабыл алынган.https://www.un.org/ru/universal-declaration-human-rights/index.html

социалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгүндөгү теңсиздик сыяктуу өнүгүүнүн маанилүү аспектилери эске алынбай калган.

Мындай мамиле жакырчылык - кирешенин жоктугу деген пикирге шек келтирет жана адамдар экономиканын өндүрүмдүүлүгүнө негизги салым кошуунун маанилүүлүгүн төмөндөтпөстөн, өнүгүүнүн катышуучулары да, объектилери да экенин баса белгилейт.

Адамды өнүктүрүү концепциясы мүмкүнчүлүктөрдү жана негизги муктаждыктарга болгон мамилени айкалыштырат жана адамдардын өздөрү каалаган жашоону алып баруу жөндөмдүүлүгүнө жана алар үчүн болгон реалдуу варианттарды жакшыртууга көбүрөөк көңүл бурат. Адамды өнүктүрүү концепциясы экономикалык гүлдөп-өнүгүү адамдарга эркин жана бай жашоого жардам берсе, билим жана ден соолук жана башка фактылар менен бирге адамдар ээ болгон эркиндиктердин сапатына таасир этет деген идеянын айланасында түзүлгөн.

Теңдик үчүн кыймылга бул заманбап мамиленин өнүгүшү *формалдуу* (юридикалык) жана *иш жүзүндө* теңдикти камсыз кылуу этаптарынан өттү. Теңдиктин заманбап концепциясынын маңызы “натыйжанын теңдигин” таануу, б.а. бүгүнкү күндө тең укуктуулук концепциясы аялдар менен эркектерге ар кандай мамиле кылуу бирдей (тең) натыйжаларга жетүү үчүн зарыл экендигин, анткени жашоонун ар кандай шарттары бар же өткөндөгү басмырлоонун ордун толтуруу үчүн зарыл экенин тааныйт.

Ошентип, жалпы адам укуктарын бекитүүдөн кошумча укуктар концепциясына чейин эволюция болду (ак эмес расаларды, аялдарды, балдарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды жана азчылыктарды колдоо).

Тилекке каршы, “Бардык адамдар бирдей, бул Конституцияда чагылдырылган, бул жетиштүү” деген ырастоодо теңчиликти жөнөкөйлөштүрүлгөн түшүнүү чагылдырылган мамиле дагы да болсо кеңири жайылган. Бирок, бул ыкма XX кылымдын 70-жылдарына чейин гана активдүү колдонулуп келгендиктен, эскирген. Аялдардын укуктары боюнча бүгүнкү күндө БУУнун жана башка өнүгүп келе жаткан агенттиктердин алкагында кабыл алынган “кошумча укуктар” концепциясы салттуу коомдордун түзүмүндө аялдарга салыштырмалуу эркектердин артыкчылыктуу позициясы бар экендигин таанууга негизделген. Мындай институтташтырылган дискриминация мыйзамдарда, саясаттарда жана үрп-адаттарда көрүнүп турат, бул системалуу түрдө жоюлууга тийиш болгон теңсиздикке алып келет.

Мындай мамиле адам укуктарын *эл аралык коргоо* системасында чагылдырылган. Мисалы, БУУнун системасында гана гендердик теңчиликке жетишүүгө багытталган 100гө жакын документ бүгүнкү күндө кабыл алынган. Гендердик теңчиликти камсыз кылуу боюнча эл аралык ченемдерди иштеп чыгууда өзгөче

**БУУда гендердик теңчиликти жайылтуу**

**1945 – 1962** жылдары тең укуктуулуктун укуктук негиздерин камсыз кылуу

**1963 – 1975** “аялдар маселесин” социалдык-экономикалык өнүгүүгө киргизүү

**1976 – 1985** БУУнун Аялдар декадасы

**1986 – 1995** Гендерди күн тартибине коюу

**1996 – а.у.ч.** азыркы учур Пекин аракет платформасы жана Миң жылдыктын декларациясы



почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

маанилүү этаптар аялдардын абалы боюнча дүйнөлүк конференциялар болду.

Атап айтканда, аялдардын абалы боюнча III Дүйнөлүк конференцияда (Найроби, 1985-ж.) "теңчилик" түшүнүгү такталган: укуктардын теңдигине гана эмес, аялдар менен эркектердин мүмкүнчүлүктөрүнүн тең болушуна да умтулуу зарыл.

1995-жылы Пекинде өткөн аялдардын абалы боюнча IV Дүйнөлүк конференцияда "Паритеттик демократия" концепциясы иштелип чыккан. Пекин аракеттер платформасы коомдун бардык чөйрөлөрүндө 50 пайыздык тең салмактуулукка жетишүүнү көздөйт жана анын талдоосунда аялдардын чечимдерди кабыл алуу процессине толук катышуусун камсыздоого өзгөчө маани берилет.

Негизги өзгөрүү – көңүлдү теңсиздиктин структуралык негиздерине буруу зарылдыгын түшүнүү. Ошону менен бирге "Комплекстүү гендердик мамиле" иштелип чыккан: гендердик аспектти бардык мамлекеттик институттарга эффективдүү киргизүү, пландаштыруу жана чечимдерди кабыл алуу, социалдык чөйрөдө гендердик сегрегацияны четке кагуу боюнча милдеттенмелер.

Акыркы он жылдыкта *гендердик теңчиликке жетишүү боюнча саясат* өзгөрдү. БУУнун системасында биринчи болуп "Аялдар өнүгүүдө" (Women in Development) саясаты болгон, анда аялдар өнүгүү программаларынын социалдык бөлүгүнүн пассивдүү бенефициарлары катары каралып, аялдын репродуктивдүү функциясы олуттуу деп таанылган, ошондуктан негизги көңүл аялдардын энелер катары практикалык муктаждыктарын канааттандырууга бурулган. Тамактанууну жакшыртуу долбоорлору, үй-бүлөнү пландаштыруу жана гуманитардык жардамдын башка түрлөрү кеңири жайылган. Мындай мамиле менен аялдардын коомдогу баш ийүүчү абалы, эмгекти жана бийликти гендердик бөлүштүрүү маселелери көтөрүлгөн эмес, "Аялдар өнүгүүдө" саясаты орун алган гендердик теңсиздикти өзгөртүү милдетин койгон эмес.

Бул саясатты сындоо "Гендердик жана өнүгүү" саясатын иштеп чыгууга өбөлгө түздү, аны ишке ашыруу "Комплекстүү гендердик мамиле" жана "Аялдардын укуктарын кеңейтүү" ыкмаларын айкалыштырууну божомолдойт.

**Комплекстүү гендердик мамиле (Gender mainstreaming)**

• Гендердик теңчилик өнүгүүнүн эң маанилүү максаты жана шарты катары каралат

• Аялдар менен эркектердин ортосундагы мамилелер социалдык жактан түзүлгөн жана өзгөрүлмө катары таанылат

**Аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү (Women's empowerment):**

• Бийликке жетүү – аялдардын өнүгүүнүн тең укуктуу агенти болушунун зарыл шарты



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

• Ресурстарга жетүү аркылуу аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, алардын демилгелерин колдоо

## 1.5. " Комплекстүү гендердик мамиле" деген эмне?

Гендердик сезимтал пландоо, мамлекеттик органдарды жана программаларды ишке ашыруу, бюджетти түзүү, мониторинг жана баалоо экономикалык эффект берет, анткени активдүү аялдар менен эркектер биргелешип 100% өндүрүмдүү жумушчу күчтү камсыздайт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, гендердик дискриминация жакырчылыкты кайра жаратат, экономикалык өнүгүүнү жайлатат жана башкарууну алсыратат.

Гендердик интеграцияланган мамиленин негизги принциптери:

• Гендердик теңчиликке умтулуу жалгыз гана аялдардын эмес, коомдун бардык мүчөлөрүнүн милдети;

• Гендердик теңчиликти илгерилетүү баарына пайдалуу болот;

• Гендердик теңчиликке бардык өнүктүрүү программаларында жана программалык циклдин бардык этаптарында көңүл бурулушу керек;

• Олуттуу дисбаланс болгон учурларда теңсиздикти жоюу жана алардын коомдогу абалын жакшыртуу үчүн гендердик спецификалык чараларды көрүү зарыл.

• Практикалык да, стратегиялык да гендердик муктаждыктарга көңүл бурулушу керек.

Комплекстүү гендердик мамиле – мыйзамда, мамлекеттик саясатта, программалык жана бюджеттик иш-чараларда гендердик теңсиздикти кыскартууга багытталган системалуу иштерди жүргүзүү үчүн катышуучулар, бенефициарлар жана чечим кабыл алуучулар катары аялдар менен эркектерге бирдей мүмкүнчүлүктөрдү жана укуктарды берүүгө багытталган институционалдык стратегия. Бардык иш-аракеттерди иштеп чыгууда, ишке ашырууда, мониторинг жүргүзүүдө жана баалоодо конкреттүү кырдаал жана аялдардын жана эркектердин муктаждыктары эске алынышы керек. Саясатты иштеп чыгууга карата колдонулат - бул саясаттын таасири тийген аймактарда гендердик талдоо жүргүзүүнү билдирет.

Комплекстүү гендердик мамилени колдонуу кошумча күч-аракетти жана чыгымдарды талап кылбайт: гендердик талдоо саясатты иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун ар кандай этаптарында (изилдөө баскычында, кызыкдар тараптар менен консультациялар) колдонулушу мүмкүн. Бирок аны пландаштыруу баскычында колдонгон жакшы, анткени дал ушул этапта финансылык жана башка ресурстарды

> “Комплекстүү гендердик мамиле – бул ар кандай чөйрөдө жана бардык деңгээлдеги мыйзамдарды, саясаттарды жана программаларды камтыган ар кандай пландаштырылган иш-аракеттердин эркектерге жана аялдарга тийгизген таасирин баалоо жана талдоо процесси. Бул аялдар менен эркектердин бирдей жеңилдиктерди алуусу үчүн саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдөгү саясаттарды жана программаларды иштеп чыгуунун, ишке ашыруунун, мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун ажырагыс бөлүгү катары эркектер менен аялдардын муктаждыктарын жана тажрыйбасын эске алган стратегия.”

бөлүштүрүү боюнча чечимдер кабыл алынат. Саясатты ишке ашыруу баскычында конкреттүү иш-чаралар иштелип чыгат, бул этапты маанилүү кылат. Акырында, саясаттын азыркы гендердик мамилелерге тийгизген таасирин баалоо да маанилүү, анткени мындай талдоо жаңы саясатты иштеп чыгуу үчүн баштапкы чекит болушу мүмкүн. Саясатка жана процедураларга туруктуу мониторинг жүргүзүү жана тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле бардык кызыкдар тараптардын гендердик мамилени киргизүүгө умтулуусун камсыз кылуу маанилүү. Координациялоону камсыз кылуу да маанилүү.

Комплекстүү гендердик мамилени саясаттарга жана программаларга киргизүүдө үч маанилүү учурду эске алуу керек, атап айтканда:

- жогорку деңгээлде колдоо көрсөтүү;

- кызыкдар тараптардын катышуусу;

- колдоо механизми - каржылоо.

Комплекстүү гендердик мамиле саясатты башкаруу этабында гармониялуу түрдө киргизилиши жана үч этапты камтышы керек:

1. Тармактык маселелерге гендердик талдоо жүргүзүү.

2. Гендердик пландоо, бюджетти түзүү жана ишке ашыруу.

3. Гендердик мониторинг жана баалоо жүргүзүү.

# II бөлүм. Улуттук жана тармактык өнүктүрүү программаларында комплекстүү гендердик мамиле

## 2.1. "Натыйжага багытталган башкаруу" деген эмне?

Бул колдонмо адам укуктарын эске алуу менен "Натыйжага негизделген башкаруу" (Results Based Management, мындан ары - RBM) ыкмасын колдонуунун негизинде мамлекеттик кызматкерлердин өз ишмердүүлүгүн пландаштырууда, ишке ашырууда жана баалоодо потенциалын жогорулатууга багытталган.

Бул пландаштыруунун сапатын жогорулатууга жана конкреттүү натыйжаларга жетишүүгө багытталган башкаруу ыкмасы. Бул ыкма менен уюм анда кабыл алынган процедуралар, өнүмдөр жана кызматтар кызыкдар тараптар менен алдын ала пландаштырылган жана макулдашылган натыйжаларга жетишүүгө өбөлгө түзөт.

Бул ыкма Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу системасын реформалоо процессинде колдонулат. Тактап айтканда, бул ыкманын негизинде "Мамлекеттик стратегиялык документтерди иштеп чыгуу боюнча колдонмо"[17] жана "Туруктуу өнүгүүнү стратегиялык пландаштыруу методологиясы"[18] иштелип чыккан.

RBM төмөнкүлөрдү божомолдойт:

- натыйжаларга жетишүү үчүн мамлекеттик органдардын чоң жоопкерчилигин;
- тобокелдиктерди аныктоо жана башкаруу;
- изилдөөлөргө негизделген реалдуу күтүлгөн узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү өз ара байланыштуу натыйжаларды аныктоо;
- индикаторлорду колдонуу менен натыйжаларга жетишүүнү көзөмөлдөө;
- тартылган ресурстарды эсепке алуу;
- натыйжаларды баалоо жана алынган сабактарды талдоо.

Негизги баалуулук жана багыт, анын негизинде каалаган натыйжаларды аныктоо зарыл, бүгүнкү күндө ар кандай иш-аракетте адамдын өлчөөлөрүн эске алуу саналат. Мындай мамилени кабыл алуу бардык мамлекеттик программалар жана саясат адамдын кызыкчылыктарын жана потенциалын ишке ашырууга багытталгандыгын билдирет, бул бир катар принциптерди сактоону божомолдойт:

- **Теңчилик жана дискриминациялабоо:** Адам укуктары бардык адамдарга таандык, укуктары эң көп четке кагылган жана бузулган топторго жана инсандарга артыкчылык берилиши керек. Ошондуктан, аялдар пландаштырууда өзгөчө

[17] Мамлекеттик стратегиялык документтерди иштеп чыгуу боюнча колдонмо. – Бишкек, 2008. – 224-б.

[18] Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2015-жылдын 27февралындагы № 45 «Туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиялык пландоо боюнча методологияны жана Стратегиялык пландаштыруунун негиздерине ылайык мамлекеттик стратегиялык документтерди баалоо жана инвентаризациялоо боюнча методологияны бекитүү жөнүндө» буйругу http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/223520/10?cl=ky-kg&mode=tekst

максаттуу топ болушу керек, бирок бул топтун ичинде да калктын аялуу топторуна басым жасоо маанилүү.

- **Катышуу:** Мамлекеттик түзүмдөр эл үчүн иштейт. Тиешелүү түрдө программалоо аялдардын кызыкчылыктарын эске алууга жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталышы керек.
- **Жоопкерчилик:** Бул мамиле мамлекеттик бийлик органдарынын адам укуктары жаатындагы эл аралык келишимдер жана макулдашуулар боюнча өз милдеттерин аткаруусуна көмөктөшүүгө тийиш. Гендердик маселелерди илгерилетүүдө булар, биринчи кезекте, Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу боюнча БУУнун Конвенциясынын алкагында мезгил-мезгили менен отчеттуулукту жана Туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүдөгү прогресске баа берүүнү камтыйт.

Бул иш үч деңгээлде жүргүзүлүшү мүмкүн:

- Макродеңгээлде: мыйзамдарга жана саясаттын түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү.
- Мезо-деңгээлде: гендердик сезимталдыкты, маалымдуулугун жана жаңы ыкмаларды илгерилетүү үчүн мотивациясын жогорулатуу үчүн мамлекеттик кызматкерлердин потенциалын жогорулатуу, ошондой эле саясий күн тартибине аялдар уюмдарынын таасир этүү жөндөмүн жогорулатуу.
- Микродеңгээлде: жеке деңгээлде дискриминацияга жана стереотиптерге болгон мамилени өзгөртүү.

Мамлекеттик башкаруу системасындагы натыйжаларга негизделген башкаруунун принциптерин “саясатты башкаруу цикли катары сүрөттөсө болот, анын ар бир фазасы мурунку жана кийинки менен өз ара байланышкан (1-сүрөттү караңыз).

1-сүрөт. Саясатты башкаруу циклинин схемасы






«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

Башкаруунун ар бир элементи (курамдык бөлүгү) мамлекеттик саясаттын циклинде конкреттүү функцияны аткарышы керек, ал механизмдин өзүнүн туруктуулугун камсыз кылат. Ар кандай мамлекеттик саясат өзүнүн өнүгүүсүндө үч фазадан өтөт: иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана талдоо (1-таблицаны караңыз).

**1-таблица. Мамлекеттик саясаттын циклинин этаптары, фазалары**

| Фазалары | Этаптары |
|---|---|
| **Иштеп чыгуу** | 1. “Түшүнүк” же артыкчылыктарды аныктоо<br>2. Мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу |
| **Ишке ашыруу** | 3. “Макулдук алуу”, б.а. мыйзамдаштыруу<br>4. Ресурстарды бөлүү, бюджетти түзүү<br>5. Координациялоо жана контролдоо<br>6. Иш-чараларды аткаруу |
| **Талдоо** | 7. Мониторинг жүргүзүү<br>8. Баалоо |

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик башкаруу системасына карата колдонула турган саясатты башкаруу циклин төмөнкүчө чагылдырууга болот.

**Концепция**

Концепцияны аныктоо, артыкчылыктуу коомдук көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды мамлекеттик органдардын расмий саясатынын күн тартибине киргизүү этабы. Аны Кыргыз Республикасынын Президенти же улуттук деңгээлдеги коллегиалдуу консультативдик уюмдар - Улуттук кеңештер ишке ашырат. Гендердик маселелер боюнча - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Аялдар жана гендердик өнүктүрүү иштери боюнча улуттук кеңеш[19].

**Программаны иштеп чыгуу**

Саясатты иштеп чыгуу, эреже катары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин деңгээлинде жүзөгө ашырылат, ал бул функцияны мамлекеттик башкаруунун борбордук органдары катары тармактык министрликтерге өткөрүп берет. Бул этапта коомдук көйгөйдү чечүүнүн бир катар альтернативдүү варианттары каралат, алар токтомдор жана буйруктар түрүндөгү чечимдерди кабыл алуу процедуралары жана координациялоо механизмдери аркылуу тандалып, талкууланат.

**Легитимизация**

[19] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Аялдардын иштери жана гендердик өнүктүрүү боюнча улуттук кеңеш жөнүндө жобо: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/93602/30?cl=ky-kg&mode=tekst

Мыйзамдаштыруу же ресурстарды бөлүштүрүү менен расмий бекитүү Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (Парламенти) тарабынан расмий кароо процедураларды сактоо менен жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

**Координация**

Координациялоо чечимдерди ишке ашыруу менен катар жүзөгө ашырылат: борбордук деңгээлде - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан, жергиликтүү деңгээлде - жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда. Саясий көз караште координациялоо кеңири мааниде контролдоо, макулдашуу, өз ара аракеттенүү, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө катары түшүнүлөт.

**Мониторинг жана баалоо**

Мониторинг жана баалоо координациялык, көзөмөлдөөчү мамлекеттик органдар тарабынан да, коомчулук тарабынан да жүзөгө ашырылат. Бул этапта аткарылган чечимдин натыйжалары, жыйынтыктары максаттарга жетүүсү, чыгымдардын деңгээли жана бөлүнгөн ресурстардын адекваттуулугу боюнча бааланат.

**Саясатты башкаруу циклине жарандык коомдун катышуусу**

Гендердик өнүгүү маселелерин саясатка интеграциялоо процессинде көбүнчө жарандык коом демилгечи болуп саналат. Жарандык коомдун катышуусу саясатты иштеп чыгуу жана талдоо фазаларында консультациялык, ал эми мамлекеттик социалдык заказдын аткаруучусу катары ишке ашыруу фазасында - аткаруучу мүнөзгө ээ. Мониторинг жана баалоо саясатты талдоонун бир бөлүгү болуп саналат, ал эми социалдык кызматтарды көрсөтүү мамлекеттик социалдык заказдын алкагында жүзөгө ашырылат.

Концепцияны, артыкчылыктуу коомдук көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын расмий саясатынын күн тартибине киргизүү этабында бир топ иштер аткарылган. Бүтүндөй өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиялык курсун жана бир катар секторлордогу реформалардын багыттарын аныктаган негизги документтерде гендердик маселелерди илгерилетүү боюнча милдеттенмелер камтылган.

## 2.2. Учурдагы улуттук программаларда комплекстүү гендердик мамиле барбы?

Негизги саясий документтерге жана аларга карата иш-аракеттер пландарына гендердик мамилени киргизүү Пекин Иш-аракеттер платформасында иш жүзүндө теңчиликти натыйжалуу илгерилетүүнүн маанилүү шарты катары аныкталган.

**2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын** (ӨУС) натыйжаларынын бири болуп кыргызстандыктардын жашоо

сапатын жакшыртуу саналат. Ошол эле учурда “коомго, бизнеске жана тышкы инвесторлорго таасирдүү сигналдар катары: адам укуктарын коргоого, менчикти коргоого жана мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылууга багытталган Стратегиянын чараларын ишке ашыруу аныкталган. Улуттук стратегия эл аралык келишимдер жана демилгелер, анын ичинде Туруктуу өнүгүү максаттары менен тыгыз байланышта экендиги өзгөчө баса белгиленет. Көз карашты жана өнүгүү максаттарын түзүүдө адам борборго коюлган.

ӨУСта “Кыргызстанда аялдардын саясий, экономикалык жана коомдук турмушта чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде башкарууга толук жана бирдей катышуусу камсыз кылынган. Гендердик теңчиликке жетишүүгө жана аялдар менен эркектердин мүмкүнчүлүктөрүнүн ортосундагы дисбалансты жоюуга багытталган мамлекеттик программалар ишке ашырылууда”[20] деп белгиленген.

Кыргыз Республикасын 2018-2022-жылдары «Ишеним. Биримдик. Жаратмандык» өнүктүрүү программасында[21] бир катар өтмө артыкчылыктар – гендердик, экологиялык жана технологиялык өлчөөлөр аныкталган, алар программанын ар бир багытына интеграциялануугa тийиш. Өнүктүрүүнүн гендердик аспектинин өтмө мүнөзү (б.а. комплекстүү гендердик мамиле) ушундай деңгээлдеги мамлекеттик программалар үчүн биринчи жолу бул мамиленин маңызын түшүндүрүүнү камтыганы маанилүү:

**7.1. Өнүгүүнүн гендердик аспекти**

7.1.1. Аялдардын жана кыздардын толук кандуу катышуусун камсыз кылуусуз жана алардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтпей туруп аталган Программанын алкагында алдыга коюлган максаттарга жана милдеттерге жетүү мүмкүн эмес. Ошондуктан программанын гендердик өлчөмүн балоо милдеттүү кадамдардан болуп саналат.

7.1.2. Өтмө, баарын камтыган мүнөздөгү гендердик-багыт берүүчү саясат үчүн критерийлерди белгилөө керек. Бул критерийлер гендердик аспектилерди эске алуу, көйгөйлөрдү гендердик талдоо жана кабыл алынган чаралардын күтүлгөн таасирин жана гендердик-сезимтал индикаторлорду белгилөө аркылуу өнүгүүнүн бардык артыкчылыктуу багыттарын жана кабыл алынган чараларды маалымдоого тийиш.

7.1.3. Чечимдерди кабыл алууда гендердик тең салмактуулукту камсыз кылуу, тапшырылган багыттарды ишке ашырууга катышуу, гендердик дискриминациялоо үчүн өбөлгөлөрдү кыскартуу жана адамдык өнүгүүнүн бардык чөйрөлөрүндө мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү түпкү натыйжадан болуп саналат.

7.1.4. Эмгектенүүнүн тең укугуна, социалдык-экономикалык жыргалчылыкка, коомдук инфраструктураларга жана коопсуздуктун жана сот адилеттигинин инфраструктурасына бирдей деңгээлде жетүүнү кошуп алганда адамды баалоонун бардык параметрлери боюнча теңдикти камсыз кылуу жаатындагы кырдаалды өлчөмдүү жакшыртуу үчүн аракеттер көрүлөт.

[20] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/61542, 9-б.

[21] https://www.gov.kg/ru/programs/6, 4, 35-36-б.



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

Кыргыз Республикасында гендердик маселелерди илгерилетүү улуттук программаларды кабыл алуу аркылуу ишке ашырылат. Биринчи этаптарда (1996-2000-жылдары – "Аялзат" улуттук программасы[22], 2002-2006-жылдары – гендердик теңчиликке жетишүү боюнча биринчи улуттук иш-аракеттер планы (УИП)[23], 2007-2010-жылдары – экинчи улуттук иш-аракеттер планы кыска мөөнөттө иштелип чыккан. 2012-жылы Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегиясы[24] кабыл алынгандан кийин улуттук программаларды иштеп чыгуунун методологиясы[25] өзгөрдү.

Учурда 2022-2024-жылдарга улуттук иш-аракеттер планы менен бекемделген **2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүүнүн улуттук стратегиясы** иштелип чыккан. Анда Кыргыз Республикасында гендердик теңчилик маселеси актуалдуу бойдон калууда деп белгиленген. Бул өнүкпөгөн экономика же саясий туруксуздуктун кесепеттери гана эмес: бул жаатта көптөгөн эффективдүү чечимдер саясий эрктин жетишсиздигинен жана бийликтин өкүлдөрүнүн да, бүтүндөй өлкөнүн калкынын арасында да гендердик сезимталдыктын төмөн деңгээлинен улам кабыл алынбай жатат. Олуттуу жетишкендиктерге карабастан, аялдар менен эркектердин тең укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу бүгүнкү күндө жигердүү иштерди жана биринчи кезекте мамлекет тарабынан туруктуу көңүл бурууну талап кылат.

Гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча жарыяланган аракеттерге карабастан, аялдар дагы эле экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү бирдей пайдалана алышпайт. Аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Чындыгында, акыркы 10 жылдын ичинде алар начарлап кеткен. 2021-жылдын ноябрь айынын аягында өлкөдөгү биринчи "Кыргыз Республикасында аялдардын ишкердигин колдоо жана өнүктүрүү программасы" кабыл алынган.

Жалпысынан улуттук өнүктүрүү программаларында гендердик теңчилик идеясын колдоо үчүн бир катар жоболор камтылгандыгына карабастан, гендердик өлчөмдү эсепке алуу көп учурда үстүртөн болуп, илгерилетүү стратегияларын критикалык кайра карап чыгууга мүмкүндүк бербейт жана бюджеттик колдоого алынбайт, бул демилгелерди декларативдүү кылууда. Өнүктүрүүнүн улуттук жана тармактык программаларына комплекстүү гендердик мамилени сапаттуу интеграциялоо боюнча андан ары иштерди жүргүзүү зарыл.

---

[22] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/46430
[23] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/3675?cl=ky-kg
[24] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/12728

[25] Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2015-жылдын 27февралындагы № 45 «Туруктуу өнүктүрүүнүн стратегиялык пландоо боюнча методологияны жана Стратегиялык пландаштыруунун негиздерине ылайык мамлекеттик стратегиялык документтерди баалоо жана инвентаризациялоо боюнча методологияны бекитүү жөнүндө» буйругу http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/223520/10?cl=ky-kg&mode=tekst

### 2.3. Тармактык программаларды иштеп чыгуу процессине комплекстүү гендердик мамилени кантип киргизүү керек?

Туруктуу өнүгүү концепциясы биринчи кезекте адамдарга багытталган жана анын натыйжасында айлана-чөйрөгө жана келечек муундарга зыян келтирбестен адамдардын экономикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуу үчүн зарыл чаралар көрүлөт деп божомолдонот. Стратегияны же программаны иштеп чыгууда муну кантип камсыз кылуу керек?

Коом адамдардын ар кандай категорияларынан турат: аялдар жана эркектер; балдар, жаштар, улуулар жана карылар; дени сак жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер; ар кандай тилдерде сүйлөгөн жана башка улутка таандык болгон; шаарда жана айылда жашаган; ар кандай диний, саясий дүйнө таанымдарга ээ болгон ж.б. Бул, албетте, социалдык көп түрдүүлүк, стратегияны ишке ашыруунун оң натыйжалары бул топтордун абалына терс таасирин тийгизген эң актуалдуу көйгөйлөр ортосунда бирдей бөлүштүрүлө тургандай кылып өнүктүрүү стратегиясын/программасын иштеп чыгууда эске алынууга тийиш.

Комплекстүү гендердик мамиле “өтмө” мүнөзгө ээ, бул кайсы гана чөйрөдө болбосун: экономикада, социалдык өнүктүрүүдө, маданиятта, айлана-чөйрөнү коргоодо ж.б. аялдардын жана эркектердин муктаждыктарында жана мүмкүнчүлүктөрүндө объективдүү айырмачылыктар бар экендигин билдирет. Ушул же башка чаралар аялдардын жана эркектердин абалына ар кандай таасир этиши мүмкүн. Демек, кандайдыр бир маселени сапаттуу чечүү үчүн аларды ар кандай өңүттөн карап, конкреттүү гендердик аспектилерди бөлүп көрсөтүү зарыл.

Ошондуктан, учурдагы кырдаалды талдоо этабында көйгөйлөргө гендердик талдоо жүргүзүү зарыл. Бул үчүн ар кандай коомдук чөйрөлөрдө жылдар (3-5 жыл) боюнча динамика боюнча тиешелүү гендердик дезагрегацияланган статистиканы чогултуу зарыл. Бул статистика эмнени көрсөтө алат, аларды кантип туура чечмелеп, туура жыйынтык чыгарууга болот?

Төмөндө ар кандай коомдук чөйрөлөрдө туруктуу өнүгүүнүн негизги гендердик көрсөткүчтөрүн талдоо боюнча сунуштар келтирилген:

| Гендердик маселелерди аныктоо үчүн суроолор | Кандай статистиканы өздөштүрүү керек | Учурдагы тенденциялар жана мүмкүн болгон тыянактар | Саясий чараларга сунуштар |
|---|---|---|---|
| **Экономика чөйрөсүндө** | | | |



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

| | | | |
|---|---|---|---|
| Тиешелүү областагы/ райондогу аялдар менен эркектерди н экономика лык иш жүргүзүүгө бирдей мүмкүнчүл үктөрү барбы? | Аймактар боюнча аялдардын жана эркектердин экономикалык активдүүлүгүнүн деңгээли (%) | Эреже катары, аялдардын экономикалык активдүүлүгүнүн деңгээли эркектердикинен 20-30% төмөн, бул аялдардын экономикалык ишке тартылуу мүмкүнчүлүгү аз экенин көрсөтүп турат. | - аялдардын иш менен камсыз болушун жогорулатуу боюнча чаралар;<br>- аялдардын ишкердигин колдоо боюнча атайын чаралар, анын ичинде аялдарга өз бизнесин ачууга жана өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү (финансылык, техникалык ресурстардын жеткиликтүүлүгү, окутуу ж.б.);<br>- потенциалдуу өнөктөштөрдү тартуу менен жарманкелерди, форумдарды, аялдар бизнесинин товарларынын жана кызматтарынын көргөзмөлөрүн уюштуруу;<br>- жергиликтүү бийлик тарабынан аялдардын ишкердигине дем берүү |
| | Ишканалардын түрлөрү боюнча кызматкерлердин саны, жынысы жана аймагы боюнча (адам/%):<br>- чакан<br>- орто<br>- ири | Гендердик дисбаланс бар: ишканалардын кызматкерлеринин арасында аялдар эркектерге караганда бир нече эсе аз | |
| | Жетекчилердин саны:<br>- жынысы жана аймагы боюнча жеке менчик түрүндөгү чарбакер субъекттердин (адамдар/%);<br>- жынысы жана аймагы боюнча иштеп жаткан жеке ишкерлердин (адам/%);<br>- жынысы жана аймагы боюнча дыйкан (фермер) чарбаларынын (адамдар/%) | Республика боюнча жеке менчик түрүндөгү чарбалык субъектилердин жетекчилеринин, жеке ишкерлердин, дыйкан чарбаларынын жетекчилеринин арасында орточо эсеп менен аялдар 3 эсе аз, бул бир жагынан аялдардын бизнеске азыраак катышуусун, ал эми экинчи жагынан аялдардын лидерлик кызматтарды ээлөө мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендиги жөнүндө күбөлөндүрөт. | |
| Облусттагы /райондогу аялдар менен эркектерди н кирешелер и бирдейби? | Аялдардын эмгек акысынын эркектердин эмгек акысына болгон катышы (%) | Өлкөдө орточо эсеп менен эркектердин эмгек акысы аялдардыкына караганда 25% жогору, бул көбүнчө аялдардын аз акы төлөнүүчү тармактарда иштегендигине жана айлык акы жогору болгон | - кыздарды жогорку акы төлөнүүчү адистиктер боюнча билим алууга тартуу боюнча кесипке багыт берүү чаралары;<br>- фермер аялдарды заманбап, жогорку |
| | Экономикалык иштин түрлөрү жана аймактар боюнча аялдардын жана | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | эркектердин орточо эмгек акысы (сом/%) | жетекчилик кызматтарда аялдардын аз болушуна байланыштуу. | кирешелүү, энергияны үнөмдөөчү айыл чарба технологияларына окутуу программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, бул аларга киреше табууга жана энергиянын чыгымдарын кыскартууга (күн теплицалары, күн мештери ж.б.) мүмкүндүк берет.<br>- аялдар үчүн бирдей карьералык мүмкүнчүлүктөрдү жана жетекчилик кызматтарды ээлөөнү камсыз кылуу боюнча чаралар. |
| **Социалдык чөйрөдө** | | | |
| Аялдар менен эркектерге социалдык жеңилдиктердин жеткиликтүүлүгү бирдейби (ден соолук, билим берүү, жумуш, социалдык коргоо)? | Жашоонун узактыгы, жынысы боюнча (жыл)<br>Өлүмдүн себептеринин негизги класстары боюнча, жынысы боюнча өлүм (адамдар)<br>Оруулар, жынысы боюнча:<br>- кургак учук<br>- бруцеллез<br>- алкоголизм<br>- наркомания<br>- АИВ/КИЖС<br>- башкалар | Орто эсеп менен аялдардын өмүрүнүн узактыгы эркектердикинен 8 жылга жогору. Пенсияга чыккандан кийин заманбап аялдар дагы 21 жыл жашашы мүмкүн, ал эми эркектер 14 гана жыл жашашат. Өмүрдүн узактыгынын ажырымы жыныстар арасындагы өлүмдүн деңгээлиндеги айырмачылыктар менен байланыштуу: эркектердин өлүмү аялдардыкынан 1,5-1,6 эсе жогору. Эркектердин өлүмү көбүнчө социалдык-маданий | - гендердик стереотиптерди өзгөртүү боюнча калктын ар кандай топторунун (жаштар, чоңдор, карылар, иштегендер/жумушсуздар ж.б.) арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;<br>- ооруларды алдын алуу боюнча эркектер жана аялдар менен максаттуу иштерди иштеп чыгуу жана жүргүзүү; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | факторлор менен шартталган: гендердик стереотиптер эркектердин коркунучтуу жүрүм-турумун «актайт», анын натыйжасында эркектердин өлүмү тышкы себептерден (жол кырсыктары, жаракаттар, алкоголдук ичимдиктерге ууланyу, киши өлтүрүүлөр ж.б.) аялдардыкынан 4-5 эсе жогору. Мындан тышкары, эркектер туруктуу текшерилбейт жана дарыгерлерге кеч кайрылышат. | - аялдарды ишке орноштуруу боюнча атайын программаларды кабыл алуу;<br>- жогорку акы төлөнүүчү рынокто суроо-талапка ээ болгон кесиптерге аялдарды кайра окутуу;<br>- бала бакчалардын санын кеңейтүү жана аларды мектепке чейинки курактагы балдар менен камтуу;<br>- балдарды толук эмес күн багуунун жаңы моделдерин (жамааттык бала бакчалар ж.б.) киргизүү;<br>- жалгыз бой энелердин балдарын бала бакчаларга жайгаштырууда жөлөкпулдарды берүү; |
| | Үй чарба башчысынын жынысы боюнча жакырчылык деңгээли | Аялдар арасындагы жакырчылыктын жана жумушсуздуктун жогорку деңгээли иш менен камсыз кылуу жана жакырчылык менен күрөшүү боюнча көрүлүп жаткан чаралар жетишсиз экендигин жана конкреттүү гендердик мүнөздөмөлөрдү эске алуу менен кайра карап чыгууну талап кылат. | - аялдарды жумуш менен камсыз кылуу боюнча атайын программалар;<br>- аялдарды жогорку акы төлөнүүчү, рынокто суроо-талапка ээ болгон кесиптерге кайра окутуу;<br>- бала бакчалардын санын кеңейтүү жана мектепке |
| | Категориялар боюнча мамлекеттик жөлөкпул алуучулардын арасында аялдар менен эркектердин катышы:<br>- бир айлык пособие | | |



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

| | | | |
|---|---|---|---|
| | - социалдык пайда | Аялдарга жумуш табуу кыйыныраак, анткени аларда, мүмкүн болсо, үй-бүлөлүк милдеттерди (балдарга, үй-бүлөнүн улгайган мүчөлөрүнө кам көрүү, үй жумуштары) айкалыштыруу боюнча кошумча талаптар, ошондой эле ашыкча иштөөдөгү кыйынчылыктар, командировкаларга байланыштуу жумуштар бар.<br>Ошол эле учурда аялдардын жакырчылыгы балдардын жакырчылыгын бекемдейт. Тескерисинче, аялдарды киреше менен камсыз кылуу ден соолукту чыңдоо жана балдардын билим алуу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу сыяктуу социалдык позитивдүү эффекттерге алып келет, анткени аялдар өздөрүнүн тапкан кирешесинин 80%га жакынын ушул муктаждыктарга жумшашат. Демек, аялдардын жумушсуздугун азайтуу мамлекеттин инвестициясы болуп саналат, ал балдардын билимин жана ден соолугун чыңдоо менен көп эсе актайт. | чейинки курактагы балдарды камтуу;<br>- толук эмес күн балдарды багуунун жаңы моделдерин (жамааттык бала бакчалар ж.б.) киргизүү;<br>- жалгыз бой энелердин балдарын бала бакчаларга жайгаштырууда жөлөкпулдарды берүү. |
| | Расмий түрдө катталган жумушсуздардын ичинде курагы боюнча бөлүштүрүлгөн аялдар менен эркектердин катышы | | |
| Аялдардын жана | Энелердин жана балдардын | Эне менен баланын өлүмүнүн жогорку | - ар кандай топтор үчүн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| эркектердин репродуктивдик укуктары кандай ишке ашырылуу да? | өлүмүнүн коэффициенти<br>Анемия менен ооруган кош бойлуу аялдардын пайызы<br>Квалификациялуу медициналык персонал катышкан төрөттөрдүн үлүшү<br>Өспүрүмдөрдүн кош бойлуулук учурларынын саны<br>Репродуктивдик ден соолук боюнча адистердин болушу:<br>- гинекологдор<br>- андрологдор<br>- урологдор | көрсөткүчтөрү медициналык гана эмес, социалдык-экономикалык факторлор менен да шартталган: калктын ар кандай топторунун (кыздар жана балдар, репродуктивдик курактагы аялдар жана эркектер, айыл жана шаар жеринде, ж.б.) репродуктивдик ден соолук, үй-бүлөнү пландаштыруу, контрацепциянын коопсуз варианттары ж.б. маселелер боюнча маалыматтын жеткиликтүүлүгүнүн начардыгы. Гендердик көз караштардын жана стереотиптердин болушу (анын ичинде айыл жеринде жаш келиндердин статусунун төмөндүгү), сексуалдык тарбия темасынын тыюу салынгандыгы, андрологдордун (эркектердин репродуктивдик ден соолугу боюнча адистердин) жоктугу кырдаалды курчутат. | дифференциялангaн (кыздар, балдар, кыздар, уландар, никеде тургандар, балдары бар/балдары жок аялдар, эркектер ж.б.) репродуктивдик ден соолук, үй-бүлөнү пландаштыруу, жыныстык тарбиялоо боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;<br>- кош бойлуу аялдарды, жаңы төрөлгөн ымыркайларды жана балдарды тарбиялоодо эркектер жана аялдар үчүн окутуу программалары (эркектер менен аялдардын компетенттүү ата-эне болуу көндүмдөрүн жогорулатуу); |
| Ар кандай жыныстагы адамдардын билим алуу мүмкүнчүлүгү бирдейби? | Тиешелүү курактагы балдардын жалпы санында мектепке чейинки билим берүү уюмдарына барган эркек балдардын жана кыздардын саны<br>Катталган никеде турбаган аялдардан төрөлгөн балдардын саны | Балдардын мектепке чейинки уюмдар менен камтылышы баланын ата-энесинин ишке орношуусуна шарт түзүү менен бирге баланы окутууджана тарбиялоо, мектепке даярдоо үчүн да маанилүү.<br>Республикада балдардын орто эсеп менен 30%га жакыны никесиз үй-бүлөлөрдө | - бала бакчалардын санын кеңейтүү жана мектепке чейинки курактагы балдарды менен камтуу;<br>- толук эмес күн балдарды багуунун жаңы моделдерин (жамааттык бала бакчалар ж.б.) киргизүү; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана салыштырма салмагы (адам/%) | төрөлгөндүгүн эске алуу менен мектепке чейинки курактагы балдарды өз алдынча тарбиялаган аялдар үчүн балдарды бала бакчаларга жайгаштырууну колдоо боюнча кошумча чараларды көрүү зарыл, анткени алар чындыгында үй-бүлөнүн жалгыз багуучусу жана иштөөгө милдеттүү. | - жалгыз бой энелердин балдарын бала бакчаларга жайгаштырууда жөлөкпулдарды берүү; |
| | Окуу жылынын башталышында себептерин көрсөтүү менен мектепке барбай калган балдардын жана кыздардын саны:<br>- 1ден 4-класска чейин;<br>- 5-класстан 9-класска чейин.<br>Окуучулардын жынысы боюнча бүтүрүүлөрү жана окуучулардын жалпы санындагы салыштырма салмагы (адамдар) (%) область боюнча:<br>- негизги мектеп (9-класстар);<br>- орто мектеп (11 класс);<br>- орто кесиптик билим берүүнү уюштуруу;<br>- жогорку кесиптик билим берүүнү уюштуруу | Мектепке барбаган балдардын көйгөйү өтө терс кесепеттерге алып келет, анткени мектепти бүтпөгөн балдар кесиптик билим ала албай, чала сабат калктын катарын толуктайт. Алар өз кезегинде балдарына билим берүү мүмкүнчүлүгү төмөндөйт.<br>Кыздардын жана балдардын мектепке барбай калышынын жалпы себептери да (ата-энелердин жакырчылыгы ж.б.), ошондой эле конкреттүү себептери да бар: диний себептерден улам кыздарды мектепке жибербей койгон учурлар көбөйүп бара жатат; ал эми балдар эмгек рыногуна чыгууга мажбур болууда. | - жакыр үй-бүлөлөргө балдардын мектепке барышынын материалдык маселелерин чечүүдө жардам көрсөтүү (кийим-кече, окуу куралдары ж.б.);<br>- балдардын мектепке барбоосуна жана билим албоосуна чектөөлөрдү алдын алуу боюнча ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Аялдар менен эркектерди н башкарууга бирдей жетүү укугу бирдей даражада ишке ашырылаб ы? | Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын гендердик курамы | Аялдардын 4%дан азы саясий жана атайын муниципалдык кызматтарды ээлейт. Шаарлардын акимдери, мэрлери арасында аялдар дээрлик жок.<br>Эреже катары, кызмат канчалык жогору болсо, анда аялдар ошончолук азыраак иштейт.<br>Бул маалыматтар мансаптык өсүүдөгү мүмкүнчүлүктөрдүн бирдей эместигин жана аялдардын лидерлигине карата стереотиптердин болушуна жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы ишти үй-бүлөлүк милдеттер менен айкалыштыруу кыйынчылыгына байланыштуу кыйыр басмырлоонун бар экендигин далилдейт. | - аялдардын саясий лидерлигин колдоо боюнча атайын чараларды колдонуу (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын 20-мартындагы № 136 “Мамлекеттик органдардын жетекчилик кызматтарында аялдардын 30%дан кем эмесин камсыз кылуу жөнүндө” Жарлыгына ылайык);<br>- аялдардын саясий лидерлигин колдоо боюнча маалыматтык кампанияларды жүргүзүү (саясатчы аялдардын жергиликтүү өнүгүүгө кошкон салымын чагылдыруу); |
| | Мамлекеттик бийлик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеген кызматкерлердин саны жынысы, кызматы боюнча, райондор боюнча | | |
| | Мамлекеттик кызматчылардын жана муниципалдык кызматкерлердин жынысы жана кызмат орду боюнча саны:<br>- бардык кызматкерлер;<br>- административдик кызматтарда;<br>- саясий жана атайын кызматтарда; | | |
| Аялдардын жана эркектерди н дискримин ациядан жана гендердик зомбулукта н корголуу укугу кантип камсыз кылынат? | Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулук (сексуалдык зомбулук, сексуалдык асылуу, ала качуу, көп аял алуу, жашы жете электерди зордуктоо, адам сатуу, гендердик негизде эмгек укуктарын бузуу ж.б.) маселелери боюнча жынысы жана жашы боюнча бөлүштүрүлгөн | Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулук көп аял алуу, эрте, мажбурлап никеге туруу жана башка фактылардын жайылышынан байкалат. Ошол эле учурда зомбулуктан жапа чеккендерге жардам көрсөтүү боюнча мамлекеттик жана муниципалдык институттар тармагы дээрлик жок. | - зомбулукту, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу боюнча чаралар;<br>- жергиликтүү бюджеттерде зомбулуктан жапа чеккендерге жардам көрсөтүү үчүн адистештирилген мекемелерди (баш калкалоочу жайлар, кризистик борборлор ж.б.) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | кайрылуулардын саны:<br>- укук коргоо органдарына;<br>- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында;<br>- башка уюмдар (аксакалдар соттору, өкмөттүк эмес уюмдар, кризистик борборлор ж.б.) | 6. Кризистик борборлорго жана башка мекемелерге үй-бүлөлүк зомбулуктун ар кандай түрлөрүнөн жапа чеккендерден жыл сайын 7000ге жакын кайрылуулар келип түшөт. Жабыркагандардын көбү аялдар, балдар жана карылар.<br>Ошол эле учурда Ички иштер министрлигинин органдарында үй-бүлөлүк зомбулук фактылары 3 эсе аз катталган, бул жабырлануучулар тарабынан милицияга болгон ишенимдин төмөндүгүн айгинелейт. | каражаттарды бөлүү;<br>- ар бир айыл өкмөтүндө үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча комитеттерди түзүү, анын курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ички иштер органдарынын, билим берүү, социалдык коргоо, саламаттык сактоо органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн киргизүү. |
| | Жынысы жана жашы боюнча берилген убактылуу коргоо ордерлеринин жана соттук коргоо ордерлеринин саны; | | |
| | Зордук-зомбулуктан жапа чеккендерге, кароосуз калган балдарга, кризистик үй-бүлөлөргө жардам көрсөтүүчү социалдык кызматтардын (кризистик борборлор, баш калкалоочу жайлар ж.б.) болушу:<br>- мамлекеттик<br>- муниципалдык<br>- өкмөттүк эмес | | |
| **Экология, айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндө** | | | |
| Суу жана санитарияның, бул маселелерди башкаруунун жеткиликтү | Суу түтүктөрү жана канализациясы жок калктуу конуштардын саны | Таза суунун жеткиликтүүгү ден соолукка олуттуу таасирин тийгизет жана көбүнчө аялдар аткара турган үй жана репродуктивдик жумуштарга кеткен | - социалдык мекемелерди суу менен камсыздоо боюнча иш-чаралар;<br>- социалдык мекемелерди канализация менен |
| | Канализациясы жок социалдык билим берүү жана саламаттык сактоо | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| үлүгү камсыздалганбы? | мекемелеринин саны<br>. Жынысы жана аймагы боюнча курч ичеги-карын инфекцияларынын оорусу<br>. Суу пайдалануучулар ассоциациясынын (СПА) мүчөлөрүнүн, ошондой эле СПАлардын жетекчилеринин арасында аялдардын жана эркектердин саны | убакыттын көлөмүнө таасирин тийгизет.<br>Таза суунун жана санитариянын жетишсиздиги жугуштуу оорулардын, өзгөчө балдар арасында көбөйүшүнө алып келет.<br>Статистикалык маалыматтарга ылайык, эркектерде мите жана башка жугуштуу оорулардан өлүмдүн көрсөткүчү жогору. Бул биринчиден, стереотиптерге ылайык, эркектердин "ден соолугуна кам көрбөшү керек, анткени бул алсыздыктын көрсөткүчү" деген жаңылыш түшүнүктөрдүн жайылганы менен түшүндүрүлөт. Ошентип, эркектердин көбү медициналык жардамга абдан кеч кайрылышат[26].<br>СПАларда аялдардын саны 20% дан аз, ал эми жетекчиликте алардын саны дээрлик аз. Ошол эле учурда изилдөөлөрдүн жыйынтыгында аялдар жетектеген СПАлар өз иштерин сапаттуу жүргүзүп, ичүүчү суунун сапаты жана жеткиликтүүлүгүнө | камсыздоо боюнча иш-чаралар, анын ичинде жаңы коопсуз моделдерди колдонуу (мисалы, Экосан ажатканалары[27]);<br>- СПАларга аялдарды көбүрөөк тартуу боюнча чаралар;<br>- СПАлардын ийгиликтүү тажрыйбасын жайылтуу, анын ичинде башкарууда аялдардын санын көбөйтүү. |

[26] Чакан жана кичи ГЭСтердин Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттарынын социалдык жана гендердик өнүгүүсүнө аларды орнотуу пландаштырылган жерлерде потенциалдуу таасирин изилдөө. GEF, БУУӨП – Б.2010

[27] Экосан ажатканаларынын модели кеңири төмөндөгү басылмаларда баяндалган:
http://www.biom.kg/wp-content/uploads/2013/03/applied-sanitation.pdf
http://www.wecf.eu/download/2009/June/KyrgyzstanSanitationCaseStudyRussisch.pdf

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | көбүрөөк көңүл бурушкандыгы айтылууда. | |
| Жаратылыш жана энергетикалык ресурстардын жеткиликтүүлүгү камсыздалганбы? | .Жер ээлеринин арасында аялдар менен эркектердин саны | Жер ээлеринин басымдуу көпчүлүгү (84%) эркектер. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, респонденттердин 60%дан ашыгы кызы турмушка чыккандан кийин, кызына ага тиешелүү болгон жер үлүшүн беришпейт;11,7% - беришет; 2,5% жер үлүшүн бөлүү кызынын каалоосуна жараша болорун белгилешти; 1,7% жер үлүшү жер ээси тарабынан кызынын пайдасына сейрек ажыратылганын белгилешти. | - айыл жериндеги аялдардын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу (жерге укук) боюнча чаралар (мисалы, никени каттоодо мамлекеттик орган жер участогуна укуктарын түшүндүргөн, анын ичинде башка айылга көчкөн учурларда жер үлүшүн өткөрүп берүү жөнүндө маалымат баракчасын берүү) |
| | .Электр энергиясына жетүү, райондор боюнча | Начар жылытылган бөлмөлөрдө эркектерге караганда көп жашаган балдардын жана аялдардын ден соолугу начарлашы ыктымал. Мисалы: билим берүү уюмдарын электр энергиясы менен үзгүлтүктүү жана сапатсыз камсыздоо окуучулардын, ошондой эле мугалимдердин ден соолугун начарлатат, алардын арасында аялдар басымдуулук кылат.<br>Электр энергиясы менен камсыз кылуунун начардыгынан аялдар жана балдар көбүрөөк жабыр тартышат, бул тиричилик техникасын | - өзгөчө социалдык мекемелерди электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыздоо боюнча чараларды көрүү;<br>- калк арасында энергоэффективдүү технологияларды жана альтернативдик энергия булактарын (күн коллекторлору, күн мештери ж.б.), өзгөчө аялдар жетектеген толук эмес үй-бүлөлөр арасында окутуу жана жайылтуу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | колдонуу мүмкүнчүлүгүн чектейт жана үй чарбасында көбүрөөк күч-аракетти талап кылат. | |
| Коопсуз чөйрөгө бирдей мүмкүнчүлүк камсыздалабы? | . Дем алуу органдарынын оорулары, жынысы жана аймактары боюнча<br>. Зыяндуу шишиктердин пайда болушу жынысы, жашы жана аймагы боюнча<br>. Кан айлануу органдарынын оорулары, анын ичинде, жүрөк-кан тамыр оорулары, жынысы, жашы жана аймагы боюнча<br>. Аллергиянын ар кандай түрлөрү, жынысы, жашы жана аймагы боюнча оорулардын саны | Экологиянын бузулушунун натыйжасында кош бойлуу аялдар жана балдар коркунучта.<br>Статистика көрсөткөндөй, эркектер дем алуу органдарынын ооруларынан аялдарга караганда көбүрөөк өлүшөт, бул албетте, тамеки чегүү жана ден соолугуна зыян келтирүүчү эмгек шарттары менен өнөр жай өндүрүшүндө иштөө сыяктуу тобокелдик факторлор менен байланышкан.<br>Кыргызстанда жүрөк-кан тамыр оорулары өлүмдүн себептеринин арасында алдыңкы орунду ээлейт. Бул класс боюнча өлүмдүн негизги пайызы (90%дан ашыгы) курч миокард инфарктынан жана гипертониядан, анын ичинде климаттык таасирлерден (температуранын төмөндөшү жана көтөрүлүшү) шартталган. Климаттын өзгөрүшүнүн сценарийлери абанын температурасынын өзгөрүшүнө байланыштуу калктын дем алуу жана кан айлануу органдарынын | - курчап турган чөйрөнүн булганышын азайтуу боюнча иш-чаралар (аба, суу, топурак);<br>- курчап турган чөйрөнүн булгануусунан коргоонун жолдору боюнча калктын маалымдуулугун жогорулатуу боюнча чаралар. |



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | оорусунун көбөйүшүн божомолдойт. | |

Стратегиялык документте аныкталган гендердик маселелер өзүнчө максаттар катары аныкталышы мүмкүн (мисалы, экономика же социалдык өнүгүү бөлүмүндө) жана/же башка максаттарга конкреттүү чаралар катары киргизилиши мүмкүн.

Мисалы, аялдардын экономикалык активдүүлүгүнүн төмөн көрсөткүчтөрү маселеси боюнча экономика чөйрөсүндө артыкчылыктуу багыт боюнча аялдардын ишкердигин колдоо боюнча өзүнчө милдет түзүлүшү мүмкүн. Дагы бир вариант: аялдардын ишкердигин колдоо чаралары “Региондогу чакан жана орто бизнести колдоо” милдети боюнча иш-чаралардын комплексине киргизилиши мүмкүн. Эң негизгиси, аныкталган гендердик көйгөйлөргө карат конкреттүү саясий чараларды аныктоо.

Гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен региондук деңгээлде туруктуу өнүктүрүү стратегиясын/программасын ишке ашыруунун бир нече күтүлгөн натыйжаларын жана индикаторлорун түзүү сунушталат.

Мисалы, конкреттүү гендердик индикаторлорду аныктоого болот: “*эне/бала өлүмүнүн деңгээлинин төмөндөшү”, “анемия менен ооруган кош бойлуу аялдардын үлүшүнүн кыскарышы”, “милиция тарабынан катталган үй-бүлөлүк зомбулук фактыларынын санынын калктын кризистик борборлорго жана башка адистештирилген мекемелерге кайрылууларынын санына карата 2 эсе азайышы*”.

Ошондой эле гендердик көз караш боюнча экономиканын, социалдык өнүгүүнүн жана экологиянын артыкчылыктары боюнча көрсөткүчтөр жана күтүлгөн натыйжалар такталышы мүмкүн. Төмөндөгү таблицада мындай аныктоолордун мисалдары көрсөтүлгөн:

| **Гендердик аспектсиз индикатордун күтүлгөн натыйжасын түзүү** | **Күтүлгөн натыйжаны, индикаторду гендердик сезимтал ыкма менен түзүү** |
|---|---|
| Жашоонун узактыгын 70 жашка чейин жогорулатуу | Аялдардын жашоо узактыгынын 74,1ден 75,6 жашка, эркектердики 66,1ден 67,8 жашка чейин жогорулатуу |
| Жумушсуздуктун деңгээлин 8,4%дан 7,7%га төмөндөтүү | Аялдар арасында жумушсуздуктун деңгээлин 8,9%дан 6,0%га, эркектер арасында 5,5%дан 4,2%га чейин төмөндөтүү |
| Чакан ишканалардын оборотунун үлүшүн (уюмдардын жалпы оборотунан) 25%га чейин көбөйтүү | Чакан ишканалардын оборотунун үлүшүн (уюмдардын жалпы оборотунан) 25%га чейин көбөйтүү, анын ичинде жеке менчик чарбалык субъекттердин жетекчилеринин арасында аялдардын санын 10%га көбөйтүү. |
| Үй-бүлөлөрдүн адам башына кирешелеринин деңгээлин 20%дан кем эмес жогорулатуу; | Үй-бүлөлөрдүн адам башына кирешелеринин деңгээлин 20%дан кем эмес жогорулатуу, анын ичинде жалгыз бой үй-бүлөлөрдүн, биринчи |

| | |
|---|---|
| | кезекте, аялдардын кирешесин 25%дан кем эмес көбөйтүү; |

"Бизде гендердик саясатка кошумча каражат жок" деген пикирлер бар, анткени ал жерде андан манилүү жакырчылыкты кыскартуу, экономиканы көтөрүү ж.б. ушул сыяктуу маселелер бар, бирок гендердик маселелердин чечилбей жаткандыгы бүгүнкү күндө мамлекет тарабынан олуттуу чыгымдарга алып келүүдө. Гендердик теңсиздик эмгек өндүрүмдүүлүгүн жоготууга, медициналык кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талаптын өсүшүнө, социалдык программаларга жана укук коргоо органдарынын чыгымдарынын өсүшүнө алып келери аныкталган.

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан келтирилген жоготуулар:**

- Чилиде ички дүң продуктунун 2%,
- 1,6% - Никарагуада,
- 1-3% (ар кандай жылдарда) - Канадада
- Кыргызстанда үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун натыйжасында адам өлтүрүү фактысы боюнча ар бир учурда мамлекетке **1,6 миллион сомдон** ашык чыгым келтирилет.

Экинчи жагынан, гендердик аспектилерди эске алуу мамлекеттик реформалардын социалдык оң натыйжасын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Ошентип, стратегиялык документти иштеп чыгууда гендердик аспектилерди эске алуу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:

- √ көйгөйлөрдү адамдардын муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына карата көлөмдө жана ар кандай өңүттө кароо, б.а. сандардын жана сөздөрдүн артында адамдар көрүнүп калат;
- √ экономика, социалдык өнүгүү жана экология чөйрөсүндөгү эң актуалдуу гендердик маселелерди жана/же маселелердин гендердик спецификасын аныктоо;
- √ белгилүү бир гендердик маселелер боюнча эң "көйгөйлүү" темаларды аныктоо;
- √ конкреттүү максаттуу топторду (аялдардын жана эркектердин арасында) аныктоо жана бул топторго басым жасоо менен көйгөйлөрдү чечүү боюнча чараларды белгилөө;
- √ аялдардын жана эркектердин ар кандай топтору үчүн мүмкүн болуучу оң же терс кесепеттерди эске алуу;
- √ күтүлгөн гендердик өлчөнүүчү натыйжаларды жана индикаторлорду түзүү;
- √ көбүрөөк даректүүлүктүн (аялдардын жана эркектердин конкреттүү максаттуу топторун аныктоо) жана саясий чараларды деталдуу көрсөтүүнүн эсебинен чыгымдарды натыйжалуураак пландаштыруу жана аткарылган иш-чаралардын оң натыйжаларын жогорулатуу.

## 2.4. Комплекстүү гендердик мамилени тармактык программаларга киргизүүнүн этаптары кандай?

**1-этап. Көйгөйдү гендердик талдоо**

Гендердик мамилелер жашоонун бардык чөйрөлөрүн камтыйт, бул ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндө гендердик талдоо жүргүзүүнү талап кылат.

Социалдык-гендердик талдоо – адамдардын – пландалган иш-аракеттердин натыйжаларын алуучулардын катышуусу менен интерактивдүү методдорду колдонуу менен социалдык жана гендердик талдоо ыкмаларын айкалыштыруу аракети. Катышуу деп адамдардын көйгөйлөрдү талдоо, чечимдерди кабыл алуу, ресурстарды көзөмөлдөө процессине активдүү катышуусу, алардын маанисин бекемдөө, коомдун активдүү субъекти катары өзүнө болгон ишеними түшүнүлөт.

Гендердик талдоо – коомдун жана мамлекеттин бардык чөйрөлөрүндө колдонулуп жаткан же сунушталып жаткан программалардын, мыйзамдардын, мамлекеттик саясаттын аялдарга жана эркектерге ар кандай таасирин баалоо процесси. Гендердик талдоо ошондой эле сапаттуу маалыматтарды чогултуу жана экономикадагы жана коомдогу гендердик тенденцияларды түшүнүү, бул билимди потенциалдуу көйгөйлөрдү аныктоо жана күнүмдүк иште чечүү жолдорун табуу үчүн колдонуу. Ошону менен бирге ал коомдук процесстерди түшүнүүнүн куралы болуп саналат. Ал көрүп, салыштырууга мүмкүндүк берет: саясий, экономикалык, социалдык жана башка факторлор аялдар менен эркектерге кандайча жана эмне үчүн ар кандай таасир этет.

Гендердик талдоонун милдети - тараптардын биринин позициясын алдыга жылдырууга же алсыратууга жардам берүүдө эмес, ал эки жыныс үчүн кандай кесепеттер болсо, аларды толугу менен ачып берүү. Жалпысынан гендердик талдоо универсалдуу социалдык-экономикалык талдоонун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Жыныстык айырмачылыктарды эске алуу менен иштелип чыккан социалдык-экономикалык маалыматтар, мисалы, эркектердин орточо кирешеси аялдарга караганда жогору экенин, ал эми аялдар өздөрүнүн социалдык ролдору менен репродуктивдик функцияларынын натыйжасында начар абалда экендигин, ошондой эле алардын жетишсиздигин, ошондой эле коомдо адекваттуу эмес баалоону көрсөтүүдө. Эркектер социалдык-экономикалык жактан начар абалда калган учурларда (мисалы, эркектердин эрте өлүмү), гендердик талдоо дагы мындай фактыларды баса белгилейт.

Гендердик талдоо ар бир адам, жынысына карабастан, саясаттар, программалар жана мыйзамдар бирдей таасир этет деген ырастоого шек келтирет. Мындай түшүнүк гендердик нейтралдуу саясатка туура келет.

| Гендердик көз караш боюнча саясаттын түрлөрү |
| --- |
| **Гендердик калыс эмес саясат:** аялдарга же эркектерге карата дискриминациялык мүнөздөгү саясат; |

**Гендердик сокур саясат:** саясатты иштеп чыгууга жооптуу болгон адамдардын гендердик фактордун маанилүүлүгүн эске албагандыгынын натыйжасы болгон саясат;

**Гендердик нейтралдуу саясат:** эркектер менен аялдардын ортосундагы тең укуктуулук принцибин де-юре бекиткен саясат, бирок бул саясатты иш жүзүндө ишке ашыруу кээде аял-эмгек мигранттарынын абалына терс таасирин тийгизиши мүмкүн;

**Гендердик сезимтал саясат:** жогоруда аталган үч түрдөн айырмаланып, эмгектин гендердик бөлүштүрүлүшүн аныктоочу негизги факторлорду талдоо, ошондой эле эркектер менен аялдардын мүмкүнчүлүктөрүнүн, укуктарынын жана милдеттеринин теңдигине жетишүүгө көмөк көрсөтүү үчүн аялдарга багытталган чараларды иштеп чыгууга багытталган.

Негизинен мындай саясат аялдар менен эркектердин, ошондой эле аялдардын жана эркектердин өзгөчө топторунун (мисалы, айылдагы аялдар, майыптар) ар кандай физикалык, социалдык, экономикалык өзгөчөлүктөрүн жана турмуштук тажрыйбасын эске албайт. Анткени тең укуктуулук — бул жүргүзүлүп жаткан саясий курстун позитивдүү натыйжаларына жетүү үчүн жынысына карабастан бардык адамдардын бирдей мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылууну билдирет.

Гендердик талдоо ролдорду жана ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүгө системалуу баа берүүнү, эркектер менен аялдардын ресурстарын жана мүмкүнчүлүктөрүн көзөмөлдөөнү, ошондой эле алардын ортосундагы иш жүктөмүн бөлүштүрүүнү камтыйт. Ал программалар менен саясаттын жалпысынан эркектер менен аялдарга жана гендердик мамилелерге тийгизген дифференциалдуу таасирин аныктоого багытталган. Гендердик баа берүүнүн натыйжалары саясатта жана административдик процедураларда формалдуу жана институционалдык түрдө чагылдырылышы керек.

Гендердик талдоо эки этапка бөлүнөт:

**Алдын ала баалоо**. Бул этапта саясаттын пландаштырылган иш-чараларында гендердик көз караш эске алынганы же алынбагандыгы такталат. Зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгү бар болгондо алдын ала баалоону чечимди кабыл алуунун баштапкы этабында жүргүзүү эң ыңгайлуу.

**Баалоонун негизги этабы**. Бул этапта баалоо үчүн эмпирикалык маалыматтар талап кылынат. Белгилүү бир маселени чечүүгө багытталган мамлекеттик программаны гендердик талдоо төмөнкүлөрдү аныктоого жардам берет:

- Аялдар менен эркектер көйгөйдү кантип “башынан өткөрүшөт”?
- Бул көйгөй аялдар менен эркектердин абалына кандай таасирин тийгизет?
- Белгиленген гендердик ролдор көйгөйгө кандай таасир этет?
- Бул көйгөйлүү кырдаалда аялдар жана эркектер кандай стратегияларды колдонушат?
- Көйгөй гендердик теңсиздикти күчөтөбү?



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

Бул суроолорго болжолдоолорду жасоо жана мамлекеттик кызматкерлердин жеке тажрыйбасына таянуу менен жооп берүү мүмкүн эмес, көбүнчө бул тажрыйба мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуучулар, өзгөчө калктын аялуу катмарынын өкүлдөрү менен түз өз ара аракеттенүүнү камтыбайт.

Андыктан атайын жер-жерлерде изилдөөлөрдү жүргүзүп, тартылган топтор менен консультацияларды өткөрүү зарыл. Кээ бир учурларда мындай консультацияларды жынысы, жашаган жери, жашы жана башка өзгөчөлүктөрү боюнча бөлүнгөн топтордо өткөрүү талап кылыныш мүмкүн.

Коюлган суроолорго толук жооп алган учурда көйгөйгө гендердик мүнөздөмө берип, максаттуу топтордун өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот.

Көйгөйдү аныктоо стадиясында иштелип жаткан долбоор, программа, саясат башка "гендердик эффектке" ээ эмес экенин таануу азгырыгы пайда болушу мүмкүн. Чындыгында тигил же бул чаранын гендердик өзгөчөлүгү дайыма эле так көрүнбөйт. Бирок, ал азыр көрүнбөсө, кийинчерээк пайда болушу мүмкүн экенин эстен чыгарбоо керек. Ушуга байланыштуу белгилүү бир функцияга ээ болгон гендердик индикаторлорго өзгөчө маани берилет - убакыттын өтүшү менен гендердик абалга карата коомдогу өзгөрүүлөрдү аныктоо.

Индикаторлордун маанилүүлүгү алардын убакыттын өтүшү менен аялдардын жана эркектердин статусунун жана ролунун өзгөрүшүн көрсөтүү жөндөмдүүлүгү менен шартталат жана ошентип гендердик теңчиликтин максатына жетип жатканын өлчөй алат. Индикаторлорду жана башка тиешелүү баалоо методологияларын колдонуу натыйжаларга кантип жетишилгенин жакшыраак түшүнүүгө өбөлгө түзөрүн эске алуу менен гендердик сезимтал индикаторлорду колдонуу келечекте программаны натыйжалуу пландаштырууга жана ишке ашырууга көмөктөшөт.

Демек, көйгөйдү гендердик талдоо бир нече милдеттүү элементтерди камтышы керек:

- актуалдуу маселе боюнча дээрлик толук статистикалык маалыматтарды чогултуу.
- эмгекти бөлүштүрүүнүн өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле ресурстарга жана пайдаларга жетүү даражасын аныктоо жана аларды контролдоо.
- эркектер менен аялдардын практикалык муктаждыктарын, чектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүү.
- көйгөй менен иштөөгө тийиш болгон адамдардын потенциалын баалоо (мисалы, министрлик кызматкерлеринин көйгөй боюнча билим деңгээли).
- башка тараптар менен болгон кырдаалга сереп салуу (маселени чечүүгө таасир этүүчү башка мамлекеттик органдар, жарандык коом уюмдары (мисалы, уюмдардын өнүгүү даражасы, каржылоо деңгээли, тармактарды түзүү мүмкүнчүлүгү жана зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн лоббирлөөгө катышуу).

## 2-этап. Саясатты пландаштыруу жана ишке ашыруу

Программалык иш-чараларды гендердик талдоо төмөнкүлөрдү божомолдойт:

• Максаттар, милдеттер, максаттуу топтор, индикаторлор гендердик аспектилерди эске алуу менен аныкталган;

• Аялдардын жана эркектердин спецификалык муктаждыктарын жана тиешелүү түрдө ар кандай максаттуу топтор аныкталган;

• Аялдардын репродуктивдик ролу эске алынган;

• Гендердик стереотиптер жана орун алган эмгек жана бийликтин бөлүштүрүлүшү эске алынган;

• Иш-чаралар бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылууну божомолдойт жана гендердик теңсиздикти азайтууга өбөлгө түзөт.

Көйгөйдү талдоодо аныкталган гендердик аспектилер программанын/долбоордун стратегиялык максаттарында жана милдеттеринде чагылдырылышы керек. Бул үчүн стратегиялардын жана долбоорлордун “гендердик сокурлугун” оңдоого багытталган *оңдоп-түзөөчү максаттарды* жана стратегиялык саясат же долбоор аркылуу гендердик теңчиликке жетүү боюнча кеңири милдеттенмелерди кабыл алууга байланышкан трансформациялык максаттарды аныктоо зарыл. Кээ бир максаттар бир эле учурда түзөтүүчү жана трансформациялык болуусу мүмкүн экенин эстен чыгарбоо керек.

Көптөгөн стратегиялык саясаттарда максаттар “гендердик сезимталдуу эмес”, б.а. аларды иштеп чыгууда эркектер менен аялдардын муктаждыктары көп учурда ар кандай экени эске алынбайт. Ошентип, түзөтүүчү максаттар эркектердин да, аялдардын да көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган. Эгерде эркектер же аялдар белгилүү бир демилгелердин натыйжасында утулуп калса, анда долбоордун/стратегиянын максаты бул кырдаалды өзгөртүүнүн жолдорун аныктоо болушу керек.

Мисалы, АИВке чалдыккан аялдардын саны ошондой эле дартка чалдыккан эркектерге караганда тез өсүп жатса, аялдардын көйгөйлөрүн эркектердин көйгөйлөрүнөн өзүнчө чечпеген АИВке каршы кандай гана долбоор болбосун же саясат натыйжалуу болбойт. Мында максаттар “түзөтүүчү” болуп саналат, анткени алар эркектердин да, аялдардын да муктаждыктарына жана талаптарына көңүл буруу аркылуу гендердик сокурдукту түзөтөт.

Стратегиялык максаттар гендердик теңчиликти кеңири түшүнүү көз карашынан каралышы керек. Бул маселенин өзөгүн аныктаган институционалдык түзүмдөрдүн айрым элементтери же негизги принциптери чындыгында эркектер менен аялдардын тең укуктуулугуна тоскоол болушу мүмкүн. Эгерде, мисалы, АИВ-инфекциясын алдын алуу чаралары аялдардын көйгөйлөрүн адекваттуу түрдө чечпесе, учурдагы маданий нормалар же институционалдык түзүмдөр бул аялдардын алдын алуу



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

иш-чараларына катышуусуна иш жүзүндө тоскоол болушу мүмкүн. Бул учурда тоскоолдуктарды эске алуу менен максатты кеңейтүү керек. Башкача айтканда, максат аялдардын маселелерине түздөн-түз көңүл буруу гана болбостон, эркектер менен аялдар сексуалдык ден соолугуна кам көрө тургандай кылып чөйрөнү да өзгөртүү керек.

Ошентип, трансформациялык максаттар гендердик теңчиликке тезирээк жетүү үчүн түзүмдөрдү жана институттарды (социалдык, саясий, экономикалык, маданий жана башкалар) өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Акыр-аягы, бул кеңири максаттар маселенин формулировкасы такталгандан жана конкреттүү иш-аракеттерди иштеп чыгууга даяр болгондон кийин конкреттүү милдеттер болуп түзүлөт. Бул этапта долбоордун иш-аракеттеринин эркек жана аял бенефициарларына тийгизген таасирин аныктоо үчүн гендердик индикаторлорду карап чыгуу жана камсыз кылуу зарыл.

Комплекстүү гендердик мамилени ишке ашыруу министрликте так түзүлгөн гендердик саясаттын, мыйзамдык алкактын, министрликтин өзүндө, башка мамлекеттик органдарда жана жарандык коомдо эксперттик потенциалдын жана механизмдердин болушу сыяктуу, алардын өз ара аракеттенүүсү үчүн, гендердик максаттар үчүн жетиштүү бюджеттик каражаттардын болушунан, институционалдык шарттардын өнүгүү деңгээлинен да көз каранды. Гендердик теңчилик жаатында тажрыйба топтогон уюмдардын тармактарын өнүктүрүү чоң мааниге ээ.

Саясатты ишке ашырууда долбоордун бардык иш-чараларында өкүлчүлүктүн гендердик тең салмактуулугун жана аялдардын өз пикирин билдирүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу зарыл. Төмөндө сунуштар берилген, аларды аткаруу шарттарды аткарууга мүмкүндүк берет:

- Ишке ашырылып жаткан программаларда аялдардын *катышуусун* жогорулатуу;
- Программалык циклдин бардык этаптарында *чечимдерди кабыл алуу* деңгээлинде аялдардын *өкүлчүлүгүн* камсыз кылуу (эреже катары, жыныстык катыш 40 пайыздан 60 пайызга чейин өзгөрүшү керек, антпесе азчылыктын үнү чындап угулат жана алардын абалы эске алынган деп күтүү кыйын);
- Иш-чаралардын жана иш-аракеттердин туруктуу гендердик бөлүнгөн статистикасын жүргүзүү, гендердик бөлүнгөн маалыматтарга жана аткарылган иш-чаралар боюнча отчетторго гендердик таасирлердин талдоосун киргизүү;
- Программалык иш-чараларда аялдар көп иштеген секторлорго, ошондой эле эң жакыр жана аялуу үй чарбаларына көңүл буруу зарыл;
- Максаттуу топторго, анын ичинде аялдарга, алардын экономикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жолу менен күрөшүүнүн альтернативдүү стратегияларын сунуштоого дем берүү;
- Долбоордук иш-чараларды даярдоодо жана ишке ашырууда аялдардын репродуктивдик жүгүн жана төлөнбөгөн үй жумуштарын эске алуу.



**«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси.** эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

Гендердик сезимтал максаттарды жана милдеттерди коюу, аялдардын адекваттуу катышуусун жана алардын иш-чараларга катышуусун камсыз кылуу гендердик маселелерди программага киргизүүнү камсыз кылат. Ошондой эле долбоордук документте гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук документтерге, ошондой эле тиешелүү министрликтердин жана ведомстволордун иш-аракеттер пландарына шилтеме жасоо маанилүү.

Өлкөдө гендердик теңчиликти илгерилетүү үчүн жооптуу мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери, эл аралык, аялдар жана жарандык коомдун гендердик уюмдары менен консультациялар аялдардын жана эркектердин көйгөйлөрү жана муктаждыктары белгиленген саясаттын чегинде туура чечилишине ынанууга мүмкүндүк берет.

Долбоордун дизайны иштелип чыккандан кийин гендердик аспектилерди эске алуу боюнча дагы бир жолу талдоо жүргүзүү керек, бул үчүн долбоордук же стратегиялык документтерди иштеп чыгууда гендердик мамилени киргизүүнү камсыз кылуу үчүн төмөндө берилген контролдук суроолордун тизмесин колдонсо болот:

- **Негиздеме:** Даярдоо материалдарында гендердик аспектилер чагылдырылганбы? Кырдаалды талдоодогу бардык маалыматтар жынысы боюнча бөлүштүрүлгөнбү? Гендердик мамилени же гендердик теңчиликти киргизүүнүн пайдасына ынадыруучу аргументтер барбы?
- **Максаттар:** Сунушталган иш-чаралардын максаттары эркектердин да, аялдардын да кызыкчылыктарын чагылдырабы? Максатка жетүү менен гендердик дисбаланс эркектер менен аялдардын практикалык муктаждыктарын чечүү жолу менен оңдолот деп божомолдонуудабы? Гендердик теңсиздиктин тамырлашына өбөлгө түзгөн институттарды трансформациялоо максаты коюлуудабы?
- **Максаттуу топтор:** Гендердик теңчиликке жетүү үчүн түзөтүүчү чаралар катары эркектерге же аялдарга багытталган иш-чаралардан тышкары бенефициарлардын балансы барбы?
- **Иш-чаралар:** Эркектер да, аялдар да пландаштырылган иш-чараларга катышабы? Гендердик аспектти эске алуу үчүн кандайдыр бир кошумча иш-чараларды (мисалы, гендердик маселелер боюнча окутуу, кошумча изилдөөлөр ж.б.) караштыруунун зарылдыгы барбы?
- **Индикаторлор:** Максатка жетүүгө жараша прогрессти өлчөө үчүн көрсөткүчтөр иштелип чыктыбы? Бул көрсөткүчтөр ар бир максаттын гендердик аспектин өлчөй алабы? Көрсөткүчтөр гендер боюнча бөлүнгөнбү? Иш-чараларда гендердик тең салмактуулукту камсыз кылуу үчүн максаттар түзүлдүбү (мисалы, эркек жана аял катышуучулар үчүн атайын квоталар)?
- **Ишке ашыруу:** Пландаштырылган иш-чараларды ким ишке ашырат? Иш-чараларды ишке ашыруунун бардык этаптарында гендердик теңчилик

идеясын киргизүү үчүн өнөктөштөр гендердик мамилени ишке ашыруу менен байланышкан маселелер боюнча окуудан өтүштүбү? Аялдар менен эркектер канчалык деңгээлде иш-чараларга катышат?

- **Мониторинг жана баалоо:** Баалоо жана мониторинг стратегиясына гендердик мамиле киргизилгенби? Мониторинг процесси жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардын мазмунуна жана уюштуруу бөлүгүнө жайылтылабы?
- **Тобокелдиктер:** Коомдогу гендердик ролдор жана мамилелер жалпысынан потенциалдуу тобокелдик катары каралабы (мисалы, тигил же бул жыныстын өкүлүнүн толук кандуу катышуусуна тоскоол боло турган стереотиптер же түзүмдүк тоскоолдуктар)? Жүргүзүлгөн иш-чаралардын мүмкүн болуучу терс таасирлери эске алындыбы (мисалы, аялдар үчүн жумуш жүктөмүнүн көбөйүшү же эркектер үчүн социалдык четтетилиши мүмкүнбү?)
- **Бюджет:** Каржылык салымдар пландаштырылган иш-чаралардын эркектерге жана аялдарга бирдей оң таасири боюнча баалaндыбы? Бюджетте гендердик маалымдуулукту жогорулатуу боюнча окутуу жана кыска мөөнөттүү негизде гендердик эксперттерди колдонуу зарылчылыгы чагылдырылганбы?
- **Тиркемелер:** Башка изилдөөлөр (же алардан үзүндүлөр) тиркемелер катары киргизилгенби (айрыкча каралып жаткан көйгөйдүн гендердик аспектилерин негиздөө үчүн)?
- **Өз ара аракеттенүү стратегиясы:** Коомчулуктун ар кандай топтору менен гендердик көз караштa иш-аракеттердин жүрүшү жана жетишилген натыйжалар жөнүндө маалымат берүү үчүн өз ара аракеттенүү стратегиясы иштелип чыктыбы?

**3-этап. Гендердик мониторинг жана баалоо**

Мониторинг гендердик мамилени киргизүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Мониторингдин эки деңгээли бар: долбоордун *таасирине* жана коюлган максаттарга, милдеттерге жетишкендигине мониторинг жүргүзүү; аткаруу *процессине* мониторинг жүргүзүү.

Өнүктүрүү иш-чараларынын гендердик таасирин талдоо төмөнкү аспектилерди камтыйт:

• Долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында аялдардын жана эркектердин абалынын өзгөрүшүнө мониторинг жүргүзүү: гендердик теңсиздиктин кыскарышы же анын бекемделиши байкалды;

• Долбоордун артыкчылыктары жана мүмкүнчүлүктөрү аялдар менен эркектер арасында канчалык тең бөлүштүрүлгөн;

• Долбоордун гендердик өлчөмүн жана гендердик таасирин баалоону отчеттуулук чагылдырабы.

Ишке ашыруу процессине мониторинг жүргүзүүдө көрсөткүчтөр процесстин өзү канчалык деңгээлде гендердик көз караашта экенине байкоо жүргүзүшү керек. Процесске мониторинг жүргүзүү долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндөгү тоскоолдуктарды жана боштуктарды аныктоого жана токтоосуз түрдө тийиштүү чараларды көрүүгө, кийинки кадамдарды жакшыртууга, пайда болгон кыйынчылыктарды оңдоого мүмкүндүк берет. Долбоорду ишке ашыруу процессине мониторинг жүргүзүүдө көңүл бурула турган маселелер:

• Чечилип жаткан көйгөйгө гендердик талдоо жүргүзүлдүбү жана аныкталган гендердик аспектилер максаттарда, милдеттерде жана долбоордук иш-чараларда кандайча эске алынды?

• Аялдар менен эркектер долбоордун чечимдерин кабыл алуу процессине бирдей катышабы?

• Жетекчилер, ишке ашыруучулар жана бенефициарлар катары эркектер менен аялдарга бирдей мамиле жасалабы?

• Гендердик аспектти эске алуу үчүн туруктуу стимулдар барбы (гендердик теория боюнча билимин өркүндөтүү жана гендердик маселелерди колдоо атмосферасында талкуулоо мүмкүнчүлүктөрү)?

• Гендердик максаттар үчүн пландаштырылган каржылоо жетиштүүбү? Бул бөлүнгөн каражаттар өз максатына жумшалдыбы?

• Мониторинг жана баалоо үчүн адекваттуу индикаторлор каралганбы?

Аткаруу мониторингинин пландары иштелип чыгып, расмий документке киргизилиши керек. Бул пландар төмөндөгүлөрдү так аныктоого тийиш:

• Мониторингге ким жооп берет;

• Мониторинг процессине башка кызыкдар тараптар (мисалы, гендердик эксперттер) кантип тартылат;

• Мониторинг качан жүргүзүлөт?

• Жасалган байкоолор кантип жазылат;

• Долбоордун жүрүшүн баалоо үчүн кандай механизмдер колдонулат (орто аралык сереептер, максаттуу топтор, эксперттер менен жолугушуулар ж.б.).

Максаттарга жетишүүдөгү прогресс тиешелүү көрсөткүчтөр менен өлчөнөт. Көрсөткүчтөр натыйжалуу болот, эгерде алар:

• динамикалуу жана убакыттын өтүшү менен салыштырылуучу болсо – бир гана жолу өлчөнгөн көрсөткүчтөр долбоордун өнүгүшүнө баа берүүгө мүмкүндүк бербейт;

• башка өлкөлөр, региондор же максаттуу аудиториялар менен салыштырылуучу – натыйжаларды сандык же сапаттык жактан салыштыруу мүмкүнчүлүгүнүн болушу зарыл;

• так – тышкы факторлор минималдуу таасир эте турган көрсөткүчтөрдү аныктоо зарыл;

• репрезентативдик – баалоо ар кандай топторго (жынысы, жашы, социалдык абалы, улуту, жашаган жери ж.б.у.с.) карата жалпылоолорду жасоого мүмкүндүк берүүчү маалыматтардын жетиштүү көлөмүнүн негизинде жүргүзүлөт.

Индикаторлорду сапаттык жана сандык деп бөлүүгө болот - бул жалпы маанилер жана/же маалыматтардын пайызы жана белгилүү бир көрүнүштүн пайда болуу жыштыгы. Алар орточо статистикалык натыйжаларды же максатка жетүүнүн даражасын көрсөтүү үчүн колдонулат. Көрсөткүчтөрдүн мүмкүн болгон булактары:

• коомдук угуулар, фокус-группалар, интервьюлар;

• социологиялык изилдөөлөр, калкты каттоонун маалыматтары, эмгек рыногундагы иштердин абалы боюнча серептер, административдик булактардан алынган маалыматтар, калкты максаттуу социологиялык изилдөөлөр ж.б.

Долбоорду аяктагандан кийин гендердик баалоо ийгиликтүү тажрыйбаны жана долбоорду ишке ашыруудан алынган сабактарды бекемдөө үчүн маанилүү. Баалоонун эки түрү бар:

- *Өзүн-өзү* баалоо саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн жооптуу мамлекеттик түзүмдөрдүн жетекчилери жана администраторлору тарабынан жүргүзүлөт. Ал жумуш ордунда окутууга жана ички алдыңкы тажрыйбаларды аныктоого көмөктөшөт.

- *Тышкы баалоо* “сырттан” пикир алууга мүмкүндүк берет. Ал конкреттүү иш-аракеттерди жана саясатты ишке ашыруунун натыйжаларын дээрлик объективдүү көрсөтөт.

## III бөлүм. Мыйзамдардын гендердик экспертизасы

Бейөкмөт уюмдар лоббирлөө жана тармактык мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү процессинде мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенишет. Бул процесстин ажырагыс бөлүгү болуп мыйзамдарга гендердик экспертиза жүргүзүү зарылчылыгы саналат.

Бөлүмдө келтирилген мыйзамдардын гендердик экспертизасынын жыйынтыктарынын мисалдары формалдуу эмес жана объективдүү талдоо менен гендердик өлчөм экономиканын ар кандай тармактарында жана секторлорунда, социалдык чөйрөдө жана коомдук турмушта бар экенин, демек тармактардын жана секторлордун ар биринин жөнгө салуучу мыйзамдык базасын реформалоодо эске алынышы зарыл экенин билдирет. Бейөкмөт уюмдар жоопкерчиликти алып, сапаттуу экспертизаны жайылтуу үчүн иштей алышат.

### 3.1. Эмне үчүн мыйзамдардын гендердик экспертизасы жүргүзүлөт?

2003-жылы “Гендердик теңчиликти камсыз кылуунун мамлекеттик кепилдиктеринин негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2008-жылы анын “Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” жаңы редакциясы кабыл алынган, анда гендердик теңчиликти камсыздоо механизмдери жана бийлик органдарынын жоопкерчилиги аныкталган.

“Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорунун гендердик экспертизасы” мыйзамынын 29-беренесинде гендердик экспертиза улуттук мыйзамдарды мыйзам тарабынан белгиленген тартипте күчүнө кирген гендердик, теңчилик жаатында эл аралык келишимдердин ченемдерине ылайык келтирүү жана иштелип жаткан долбоорлордо гендердик теңчиликти бузуу фактыларын болтурбоо, адамдын жашоо турмушунун саясий, социалдык, экономикалык, эмгектик, маданий жана башка жаатында ар башка жыныстагы адамдарга бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтүү принциптеринин сакталышы, аялдарды жана эркектерди жыныстык белгиси боюнча басмырлоодон коргоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана башка ченемдик укуктук актыларында (ЧУА) жана алардын долбоорлорунда, гендердик теңчиликти бузуунун фактыларын изилдөө жана айкындоо максатында жүргүзүлөрү белгиленген.

Мыйзамга ылайык гендердик экспертиза мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом уюмдары тарабынан жүзөгө ашырылат, ал эми аны жүргүзүүнүн тартиби өзүнчө ЧУА менен белгиленет.

Кийинчерээк “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын[28] 20-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө”[29] мыйзамдын 47-беренесине өзгөртүүлөр киргизилген, аларга ылайык, бардык мыйзам долбоорлору бир катар илимий экспертизалардан, анын ичинде гендердик экспертизадан өтүшү керек.

Ошондой эле атайын “Мыйзам актыларын экспертизалоонун стандарттары” иштелип чыккан. Бул гендердик экспертиза жүргүзүүнүн методологиясы[30] мыйзам долбоорунун жоболорун улуттук мыйзамдардын жана Кыргыз Республикасы кошулган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине ылайык келтирүү процедурасын жүргүзүүнү камтыйт.

Ошентип, мыйзамдардын гендердик экспертизасын жүргүзүүнүн укуктук негизи болуп төмөнкүлөр саналат:

---

[28] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202591

[29] http://www.kenesh.kg/ru/article/show/14/reglament-zhogorku-kenesha-kirgizskoy-respubliki

[30] Мыйзамдарды экспертизалоонун стандарттары: Пайдалануу боюнча колдонмо. 2-басылыш /КР Жогорку Кеңеши, Европа Биримдиги, БУУӨП. – Б.: 2012. – 124-б.

1. 2021-жылдын 11-апрелинде референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы мыйзамы менен күчүнө кирген;
2. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1979-жылдын 18-декабрындагы 34/180 резолюциясы менен кабыл алынган Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенциясы; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1996-жылдын 6-мартындагы П № 257-1 "1979-жылдын 18-декабрындагы Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенцияга кошулуу жөнүндө" токтому (1981 ж. 3-сентябрдан тартып күчүнө кирген)";
3. Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 4-августундагы № 184 "Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" мыйзамы;
4. "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлундагы № 241 мыйзамы;
5. "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде мыйзам долбоорлоруна адистештирилген экспертизалардын айрым түрлөрүн өткөрүүнүн стандарты" (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2008-жылдын 18-январындагы № 75-IV токтому менен бекитилген);
6. Ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна гендердик экспертиза жүргүзүүнүн жана тиешелүү корутундуларды даярдоонун тартиби жөнүндө жобо (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 5-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген).

Жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна сунушталган бардык мыйзамдарга гендердик экспертизанын жыйынтыгы боюнча Эксперттик корутундулар тиркелүүгө тийиш. Эксперттик корутундунун формасы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин сайтында[31] жайгаштырылган.

Адистештирилген гендердик экспертизанын максаты - укуктардын, милдеттердин, жоопкерчиликтердин, мүмкүнчүлүктөрдүн, эркектер менен аялдардын бирдей өнөктөштүк жана бирдей натыйжаларды сактоо, гендердик басмырлоого жол бербөө боюнча Мыйзамдын жоболоруна баалоо.

## 3.2. Мыйзамдардын гендердик экспертизасын жүргүзүүнүн методологиясы кандай?

Экспертиза Стандарттардын 3.3.7. пунктунда камтылган алгоритм боюнча жүргүзүлөт жана бир нече этаптан турат:

- Мыйзам долбоорунун жоболорунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана гендердик теңчилик маселелерин жөнгө салуучу

[31] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/94185

башка ченемдик укуктук актылардын ченемдерине ылайыктыгына талдоо жүргүзүү;

- Мыйзам долбоорунун жоболорунун Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине ылайыктыгына талдоо жүргүзүү;
- Мыйзам долбоорунда колдонулган терминдерди жана түшүнүктөрдү пайдалануунун тууралыгын текшерүү;
- Кандай гендердик маанилүү жоболор бар экендигин же гендердик аспектилерди эсепке алуу мүмкүнчүлүктөрү жок экендигин аныктоо; Гендердик тең салмактуулукту камсыз кылуу жана гендердик басмырлоого жол бербөө максатында Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгын изилдөө;
- Гендердик экспертизанын жыйынтыгы боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Мыйзамдардын гендердик экспертизасын жүргүзүү тартиби мыйзамдуу түрдө бекитилген жана тиешелүү ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу аркылуу институтташтырылганына карабастан, практика көрсөткөндөй, ал көп учурда формалдуу мүнөзгө ээ. Мыйзам чыгаруу демилгелерин илгерилетүүчү мамлекеттик түзүмдөр бир катар объективдүү жана субъективдүү себептерден улам аны иш жүзүндө аткарбай, “сунушталган мыйзам долбоору гендердик кесепеттерге алып келбейт” деген формалдуу билдирүү менен чектелиши салтка айланган.

2021-жылдын 5-майында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясынын күчүнө кириши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жаңы фундаменталдык мыйзамга ылайык келтирүүгө жана мыйзамдарды толуктоого багытталган кеңири масштабдагы мыйзамдарды инвентаризациялоонун башталышына түрткү болду[32].

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын инвентаризациялоонун критерийлерине жана методологиясына[33] негизинде жүргүзүлгөн талдоонун жана баалоонун жыйынтыгы боюнча 300дөн[34] ашык мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү зарыл деген чечим кабыл алынган.

Бул процесстин алкагында көпчүлүк мыйзам долбоорлору гендердик талдоодон өткөн. Кийинки бөлүмдө Кыргыз Республикасынын бир катар мыйзам

---

[32] Инвентаризация Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №26 «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын инвентаризациялоо жөнүндө» жарлыгынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 10-мартындагы №55-б буйругунун негизинде жүргүзүлүүдө.

[33] Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 2021-жылдын 15-апрелиндеги № 57 буйругу менен бекитилген

[34] https://drive.google.com/file/d/1Tt7zxScz1mbsLkiV48E02pySVJtB9mkX/view



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

долбоорлоруна гендердик экспертизанын жыйынтыгы боюнча Эксперттик корутундулардын аналитикалык жана оперативдүү бөлүктөрүнүн бир нече мисалдары келтирилген. Гендердик экспертизаны жүргүзүүнүн жалпы укуктук базасын жана методологиясын баяндоону камтыган Эксперттик корутундулардын киришүү бөлүктөрү универсалдуу болуп саналат, ошондуктан убакытты үнөмдөө максатында алар бул колдонмого киргизилген эмес.

### 3.3. Эксперттердин корутундуларынын мисалдары

#### *Кыргыз Республикасынын «Жарандык коргонуу жөнүндө» Мыйзамы*

Кыргыз Республикасынын "Жарандык коргонуу жөнүндө" мыйзамынын долбооруна гендердик экспертизанын жыйынтыгы боюнча эксперттик корутунду колдонуудагы мыйзамда гендердик сезимтал жоболор камтылгандыгынын сейрек кезедшүүчү мисалы болуп саналат. Ал эми мыйзамдарды инвентаризациялоо процессинде киргизилген өзгөртүүлөрдүн маңызы:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-январындагы № 58 токтому менен кабыл алынган "2018-2030-жылдары Кыргыз Республикасынын калкын жана аймагын өзгөчө кырдаалдардан комплекстүү коргоо концепциясына" ылайык келтирүү;

- Жарандык коргонуу жаатындагы дүйнөлүк өнүгүү тенденцияларын жана Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуунун мамлекеттик системасынын ишинин мыйзамдык базасын жакшыртуу;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин ыйгарым укуктары, Жарандык коргонуу жаатындагы адистерди даярдоо, Жарандык коргонуу жаатындагы окуу жайлардын милдеттери, өзгөчө кырдаалдарды жоюу максатында Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүн, башка аскерлерин жана аскердик түзүлүштөрүн тартуу жөнүндө жаңы беренелерди киргизүү;

- "Негизги түшүнүктөр" бөлүмүн төмөнкүдөй терминдер менен толуктоо: Өзгөчө кырдаалдар, ири масштабдуу өзгөчө кырдаалдар, Жарандык коргонуунун мамлекеттик системасынын атайын подсистемасы, өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу, Жарандык коргонуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик контролдоо жана көзөмөл, комплекттөө планы, Жарандык коргонуу боюнча окуу-консультативдик борбору;

- министрликтердин, ведомстволордун, уюмдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Жарандык коргонуу боюнча кадрларды даярдоо жаатындагы милдеттерин толуктоо;

- Жарандык коргонуунун мамлекеттик системасынын иштөө режими жагынан жетекчилердин ыйгарым укуктарын кеңейтүү;



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

- кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук платформасынын функцияларын жана ролун толуктоо.

Гендердик экспертиза жүргүзүүнүн методологиясына ылайык эксперттик корутундунун 1-бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын “Жарандык коргонуу жөнүндө” ыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзамдын долбоорунун айрым жоболору **Кыргыз Республикасынын Конституциясынын** жана гендердик теңчилик маселелерин жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актыларынын ченемдерине ылайык келүүсүнө талдоо камтылган.

Алсак, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинде “Кыргыз Республикасында өзгөчө абал, өзгөчө кырдаал жана согуш абалы Конституцияда жана мыйзамдарда каралган учурларда жана тартипте киргизилет” деп аныкталган.

28-берененин 3-пунктуна ылайык согуш, табигый кырсыктардын жана башка өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюудан башка учурларда мажбурланган эмгекке тыюу салынат.

70-беренин 9-пунктунда Президенттин өзгөчө абал киргизүүдөгү ыйгарым укутары жөнүндө жазылган (1-п.), жалпы же жарым-жартылай мобилизациялоону жарыялайт; (2-п.) Кыргыз Республикасына баскынчылык жасалганда же түздөн-түз баскынчылык коркунучу жаралганда согуштук абал жарыялайт; (3-п.) өлкөнү коргоонун жана анын жарандарынын коопсуздугунун кызыкчылыктарында согуш абалын жарыялайт.

80-берене. Конституциялык мыйзамда каралган тартипте жана учурларда өзгөчө абалды киргизүү боюнча Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарын аныктайт; бул маселе боюнча Президенттин жарлыктарын бекитет же жокко чыгарат (1-пункт);

116-берененин 5-пунктунда өзгөчө жана согуштук абал учурунда Конституцияны кабыл алууга жана Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө тыюу салынат.

Ошентип, мыйзам долбоору конституциялык ченемдерге ылайык келет.

Мыйзам долбоору ошондой эле **“Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө”** Кыргыз Республикасынын мыйзамынын ченемдерине ылайык келет. Бул мыйзам бардык саясий, экономикалык, эмгек, социалдык жана башка чөйрөлөрдөгү мыйзамдарды, саясаттарды жана программаларды иштеп чыгууда, ишке ашырууда, мониторинг жүргүзүүдө жана баалоодо аялдардын жана эркектердин кызыкчылыктары жана тажрыйбасы ажырагыс аспект болуп саналган гендердик маселелерге комплекстүү мамилени камтыйт, эркектер менен аялдардын ортосундагы теңсиздикти жоюу максатында. Анын ичинде өзгөчө кырдаалдарда.

Эксперттик корутундунун 2-бөлүмүндө мыйзам долбоорунун мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, ошондой эле жалпы таанылган гендердик теңчилик жөнүндө эл аралык



**«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси.** эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

келишимдерге, ошондой эле эл аралык укуктун принциптерине жана ченемдерине шайкештигин талдоо камтылууга тийиш.

Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүнө тыюу салууну, аялдарга карата басмырлоону жоюу саясатын тез арада ишке ашырууну түздөн-түз чагылдырган катышуучу мамлекеттердин милдеттенмелерин камтыйт (2-берене).

Конвенциянын 4-беренеси, анын ичинде 2-пункт. катышуучу-мамлекеттердин убактылуу атайын чараларды кабыл алуусун карайт. Энеликти коргоого багытталган чараларды көрүү өзгөчө каралган.

Албетте, өзгөчө кырдаалдарда балалуу аялдар эң аялуу топтордун бири болуп саналат, алардын муктаждыктарына өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.

Эксперттик корутундунун 4-бөлүмү “Жарандык коргонуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” мыйзамдын долбоорунда кандай гендердик сезимтал жоболор камтылганын же жөнгө салынуучу чөйрөдө гендердик аспектилерди эсепке алуу үчүн кайсы мүмкүнчүлүктөр эске алынбай калгандыгын аныктоону камтыйт.

Учурдагы “Жарандык коргонуу жөнүндө” мыйзамда **гендердик сезимтал жоболор камтылган**, мисалы:

2-берене. “Негизги түшүнүктөр” п. 8) өзгөчө жана кризистик кырдаалдардагы коопсуздук - өлкөнүн калкын, аймактарын, объекттерин жана инфратүзүмүн тынчтык жана согуш мезгилиндеги өзгөчө кырдаалдын таасиринин натыйжасында келип чыгуучу коркунучтардан коргогон, **гендердик** жана демографиялык муктаждыктарды эске алуу менен калктын жашоо-тиричилигин биринчи кезекте камсыз кылган абал;

5-берене. “Жарандык коргонуунун мамлекеттик тутуму” эки жобону камтыйт:

2 п.). Жарандык коргонуунун мамлекеттик системасынын милдеттери, анын ичинде - ар кандай топтордун демографиялык жана гендердик өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен калкты жана Кыргыз Республикасынын аймагын өзгөчө кырдаалдардан коргоону камсыз кылуу боюнча укуктук ченемдерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

16 п.) өзгөчө кырдаалдар учурунда, ошондой эле убактылуу жайгаштырылган жерлерде аялуулукту азайтуу жана аялдарга жана балдарга карата зомбулукту алдын алуу;

7-берене. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктарын, анын ичинде - п. 10) өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда аялдарга жана балдарга карата зомбулук тобокелдиктерин азайтуу боюнча мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле башка уюмдардын жана жарандардын өз ара аракеттенүү тартибин аныктайт;

17-берене. “Жарандык коргонуунун түзүлүштөрү” 2-пунктун гендердик айырмачылыктарды эске алат: Жарандык коргонуу түзүлүштөрүнө Кыргыз Республикасынын төмөнкүдөй жарандары кире алат:

1) 18 жаштан 60 жашка чейинки курактагы эркектер;

2) мобилизациялык тапшырмасы бар аскерге милдеттүүлөрдү, I, II же III топтогу майыптарды (ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды), кош бойлуу аялдарды, 8 жашка чейинки балдары бар аялдарды, ошондой эле орто же жогорку

медициналык билимдүү, 3 жашка чейинки балдары бар аялдарды кошпогондо, 18 жаштан 55 жашка чейинки курактагы аялдар.

**“Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” мыйзам долбоору**

Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” мыйзамы гендердик нейтралдуу болгон. 2021-жылдагы редакцияда кароого сунушталган мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы тарабынан сунушталган редакцияда кабыл алынса, гендердик сезимтал мүнөзгө ээ болуп, мамлекеттин светтик мүнөзүн бекемдөөгө көмөктөшөт.

2008-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынгандан бери бул мыйзам сынга алынып, натыйжада ага бир нече жолу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген (КР мыйзамынын 2011-жылдын 15-июнундагы № 46, 2012-жылдын 7-декабрындагы №196, 2019-жылдын 8-июлундагы № 83, 2019-жылдын 21-декабрындагы № 140, 2021-жылдын 22-майы № 63 редакциялары).

2020-жылы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын директорунун буйругу менен ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлүп, анын милдети жаңы мыйзам долбоорун иштеп чыгуу болгон. Бул процесс 2021-жылдын август айында аяктаган. Учурда иштелип чыккан мыйзам долбоору мамлекеттик органдар менен макулдашуу баскычында турат.

2021-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы кабыл алынгандан кийин бул мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү мыйзамдарды масштабдуу инвентаризациялоо процессинин бир бөлүгү болуп калды. Талдоонун жыйынтыгы боюнча бир катар карама-каршылыктар жана кенемтелер аныкталган, аларды жоюу Мыйзамдын текстинин жарымынан көбүн түзөт. Ушуга байланыштуу “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 17-беренесине ылайык мыйзам долбоору жаңы редакцияда иштелип чыккан.

“Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” мыйзам долбоорунун милдети – мыйзамдык базаны жакшыртуу, Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруу жана диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын жолун улантуучулугун жана ырааттуулугун камсыздоо.

Мыйзам долбоорунун 1-беренеси анын максатын Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасы ратификациялаган эл аралык келишимдерде аныкталган адамдын дин тутуу эркиндигинин укуктарын камсыз кылууга, ошондой эле диний иш-аракеттерди жүргүзүү боюнча маселелерди жөнгө салууга, диний уюмдардын укуктук абалын, Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларын белгилөөгө багытталган.

Бул жобо мыйзам долбоору башка нерселер менен катар эл аралык укуктун ченемдерине негизделгендигин көрсөтүп турат, ага ылайык Кыргыз Республикасы адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча милдеттерди өзүнө алган.

“Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” мыйзамдын долбоорунун айрым жоболорунун **Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерине жана гендердик теңчилик маселелерин жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылардын** тиешелүү жөнгө салуу чөйрөсүндөгү корголуучу кызыкчылыктарга шайкеш келишин талдоо төмөнкүлөрдү көрсөткөн:

**Кыргыз Республикасынын Конституциясынын** 8-беренесинде төмөнкүлөргө тыюу салынат:

3) диний жана этностук негизде саясий партияларды түзүүгө, диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө;

5) иш-аракети конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улуттар аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине.

9-берене төмөнкүлөрдү аныктайт:

1. Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес.
2. Дин жана бардык диний ырасымдар мамлекеттен ажыратылган.
3. Диний бирикмелердин, дин жана ырасымдардын кызматчыларынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат.

24-беренеге Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде жана өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат. Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес.

32-беренеде Басмырлоого, кастыкка же зомбулукка чакырган улуттук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөөгө тыюу салынган.

34-берене.

1. Ар бир адамга абийир жана дин тутуу эркиндиги кепилденет.
2. Ар бир адам өзүнчө же башкалар менен бирге каалаган динин тутууга же эч бир динди тутпоого укуктуу.
3. Ар бир адам диний жана башка ынанымдарды эркин тандоого жана тутууга укуктуу.
4. Эч ким өзүнүн диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланышы мүмкүн эмес.



**«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси.** эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

Мыйзам долбоору конституциялык ченемдерге ылайык келет жана аларды өнүктүрөт.

Мыйзам долбоору **“Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын** ченемдерине ылайык келет. Бул мыйзам эркектер менен аялдардын ортосундагы теңсиздикти жоюу максатында бардык саясий, экономикалык, эмгек, социалдык жана башка чөйрөлөрдөгү мыйзамдарды, саясаттарды жана программаларды иштеп чыгууда, ишке ашырууда, мониторинг жүргүзүүдө жана баалоодо аялдардын жана эркектердин кызыкчылыктары жана тажрыйбасы ажырагыс аспект болуп саналган гендердик маселелерге комплекстүү мамилени камтыйт.

“Гендердик басмырлоого тыюу салуу” жөнүндө 5-беренеде: ”Гендердик теңчиликти жүзөгө ашырууда ушул Мыйзамдын жана эларалык укуктун ченемдеринин талаптарына карама-каршы келген, жөнөкөй укуктун, каада-салттын жана маданияттын ченемдерине негизделген адамдардын жүрүш-турушуна жол берилбейт” деп берилген.

Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген гендердик теңчилик боюнча эл аралык келишимдердин, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринин жана ченемдеринин сакталышын талдоо:

**Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенция** катышуучу мамлекеттердин милдеттенмелерин камтыйт, анда аялдардын статусу жана анын мамилелери, каада-салттарды жана салттуу идеяларды сактоо деңгээлинен көз карандылык маселелери түздөн-түз чагылдырылат.

“2-бер. f). Катышуучу мамлекеттер аялдарга карата басмырлоону түзгөн колдонуудагы мыйзамдарды, жоболорду, үрп-адаттарды жана тажрыйбаларды өзгөртүү же жокко чыгаруу үчүн бардык тийиштүү чараларды, анын ичинде мыйзамдык чараларды көрүүгө милдеттенишет;

3-бер. Катышуучу мамлекеттер бардык тармактарда, атап айтканда, саясий, социалдык, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө, бардык тийиштүү чараларды, анын ичинде мыйзамдарды, аялдардын укуктарын, эркектер менен тең укуктуулуктун негизинде, ишке ашыруусун кепилдикке алуу үчүн алардын ар тараптуу өнүгүүсүн жана прогрессин камсыз кылуу үчүн көрүшөт.

5-бер./а. Катышуучу мамлекеттер жыныстардын биринин же эркектер менен аялдардын стереотиптик ролдору жөнүндө салттуу көз караштарды жана кемчилик же артыкчылык идеясына негизделген үрп-адаттарды жана бардык башка тажрыйбаларды жок кылууга жетишүү максатында эркектер менен аялдардын

жүрүм-турумунун социалдык жана маданий үлгүлөрүн өзгөртүү үчүн бардык тийиштүү чараларды көрүшөт".

2015-жылдын 11-мартындагы Кыргызстандын төртүнчү баяндамасына корутунду эскертүүсүндө[35] Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу боюнча комитет катышуучу мамлекетти төмөнкүлөргө чакырат:

16.а). Эркектер менен аялдардын үй-бүлөдөгү жана коомдогу ролу жана жоопкерчилиги жөнүндө стереотиптерди жана патриархалдык мамилелерди, ошондой эле аялдарды басмырлаган зыяндуу аракеттерди жок кылуу үчүн коомдун бардык деңгээлдериндеги аялдарга жана эркектерге, анын ичинде диний лидерлерге багытталган натыйжалуу жана туруктуу иш-аракеттердин комплекстүү стратегиясын тез арада кабыл алуу;

(б) Айрыкча айыл жеринде жана алыскы райондордо жашы жете электе никеге туруу жана ала качуу өңдүү зыяндуу адаттардын кылмыштуу мүнөзү жана алардын аялдарга тийгизген терс таасирлери боюнча коомду агартуу программаларын кеңейтүү;

Мыйзам долбоору Конвенциянын ченемдерине ылайык келет.

"Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" мыйзамдын долбоорунда гендердик сезимтал болгон кандай жоболор бар же ушул мыйзам менен жөнгө салынган чөйрөдө гендердик аспектилерди эске алуу үчүн кандай мүмкүнчүлүктөр эске алынбагандыгын аныктоо.

Мыйзам долбоору бир гендердик сезимтал ченемди камтыгандыгын белгилей кетүү керек, 4-глава "Дин ишинин субъекттеринин укуктары жана милдеттери" 42-беренени камтыйт "Диний иш-аракеттердин субъекттери өткөргөн диний ырым-жырымдар жана чогулуштар". 5-бөлүмдө: "Диний ырым-жырымдарды аткарууга үй-бүлө жана жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын эске алуу менен жол берилет. Жашы жете электерге нике кыюунун диний ырым-жырымдарын өткөргөн дин кызматкерлери кылмыш жоопкерчилигине тартылат" деп берилген.

Бул норма эрте никеге туруу сыяктуу актуалдуу көйгөйдүн масштабын кыскартуудагы маанилүү чара болуп саналат.

Бул фактордун аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн сактоого жана коргоого тийгизген таасири боюнча диний маселелердин өтө сезимталдыгын, ошондой эле акыркы жылдарда Кыргыз Республикасында төмөндөгүлөр боюнча айкын өсүштү эске алуу менен:

• аялдарга жана балдарга карата зомбулуктун деңгээли;

35 http://docstore.ohchr.org/SelfServices/FilesHandler.ashx?enc=6QkG1d%2FPPRiCAqhKb7yhsglff%2FiazrVw%2BcyfdY9GxZ6eGR%2BzMgg6p3lnaSuXhxdSI0dRnqoHz0J8WcNqOCq0jCFfGxfkwqNYXBrOkC83GjkVLDnVl7s0%2FArF0RkWJMC1

• эрте никеге тургандардын саны;

• никеге туруу максатында аялдарды ала качуу жана башка зыяндуу аракеттердин саны;

мыйзам долбоорунун текстине гендердик сезимтал бир катар кошумча жоболорду киргизүү актуалдуу жана мүмкүн кылууда.

Биринчи кезекте мыйзам долбоорунун 4-главасындагы “Диний иштин субъекттеринин укуктары жана милдеттери”, 42-беренесиндеги ”Диний иш-аракеттин субъекттери өткөргөн диний жөрөлгөлөр жана чогулуштар” 5-бөлүктө: Жашы жете электерге нике кыюунун диний ырым-жырымдарын өткөрүү үй-бүлө жана жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарына ылайык аткарылсын. Жашы жете элек жарандарга нике кыюунун диний ырым-жырымдарын өткөргөн дин кызматчылар кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылышат” деген сөздөр “ошондой эле аялды анын макулдугусуз ала качуунун натыйжасында никеге турууга аракет жасалганда” деген гендердик ченемди камтыган сөздөр менен толуктоо сунушталууда.

5-березненин 6-бөлүгү “Мамлекет жана диний бирикмелер”: 6) иши конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукка шек келтирүүгө, социалдык, расалык, этностор аралык кастыкты козутууга багытталган диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштеши… деген сөздөрдөн кийин “жана гендердик басмырлоо” деген сөздөр менен толуктоо сунушталууда.

22-беренесинин 1-бөлүгүн “Диний иш субъекттерин эсептик каттоодон (кайра каттоодон) баш тартуу”, 1-пунктун: “Каттоочу орган диний иш-аракеттин субъектисин эсепке алуудан (кайра каттоодон) баш тартат, эгерде анын иши карама-каршы келсе. Мыйзамга адамдын негизги укуктарына жана эркиндиктерине, коомдук тартипке, ден соолукка жана адеп-ахлакка коркунуч келтирген, конституциялык түзүлүштү өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукка шек келтирүүгө, социалдык, расалык, этностор аралык, этностор аралык жана диний кастыкты козутууга багытталган” “аялдар менен эркектер үчүн тең укуктар жана мүмкүнчүлүктөр принцибин сактоо” деген сөздөр менен толуктоо сунушталууда.

40-березненин 2-бөлүгүн “Диний иштин субъекттеринин социалдык, кайрымдуулук жана маданий-агартуу иштери”: “Диний иштин субъекттери Кыргызстан элинин руханий жана маданий мурастарын пропагандалоо боюнча иш-чараларга катыша алат, диний ишмердүүлүктүн чөйрөсүндө дин, тарых жана маданият тармагындагы агартуу иштерин жүргүзө алат.” деген сөздөрдөн кийин: “адамдын жалпы кабыл алынган укуктарын жана эркиндиктерин сактоо, эрте жана мажбурлап никеге туруунун, аялдарга карата зомбулуктун санын кыскартуу,” деген сөздөр менен толуктоо сунушталууда.

Бул толуктоо принципиалдуу мааниге ээ, анткени ал мыйзам долбоорунда “адам укуктары” түшүнүгүнө кошумча сөз болот, анткени азыркы редакцияда укук түшүнүгү төмөнкүдөй контекстте гана колдонулат: “диний адамдардын укуктары жана милдеттери”, “дин тутуу эркиндигине укуктар”, “диний уюмдун укуктары жана милдеттери”, “диний уюмдун мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери”, “диний иштин субъекттеринин укуктары жана милдеттери”.

Аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун жана башка зыяндуу практиканы алдын алуу боюнча гендердик сезимтал жоболорду киргизүү алардын муктаждыктарына жана талаптарына өзгөчө көңүл бурууга багытталган.

| Колдонуудагы редакция | Эскертүүлөр эске алынган редакция | Негиздеме |
|---|---|---|
| ***5-берене, 6-бөлүк*** *“Ишмердүүлүгү конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукка шек келтирүүгө, социалдык, расалык, улуттар аралык, диний кастыкты козутууга багытталган диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштеши.* | ***5-берене, 6-бөлүк*** *”Ишмердүүлүгү конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукка шек келтирүүгө, социалдык, расалык, этностук, диний кастыкты* ***жана гендердик басмырлоону*** *козутууга багытталган диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштеши”.* | *Диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын басмырлоочу сөздөр жана аракеттер үчүн жоопкерчилигин күчөтүү зарыл.* |
| ***22-берене, 1-бөлүк*** *“Эгерде анын ишмердүүлүгү ушул Мыйзамга карама-каршы келсе, адамдын негизги укуктары менен эркиндиктерине, конституциялык түзүлүштү өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукка шек келтирүүгө, социалдык, расалык, этностор аралык жана диний кастыкты козутууга багытталган* | ***22-берене, 1-бөлүк.*** *“Эгерде анын ишмердүүлүгү ушул Мыйзамга карама-каршы келсе, адамдын негизги укуктары менен эркиндиктерине,* ***аялдар менен эркектердин бирдей укуктар жана мүмкүнчүлүктөр принцибинин сакталышына,*** *конституциялык түзүлүштү өзгөртүүгө, улуттук коопсуздукка* | *Диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын адамдын негизги укуктары менен эркиндиктеринин, алардын негизгиси аялдар менен эркектер үчүн бирдей укуктар жана мүмкүнчүлүктөр принцибинин сакталышы үчүн жоопкерчилигин күчөтүү зарыл.* |

| | | |
|---|---|---|
| *болсо, коомдук тартипке, ден соолукка жана адеп-ахлакка коркунуч туудурса, каттоочу орган диний иш-аракеттин субъектисин каттоодон (кайра каттоодон) баш тартат.”* | *шек келтирүүгө, социалдык, расалык, этностор аралык жана диний кастыкты козутууга багытталган болсо, коомдук тартипке, ден соолукка жана адеп-ахлакка коркунуч туудурса, каттоочу орган диний иш-аракеттин субъектисин каттоодон (кайра каттоодон) баш тартат.”* | |
| ***40-берене, 2-бөлүк*** *Диний ишмердиктин субъекттери Кыргызстан элинин руханий жана маданий мурастарын жайылтуу боюнча иш-чараларга катыша алат, дин, тарых жана маданият чөйрөсүндө агартуучулук иш-чараларды жүргүзө алат.* | ***40-берене, 2-бөлүк*** *Диний ишмердиктин субъекттери* ***адамдын жалпы кабыл алынган укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо, эрте жана мажбурлап никеге туруунун, аялдарга карата зомбулуктун санын азайтуу,*** *Кыргызстан элинин руханий жана маданий мурастарын жайылтуу боюнча иш-чараларга катыша алат, дин, тарых жана маданият чөйрөсүндө агартуучулук иш-чараларды жүргүзө алат.* | *Диний ишмерлердин жана лидерлердин, диний бирикмелердин лидерлеринин көңүлүн эрте жана мажбурлап никеге туруу, аялдарга карата зордук-зомбулук көйгөйлөрүнүн Кыргызстан үчүн актуалдуулугуна, ошондой эле алардын санын азайтууда активдүү позицияны ээлөө зарылчылыгына буруу зарыл.* |
| ***42-берене, 5-бөлүк*** *“Диний ырым-жырымдарды аткарууга үй-бүлө жана жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын эске алуу менен жол берилет. Жашы жете электерге нике кыйган диний* | ***42-берене, 5-бөлүк*** *“Диний ырым-жырымдарды аткарууга үй-бүлө жана жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын эске алуу менен жол берилет. Жашы жете электерге нике кыйган диний* | *Үй-бүлө мыйзамдарынын талаптарын сактоо үчүн дин кызматкерлеринин жоопкерчилигин күчөтүү жана никеге туруу максатында аялды ала качуу сыяктуу кылмыштын масштабын азайтуу зарыл.* |

| | | |
|---|---|---|
| *ырым-жырымдарды аткарган дин кызматчылар кылмыш жоопкерчилигине тартылышат".* | *ырым-жырымдарды аткарган,* ***ошондой эле аялды анын макулдугусуз ала качуунун натыйжасында нике кыйууга аракет кылынган учурда*** *дин кызматчылар кылмыш жоопкерчилигине тартылышат".* | |

Корутунду: Коомдук талкууга коюлган "Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" мыйзам долбоору эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган ченемдерине шайкеш (CEDAW) жана 42 беренесинде бир гендердик сезимтал чараны камтыйт.

Мыйзам долбоорунун колдонуудагы текстинде мыйзам долбооруна гендердик ченемди киргизүү үчүн бир катар эске алынбаган мүмкүнчүлүктөр бар. Бул сунуштар кабыл алынса, документке гендердик сезимтал мүнөз берет.

**Сунуштар:**

Мыйзам долбоорунун 5-беренесинин 6-бөлүгүнө, 22-беренесинин 1-бөлүгүнө, 40-беренесинин 2-бөлүгүнө, 42-беренесинин 5-бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү (таблицаны караңыз)

**"Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө", "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө", "Жарандарды персоналдаштырылган (индивидуалдык) каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору Кыргыз Республикасынын милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында")**

Сунушталып жаткан Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору бир катар гендердик сезимтал жоболорду камтыйт.

Бул жоболор бул мыйзам долбоорунун аялдарга жана эркектерге бирдей эмес таасирин аныктайт, анткени өлкөдө алардын пенсияга чыгуу курагындагы айырма дагы да болсо сакталууда. Бул маселе пенсия курагын акырындык менен бара-бара теңдөө тенденциясы байкалган бир катар өлкөлөрдө талкуу жаратууда. Бирок, Кыргыз Республикасында аялдардын жогорку репродуктивдик жүгүн компенсациялоонун башка механизмдери жок экендигин эске алуу менен пенсия курагындагы мындай айырманы ушул этапта сактап калуу акталган гендердик сезимтал чара болуп саналат.

Ошол эле учурда жүргүзүлгөн гендердик экспертизанын жыйынтыгы боюнча гендердик мамилени жайылтуу жана мыйзамдарды инвентаризациялоо процессинин

жүрүшүндө теңсиздикти кыскартуу үчүн бир катар эске алынбаган мүмкүнчүлүктөр аныкталган. Бул боштукту толтуруу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан мыйзам алдындагы актыларды иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү аркылуу пенсиялык системаны өркүндөтүүнүн айрым концептуалдык-укуктук аспектилерин кайра карап чыгуу зарыл, анын ыйгарым укуктарына пенсияны каза болгон камсыздандырылган адамдын ("Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамынын 32-беренеси) жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө камтылган пенсиялык топтоолорду аныктоону жана мураскорлоруна төлөмдөрдүн мөөнөттөрүн жана тартибин аныктоо кирет.

Мыйзам долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн маңызы төмөнкүлөр болуп саналат:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келтирүүгө багытталган техникалык түзөтүүлөрдү киргизүү, "Өкмөт" деген сөздөрдү "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштыруу;

- 14-1-беренеге "Ыктыярдуу мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу" жана 22-беренеге "Пенсиянын өлчөмүн эсептөө" өзгөртүүлөрдү киргизүү менен "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө" жана "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" мыйзамдардын жоболорун шайкеш келтирүү, "Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык" деген сөздөрдөн кийин: "мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндө" деген сөздөр менен толуктоо.

Ошентип, мыйзам долбоорунда сунушталган бардык түзөтүүлөр техникалык мүнөзгө ээ.

"Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзамдын долбоорунун айрым жоболорунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана башка гендердик теңчилик маселелерин жөнгө салуучу тиешелүү ченемдик укуктук актыларынын ченемдерине шайкеш келүүсүн талдоо:

Кыргыз Республикасынын **Конституциясынын** 19-беренесинде төмөнкүлөр аныкталган:

1. Мамлекет элдин бакубат жашоосуна жана аны социалдык коргоого камкордук көрөт.

2. Кыргыз Республикасы жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын колдоону, эмгекти жана саламаттыкты коргоону камсыз кылат.

3. Кыргыз Республикасы социалдык кызматтардын, медициналык тейлөөнүн тутумун өнүктүрөт, мамлекеттик пенсияларды, жөлөк пулдарды жана башка социалдык коргоонун кепилдиктерин камсыз кылат.

44 – берене:

1. Кыргыз Республикасында улгайган, ооруган, майып болгон жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкон, багар-көрөрүнөн ажыраган учурларда мыйзамда каралган тартипте жана учурларда мамлекеттин эсебинен социалдык камсыз кылуу кепилденет.

2. Пенсия, социалдык жөлөк пулдар жана башка социалдык жардам мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунун өлчөмүнөн төмөн эмес жашоо деңгээлин камсыз кылат.

4. Мамлекет ыктыярдуу социалдык камсыздандырууну, социалдык камсыз кылуунун кошумча түрлөрүн түзүүнү жана кайрымдуулук иш-аракеттерди колдоого алат.

Мыйзам долбоору конституциялык ченемдерге ылайык келет.

Мыйзам долбоору “Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын ченемдерине шайкеш келет.

Бул мыйзам эркектер менен аялдардын ортосундагы теңсиздикти жоюу максатында бардык саясий, экономикалык, эмгек, социалдык жана башка чөйрөлөрдөгү мыйзамдарды, саясаттарды жана программаларды иштеп чыгууда, ишке ашырууда, мониторингде жана баалоодо аялдардын жана эркектердин кызыкчылыктары жана тажрыйбасы ажырагыс аспект болуп саналган гендердик маселелерге комплекстүү мамилени камтыйт.

Атап айтканда, 17-беренеде “Социалдык кызматтарга жана социалдык коргоого бирдей жеткиликтүүлүк” аныкталган:

Ар башка жыныстагы адамдар мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө мыйзам менен белгиленген тартипте социалдык кызматтарга жана социалдык коргоого жетүүдө бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болушат.

22-берене. “Үй эмгегиндеги гендердик теңчилик”

Мамлекет үй-бүлө мүчөлөрүнө алардын жынысына карабастан балдарды, улгайган ата-энелерди жана майыптарды эмгек жөнүндө жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте жана негизде мамлекеттик жөлөкпул төлөп берүү жолу менен багууну, адилеттүү компенсациялоону камсыз кылат.

Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген гендердик теңчилик боюнча эл аралык келишимдердин, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринин жана нормаларынын сакталышын талдоо:

**CEDAW** конвенциясы аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүнө тыюу салууну, аялдарга карата басмырлоону жоюу саясатын тез арада ишке ашырууну түздөн-түз чагылдырган катышуучу мамлекеттердин милдеттенмелерин камтыйт (2-берене).

CEDAW конвенциясы 11-беренеси төмөнкүлөрдү белгилейт:

1. Катышуучу мамлекеттер эркектер менен аялдардын ортосундагы тең укуктуулуктун негизинде бирдей укуктарды камсыз кылуу үчүн төмөнкү чараларды аткарышат, атап айтканда:

е) социалдык камсыздоого, атап айтканда пенсияга чыкканда, жумушсуздукта, ооруп калганда, майыптыкта, карыганда жана эмгекке жарамсыздыктын башка учурларда, ошондой эле акы төлөнүүчү өргүү укугуна;

с) ата-энелерге үй-бүлөлүк милдеттерди эмгек жана коомдук турмушка катышуу менен айкалыштырууга мүмкүндүк берүү үчүн зарыл болгон социалдык кызматтарды көрсөтүүнү, атап айтканда, балдар мекемелеринин тармагын түзүү жана кеңейтүү аркылуу колдоо;

14-берене

1. Катышуучу мамлекеттер айыл жеринде жашаган аялдар дуушар болгон өзгөчө көйгөйлөрдү жана алардын үй-бүлөлөрүнүн экономикалык бакубаттуулугунда, анын ичинде экономиканын коммерциялык эмес секторлорундагы ишмердигинде ойногон олуттуу ролун эске алышат жана ушул Конвенциянын жоболору айыл жеринде жашаган аялдарга карата колдонулушун камсыз кылуу үчүн бардык тийиштүү чаралар көрүшөт.

2. Катышуучу мамлекеттер эркектер менен аялдардын ортосундагы тең укуктуулуктун негизинде, алардын айылды өнүктүрүүгө катышуусун жана андан пайда алып келүүсүн камсыз кылуу үчүн, өзгөчө, мындай аялдардын укуктарын камсыз кылуу үчүн айыл жеринде аялдарга карата басмырлоону жоюу үчүн бардык тийиштүү чараларды көрүшөт:

с) түздөн-түз социалдык камсыздандыруунун артыкчылыктарынан пайдалануу;

Акыркы жоболор өзгөчө алыскы жана жетүү кыйын болгон аймактарда жашаган жана иштеген аялдардын категорияларына тиешелүү.

**2021-жылдын 15-ноябрындагы Кыргызстандын Бешинчи мезгилдик баяндамасына акыркы Корутунду эскертүүлөрүндө** Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу боюнча комитет тарабынан төмөнкүлөр сунушталган:

38-п. (б) аялдардын пенсияларынын жана социалдык төлөмдөрдүн өлчөмүн көбөйтүү аркылуу жакырчылыкты феминизациялоо көйгөйүн чечүү, балдарды тарбиялоого байланыштуу жумуштагы үзгүлтүктөрдү, алардын формалдуу эмес ишке топтолушун жана акы төлөнбөгөн багуу иштерине жана үй жумуштарына тартууну эске алуу;

42-п. Комитет катышуучу мамлекетке сот адилеттигине, ишке орноштурууга жана саламаттыкты сактоого, анын ичинде сексуалдык жана репродуктивдик ден соолук кызматтарынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча максаттуу чараларды көрүүнү сунуштайт, мында пациенттер жөнүндө маалыматтардын купуялуулугун,

социалдык жактан коргоону жана аялдардын аз камсыз болгон топторунун азык-түлүк коопсуздугун сактоо, алардын өзгөчө муктаждыктарын эске алуу менен.

Ошондой эле, 33-пунктта Комитет төмөнкүлөргө тынчсыздануусун билдирет:

б) аялдардын формалдуу эмес экономикада топтолушу (64%), көбүнчө эксплуатациялоочу шарттарда жана эмгекке жана социалдык коргоого мүмкүнчүлүгү жок, өзгөчө COVID-19 пандемиясынын учурунда.

Мыйзам долбоору Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенциянын стандарттарына ылайык келет.

Мыйзамда колдонулган терминдердин жана түшүнүктөрдүн туура колдонулушун талдоо:

Колдонуудагы “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” мыйзам гендердик сезимтал тилди колдонуунун мисалын камтыйт.

Тактап айтканда, 9-берененин 2-пунктунда: “текстиль өндүрүшүнүн станокторунда жана машиналарында иштеген жумушчулар” категориясы камтылган. Жумушчулардын бул категориясында эркектер да иштеши мүмкүн экени түшүнүктүү. Бул учурда, бул феминитивди колдонуу эч нерсеге негизделбейт, стереотип мүнөзгө ээ.

Ошол эле учурда, 12-берененин а) “бул кызматтарда иштеген жылдары бар учуу жана учуу-сыноо курамынын кызматкерлери” категориясын камтыйт. Башкача айтканда, эркектерге гана тиешелүү болгондой жазылган, бирок төмөндө “эркектер - 25 жаштан кем эмес, аялдар - 20 жаштан кем эмес” деп жазылган, бул иштин бул тармагына аялдар да, эркектер да катышкандыгын көрсөтүп турат.

Бул ушул эле берененин г) пунктуна да тиешелүү: “театрлардын жана башка театр-оюн-зоок ишканаларынын жана жамааттарынын артисттери”.

*Корутунду: Мыйзам долбоорунда колдонулган терминдер лингвистикалык сексизмдин мисалдарын камтыйт.*

**Мыйзам долбоорунда кандай гендердик маанилүү жоболор бар экендигин же ушул мыйзам менен жөнгө салынган чөйрөдө гендердик аспектилерди эске алуу үчүн кандай мүмкүнчүлүктөр эске алынбагандыгын аныктоо.**

Мыйзам долбоорунда сунушталган бардык түзөтүүлөр жалаң гана техникалык мүнөздө болгонуна карабастан, “Гендердик экспертиза жүргүзүү стандарттары” ушул мыйзам менен жөнгө салынган чөйрөдөгү аспектилерде гендердик сезимтал жоболордун бар экендигин же гендерди эске алуу үчүн колдон чыгарылган мүмкүнчүлүктөрдү талдоо зарылдыгын билдирет.

“Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын жарандарын милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында персоналдык (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө” Кыргыз

Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары бир катар гендердик сезимтал көрсөткүчтөрдү камтыйт, атап айтканда:

| Берене | Гендердик-сезимтал жоболор |
|---|---|
| **“Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” КР мыйзамы** | |
| 9-берене | **Пенсия алуу үчүн зарыл курак жана стаж**<br>1. Курагы боюнча пенсияга 63 жашка толгон *эркектер*, 58 жашка толгон *аялдар* укуктуу.<br>Жалпы негиздерде курагы боюнча толук пенсия дайындоо үчүн эсептик камсыздандыруу иш стажы: эркектер үчүн - 25 жылды, аялдар үчүн - 20 жылды түзөт.<br>Толук эсептик камсыздандыруу иш стажы жок адамдарга пенсия ушул Мыйзамдын 10-беренесине ылайык дайындалат.<br>2. Курагы боюнча пенсияга, акыркы иштеген ордуна көзкарандысыз түрдө, жеңилдик берилүүчү шарттарда төмөнкү кызматкерлер укуктуу:<br>а) жер астындагы жумуштарда, эмгек шарттары өзгөчө зыяндуу жана өзгөчө оор болгон жумуштарда толук жумуш күнүндө иштегендер - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү, жеңилдетилген шарттарда курагы боюнча (карылыгы боюнча) пенсияга чыгууга укук берүүчү, жер алдындагы жумуштарга, эмгек шарттары өзгөчө зыяндуу жана өзгөчө оор болгон жумуштарга тиешелүү өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин, кызмат орундарынын жана көрсөткүчтөрдүн № 1 Тизмеси боюнча (мындан ары - № 1 Тизме):<br>*эркектер* - 53 жашка толгон жана жалпы камсыздандыруу иш стажы кеминде 20 жыл болгон, анын ичинде талап кылынган камсыздандыруу стажынын кеминде жарымын көрсөтүлгөн жумуштарда иштегендер;<br>*аялдар* - 48 жашка толгон жана жалпы камсыздандыруу иш стажы 15 жыл болгон, анын ичинде талап кылынган камсыздандыруу стажынын кеминде жарымын көрсөтүлгөн жумуштарда иштегендер.<br>Иш стажы № 1 Тизме боюнча талап кылынуучу камсыздандыруу стажынын теңинен аз болгондо ушул берененин 1-пунктунда каралган жаш курак көрсөтүлгөн иштин ар бир толук жылы үчүн бир жылга кыскартылат.<br>№ 1 Тизме боюнча пенсия дайындоо жана төлөп берүү социалдык камсыздандыруу каражаттарынын эсебинен Социалдык фонддун бөлүмдөрү тарабынан жүргүзүлөт;<br>б) эмгек шарттары зыяндуу жана оор болгон башка жумуштарда толук жумуш күнүндө иштегендер - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү, жеңилдетилген шарттарда жаш курагы боюнча (карылыгы боюнча) пенсияга чыгууга укук берүүчү, эмгек шарттары өзгөчө зыяндуу жана өзгөчө оор болгон өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин, кызмат орундарынын жана көрсөткүчтөрдүн № 2 Тизмеси (мындан ары - № 2 Тизме) боюнча:<br>*эркектер* - 58 жашка толгон жана жалпы камсыздандыруу иш стажы кеминде 25 жыл болгон. анын ичинде талап кылынган камсыздандыруу стажынын кеминде жарымын көрсөтүлгөн жумуштарда иштегендер; |



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

| | |
|---|---|
| | *аялдар* - 53 жашка толгон жана жалпы камсыздандыруу иш стажы кеминде 20 жыл болгон, анын ичинде талап кылынган камсыздандыруу стажынын кеминде жарымын көрсөтүлгөн жумуштарда иштегендер;<br>текстиль өндүрүштөрүнүн станоктордо жана машиналарда иштеген аял кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү өндүрүштөрдүн жана кесиптердин тизмеси боюнча, - 53 жашка толгондо жана көрсөтүлгөн жумуштардагы камсыздандыруу стажы кеминде 20 жыл болгондо.<br>№ 2 Тизме боюнча жана текстиль өндүрүштөрүнүн аял кызматкерлерине пенсия дайындоо жана төлөө иши жеңилдиктүү иш стажынын көпчүлүк бөлүгүн иштеп кеткен жердеги жумуш берүүчү тарабынан жана ушул берененин 1-пунктуна ылайык, кызматкер жалпыга белгиленген пенсиялык куракка жеткенге чейин жумуш берүүчүнүн каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.<br>Ишкана жоюлган, кайра уюштурулган учурда № 2 Тизме боюнча зарыл болгон иш стажын иштеген адамдарга жана текстиль өндүрүштөрүнүн аял кызматкерлерине пенсия төлөө, ал пенсияны төлөөгө арналган каражаттар капиталдаштырылган жана өткөрүлүп берилген шартта Социалдык фонддун органдары тарабынан жүргүзүлөт.<br>3. Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесепеттерин жоюу боюнча жумуштарга калк көчүрүлүп чыгарылган аймакта катышкан же болбосо ошол мезгилде Чернобыль АЭСин иштетүүдө же андагы башка жумуштарда иштеген адамдар (анын ичинде убактылуу жиберилген же иш сапарына жөнөтүлгөн), ошондой эле, жайгаштырылган жерине жана аткарган ишине көз карандысыз түрдө, ошол мезгилде атайын аскердик жыйындарга чакырылган жана аталган авариянын кесепеттерин жоюуга байланышкан жумуштарды аткарууга тартылган аскер кызматчылары жана аскерге милдеттүүлөр, ошондой эле, ички иштер органдарынын, өрткө каршы мамлекеттик кызматтын калк көчүрүлүп чыгарылган аймакта кызмат өтөгөн жетекчи жана катардагы курамындагы адамдар курагы боюнча пенсияга чыгууга укуктуу:<br>а) 1986-1987-жылдардагы катышуучулар:<br>*эркектер* - 53 жашка толгон жана калк көчүрүлүп чыгарылган аймактагы жумуш иштөөсүнүн узактыгына көз карандысыз түрдө камсыздандыруу стажы 20 жыл болгондор;<br>*аялдар* - 48 жашка толгон жана калк көчүрүлүп чыгарылган аймактагы жумуш иштөөсүнүн узактыгына көз карандысыз түрдө камсыздандыруу иш стажы 15 жыл болгондор;<br>б) 1988-1989-жылдардагы катышуучулар:<br>*эркектер* - 58 жашка толгон жана калк көчүрүлүп чыгарылган аймактагы жумуш иштөөсүнүн узактыгына көз карандысыз түрдө камсыздандыруу иш стажы 25 жыл болгондор;<br>*аялдар* - 53 жашка толгон жана калк көчүрүлүп чыгарылган аймактагы жумуш иштөөсүнүн узактыгына көз карандысыз түрдө камсыздандыруу иш стажы 20 жыл болгондор. |

| | |
|---|---|
| | 4. Гипофиздик нанизм дартына чалдыккан адамдарга (лилипуттарга) жана диспропорциялуу эргежээлдерге курагы боюнча пенсия мындайча белгиленет:<br>*эркектерге* - 45 жашка толгон жана 20 жыл камсыздандыруу иш стажы болгондорго;<br>*аялдарга* - 40 жашка толгон жана 15 жыл камсыздандыруу иш стажы болгондорго.<br>5. Бийик тоо шартында жашаган жана иштеген адамдарга (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү бийик тоо шартында жайгашкан калктуу конуштардын Тизмегине ылайык) курагы боюнча пенсия төмөнкүдөй учурларда белгиленет:<br>а) 55 жашка толгон *эркектерге*, 50 жашка толгон *аялдарга*, эгерде алар бийик тоо шартында кеминде 20 календардык жыл иштесе жана жалпы камсыздандыруу иш стажы тийиштүү түрдө 25 жана 20 жыл болсо;<br>б) *үч жана андан ашык бала төрөгөн жана аларды сегиз жашка чейин тарбиялап чоңойткон аялдарга* - алар 45 жашка толгондо жана алардын 20 жыл камсыздандыруу иш стажы болгондо, эгерде алар бийик тоо шартында кеминде 15 календардык жыл иштесе.<br>Ушул пунктта көрсөтүлгөн адамдардын пенсияга мөөнөтүнөн мурда, жалпыга белгиленген пенсия курагына жеткенге чейин чыгуусуна байланышкан чыгымдар республикалык бюджеттен каржыланат.<br>6. Алыскы жана барууга кыйын аймактарда жашаган жана иштеген адамдарга (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү алыскы жана барууга кыйын аймактарда жайгашкан калктуу конуштардын Тизмесине ылайык) курагы боюнча пенсия 60 жашка толгон *эркектерге*, 55 жашка толгон аялдарга белгиленет, эгерде алар алыскы жана барууга кыйын аймактарда кеминде тиешелүү түрдө 25 жана 20 календардык жыл иштесе.<br>Ушул пунктта көрсөтүлгөн адамдардын пенсияга мөөнөтүнөн мурда, жалпыга белгиленген пенсия курагына жеткенге чейин чыгуусуна байланышкан чыгымдар республикалык бюджеттен каржыланат.<br>7. Беш жана андан көп бала төрөгөн жана аларды сегиз жашка чейин тарбиялап чоңойткон *аялдар* 53 жашка толгондо жана 15 жыл камсыздандыруу иш стажы болгондо курагы боюнча пенсияга чыгууга укуктуу.<br>Төрөлгөндөн тубаса майып балдары бар, аларды сегиз жашка чейин тарбиялап чоңойткон *аялдар* 53 жашка толгондо жана камсыздандыруу иш стажы 20 жыл болгондо курагы боюнча пенсияга чыгууга укуктуу.<br>Ушул пунктта көрсөтүлгөн адамдардын пенсияга мөөнөтүнөн мурда, жалпыга белгиленген пенсия курагына жеткенге чейин чыгуусуна байланышкан чыгымдар республикалык бюджеттен каржыланат.<br>8. Ишканаларды, мекемелерди жана уюмдарды кайра уюштуруудан, жоюудан улам, алардын штатынын санын кыскартуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруудан улам жумуштан бошотулуп калган кызматкерлер пенсияга чыгууга укуктуу: |

| | |
|---|---|
| | *эркектер* - камсыздандыруу иш стажы 25 жыл болгон, жумуштан бошотулган күнгө карата 61 жашка толгондор;<br>*аялдар* - камсыздандыруу иш стажы 20 жыл болгон, жумуштан бошотулган күнгө карата 56 жашка толгондор. |
| 9-1 берене | **Курагы боюнча мөөнөтүнөн мурда пенсия**<br>1. 9-статьянын 1-пунктунда каралган пенсия чектөө үчүн талап кылынган стажга караганда дагы 15 жылдан ашык камсыздандыруу иш стажы бар адамдар мөөнөтүнөн мурда пенсияга чыгууга укуктуу: *эркектер* - 60 жаштан, *аялдар* - 55 жаштан.<br>Пенсия чектөө үчүн талап кылынган стажга караганда дагы 10 жылдан ашык камсыздандыруу иш стажы бар, анын ичинде кеминде жарымы 9-статьянын 2-пунктунун “а-” пунктчасында, 3-пунктунун “а” пунктчасында каралган жеңилдик шарттарга туура келген адамдар курагы боюнча мөөнөтүнөн мурда пенсияга чыгууга укуктуу: *эркектер* - 50 жаштан, *аялдар* - 45 жаштан.<br>Пенсия чектөө үчүн талап кылынган стажга караганда дагы 10 жылдан ашык камсыздандыруу иш стажы бар, анын ичинде кеминде жарымы 9-статьянын 2-пунктунун “б” пунктчасында, 3-пунктунун “б” пунктчасында жана 7-пунктунда каралган жеңилдик шарттарга туура келген адамдар мөөнөтүнөн мурда пенсияга чыгууга укуктуу: *эркектер* - 55 жаштан, *аялдар* - 50 жаштан. |
| 12-Бере не | **Эмгектин өзгөчө шарттары үчүн пенсиялар**<br>1. Эмгектин өзгөчө шарттарына байланыштуу курагы боюнча пенсияга төмөнкүлөр укуктуу:<br>а) учуу жана учуу-сыноо курамынын ушул кызматтарда иштөө узактыгы төмөндөгүдөй кызматкерлер:<br>*эркектер* үчүн - аталган мөөнөт 25 жылдан кем болбосо, *аялдар* үчүн - 20 жылдан кем болбосо, муну аныктоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү, учуу, учуу-сыноо, инженердик-техникалык курамдын кызмат орундарынын жана аба кыймылын башкаруу жагындагы жумушу анын иштеген жылдары үчүн пенсия дайындоого укук берүүчү кызматкерлердин Тизмегине жана учуу, учуу-сыноо курамынын кызматкерлерине пенсияларды дайындоо үчүн иштеген жылдарынын мөөнөтүн эсептөөнүн Тартибине ылайык жүзөгө ашырылат;<br>б) абада учуу кыймылын башкарууну жүзөгө ашырган жана диспетчердин күбөлүгү бар кызматкерлер:<br><br>*эркектер* - 58 жашка толгон жана жалпы иш стажы кеминде 25 жыл, анын ичинде камсыздандыруу иш стажынын кеминде жарымы аба кемелеринин учууларын тикелей башкарууга туура келгендер;<br>*аялдар* - 53 жашка толгон жана жалпы иш стажы кеминде 20 жыл, анын ичинде камсыздандыруу иш стажынын кеминде жарымы аба кемелеринин учууларын тикелей башкарууга туура келгендер;<br>в) жарандык авиациянын инженердик-техникалык курамынын кызматкерлери, - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү, учуу, учуу-сыноо, инженердик-техникалык курамдын |

| | |
|---|---|
| | кызмат орундарынын жана аба кыймылын башкаруу жагындагы жумушу анын иштеген жылдары үчүн пенсия дайындоого укук берүүчү кызматкерлердин Тизмегине жана учуу, учуу-сыноо курамынын кызматкерлерине пенсияларды дайындоо үчүн иштеген жылдарынын мөөнөтүн эсептөөнүн Тартибине ылайык:<br>*эркектер* - 58 жашка толгон жана жалпы иш стажы кеминде 25 жыл, анын кеминде 20 жылы көрсөтүлгөн кызмат орундарына туура келгендер;<br>*аялдар* - 53 жашка толгон жана жалпы иш стажы кеминде 20 жыл, анын ичинде кеминде 15 жылы көрсөтүлгөн кызмат орундарына туура келгендер;<br>г) театрлардын жана башка театралдык оюн-зоок ишканалары менен жамааттардын артистери, - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү, театрлардын жана башка театралдык оюн-зоок ишканалардын жана жамааттардын эмгектин өзгөчө шарты үчүн пенсияга чыгууга укуктуу артисттеринин айрым категорияларынын Тизмегине ылайык пенсия алууга укук берген чыгармачылык иштер боюнча 20 жыл стажы болсо. |
| 12-1 Берене | **Эмгектин өзгөчө шарттары үчүн мөөнөтүнөн мурда пенсия**<br>1. Эмгектин өзгөчө шарттары үчүн пенсия дайындоо үчүн талап кылынган иш стажынан дагы 10 жылдан ашык камсыздандыруу иш стажы бар, анын ичинде кеминде жарымынан көбү 12-статьянын “б” жана ”в” пункттарында каралган жеңилдетилген шарттарга туура келген адамдар мөөнөтүнөн мурда пенсияга чыгууга укуктуу: *эркектер* - 55 жаштан, *аялдар* - 50 жаштан. |
| **“Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максаттары үчүн Кыргыз Республикасынын жарандарын персонификациялык (жекече) эсепке алуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы** | |
| 6 - берене | **Камсыздандырылган адамдын жекече камсыздандыруу эсеби**<br>Ар бир камсыздандырылган адамга Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ыйгарылган идентификациялык жеке номери менен жекече камсыздандыруу эсебин ачат.<br>Камсыздандырылган адамдын жекече камсыздандыруу эсеби төмөнкүдөй маалыматтарды камтууга тийиш.<br>1) идентификациялык жеке номери;<br>2) паспорт боюнча аты-жөнү;<br>3) туулган күнү;<br>4) жынысы; |

Бул жоболор аялдардын жана эркектердин ар кандай категорияларынын пенсияга чыгуу курагындагы болгон айырмачылыктын чагылдырылышын, ошондой эле үч/беш жана андан көп бала төрөгөн жана аларды сегиз жашка чейин тарбиялаган, ошондой эле бала кезинен майып балдары бар энелердин пенсияга чыгуу өзгөчөлүктөрүн жөнгө салат жана тактайт.

Камсыздандырылган адамдын жеке камсыздандыруу эсебинде камтылууга тийиш болгон маалыматтардын тизмесинде "жыныс" категориясынын болушу бул адамдар жөнүндө жынысы боюнча маалыматтарды алууга мүмкүндүк берет.

Демек, алар сакталышы керек.

Ошол эле учурда мыйзам долбоору гендердик мамилени киргизүү үчүн эске алынбаган мүмкүнчүлүктөрдүн мисалдарын камтыйт, анын ичинде:

| **Берене** | **Гендердик мамилени киргизүү үчүн эске алынбаган мүмкүнчүлүктөр** |
|---|---|
| **"Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы** | |
| 22-берене | **Пенсиянын өлчөмүн эсептөө**<br>Каза болгон баккан адамдын пенсиялык топтоолору ушул Мыйзамдын 32-статьясына ылайык төлөнөт. |
| 32 - берене | **Пенсионердин өлүмүнө байланыштуу алынбай калган пенсияны жана пенсиялык топтоолорду жана көмүү пособиесин төлөө**<br>1. Пенсионердин өлгөндүгүнө байланыштуу алынбай калган пенсияны ата-энеси, жубайы, балдары бирдей үлүштөрдө алууга, ал эми алар жок болгондо мураска укуктуу үй-бүлө мүчөлөрү алууга укуктуу.<br>Пенсионердин өлгөндүгүнө байланыштуу алынбай калган пенсияны төлөө жагындагы доонун эскиргендиги Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында каралган мөөнөттөргө ылайык белгиленет.<br>1-1. Камсыздандырылган адам каза болгон учурда жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндөгү пенсиялык топтоолору Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык мураскорлорго төлөнөт.<br>Ката болгон камсыздандырылган адамдын жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндөгү пенсиялык топтоолорунан мураскорлорго пенсиялык төлөмдөрдү берүүнүн мөөнөтү жана тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.<br>Каза болгон камсыздандырылган адамдын пенсиялык топтоолорун алууга укуктуу мураскорлору болбогондо мураскорлук ачылган күндөн тартып бир жыл бүткөндөн кийин ал каражаттар Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондунда калат. |
| **"Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы** | |
| 9 - Берене | **Камсыздандырылган адамдардын укуктары жана милдеттери**<br>**Камсыздандырылган адамдар:**<br>Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнүн пенсиялык топтоолорун мурастоого укуктуу; |
| 18- Берене | **Пособиелерди жана компенсацияларды дайындоо жана төлөө** |



**«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси.** эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

| | |
|---|---|
| | 4. Эгерде пособие дайындоо жөнүндө камсыздандыруу учуру бүткөн күндөн тартып 6 айдан кечиктирбестен кайрылуу жасалса, пособие дайындалат жана төлөнөт. Камсыздандырылган адамдардын өлгөн күнүнө карата талап кылынбаган пособие аны менен чогуу жашаган үй-бүлө мүчөлөрүнө же өлгөн адамдын багуусунда болгон адамга төлөнөт. Алынбай калган пособие мурасталуучу мүлккө киргизилбейт. |

Мыйзамдардын бул жоболору гендердик мамилени киргизүү үчүн колдон чыгарылган мүмкүнчүлүктөрдүн мисалдары болуп саналат, анткени алар калкты пенсия менен камсыз кылуу чөйрөсүндө түзүлгөн реалдуу кырдаалга байланыштуу тактоону талап кылат. Анын кемчиликтери колдо болгон статистикалык маалыматтар жыныстык дезагрегацияга негизделген гендердик анализге дуушар болгондо гана ачыкка чыгат. Алсак, акыркы бир нече жылдын ичинде Кыргыз Республикасында эркектердин аялдарга салыштырмалуу өмүрүнүн узактыгы кыскарган тенденция туруктуу сакталууда. Бул айырма 8 жылдан ашык.

**Жынысы боюнча жашоо узактыгы, жыл**

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Эки жыныс тең** | 70,9 | 71,1 | 71,3 | 71,5 | 71,7 |
| **Аялдар** | 75,1 | 75,3 | 75,6 | 75,8 | 76,0 |
| **Эркектер** | 67,0 | 67,2 | 67,4 | 67,6 | 67,8 |
| Айырмасы | 8,1 | 8,1 | 8,2 | 8,2 | 8,2 |

Бир катар башка өлкөлөргө салыштырмалуу бул айырма бир топ чоң.

**Эркектер менен аялдардын төрөлгөндө күтүлгөн жашоо узактыгы жылдар боюнча (2015–2020-жж.)** [36]

| **Мамлекет** | **Аялдар** | **Эркектер** | **Айырмасы** |
|---|---|---|---|
| Австралия | 85,2 | 81,2 | 4 |
| Гонконг | 87,5 | 81,8 | 5,7 |
| Дания | 82,7 | 78,7 | 4 |
| Израиль | 84,3 | 81,0 | 3,3 |
| Индия | 70,5 | 68,1 | 2,4 |
| Индонезия | 73,6 | 69,3 | 4,3 |
| Казахстан | 77,4 | 68,8 | 8,6 |
| Кытай | 79,0 | 74,0 | 5 |
| Латвия | 79,8 | 69,9 | 9,9 |
| Малайзия | 78,1 | 74,0 | 4,1 |
| Мексика | 77,8 | 72,1 | 5,7 |
| Норвегия | 84,2 | 80,2 | 4 |

[36] Источник: Обзорный отчет ОЭСР «Pensions at a Glance 2020», Данные ЕНПФ (дополнительно: данные ООН, World Population Projects 2020)

| | | | |
|---|---|---|---|
| Сингапур | 85,5 | 81,3 | 4,2 |
| Чили | 82,3 | 77,4 | 4,9 |
| Швеция | 84,4 | 80,7 | 3,7 |
| Эстония | 82,5 | 74,0 | 8,5 |

Бул глобалдык көрүнүштүн себеби - алкоголизмден, баңгиликтен, зыяндуу эмгек шарттарынан, кооптуу айдоонун натыйжасында жол кырсыгынан, “чыныгы эркектин” жашоо мүнөзү жөнүндө гендердик стереотиптердин үстөмдүгүнөн улам агрессивдүү жүрүм-турумдан эркектердин өлүмүнүн көп болушу.

Кыргыз Республикасында аялдардын пенсияга чыгуу курагы эркектерге караганда 5 жыл эрте келерин эске алсак, пенсия курагына чейин аман калуу ыктымалдыгы аялдардыкы 90%ды, эркектердики 70%га жакынды түзөт.

Ушул себептен Кыргыз Республикасындагы пенсионерлердин басымдуу бөлүгүн аялдар түзөт. 2020-жылга карата маалыматтар боюнча пенсионерлердин 67,2%ын аялдар, 32,8%ын эркектер түзөт.

**Жашы боюнча пенсия алуучулардын саны**

| | 2010 | 2014[37] | 2015[38] | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020[39] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | 560 000 | 618 000 | 630 000 | 643 000 | 654 000 | 675 000 | 693 000 | 714 000 |
| **Жынысы боюнча %** | | | | | | | | |
| **Аялдар** | 65,0 | 65,2 | 65,2 | 65,1 | 65,1 | 65,3 | 65,2 | 67,2 |
| **Эркектер** | 35,0 | 34,8 | 34,8 | 34,8 | 34,9 | 34,7 | 34,8 | 32,8 |

Ошол эле учурда аялдар көбүнчө балалуу болуу үчүн карьерасында тыныгуулар болгондуктан, формалдуу эмес жумушта топтолушкандыктан, экономиканын аз акы төлөнүүчү тармактарында иштешкендиктен, ошондой эле айлык акы жогору болгон жетекчилик кызматтарда азчылыкты түзгөндүктөн, аялдардын орточо пенсиясы эркектердикинен дайыма төмөн болуп көрүнөт.

**Жынысы боюнча дайындалган пенсиялардын орточо өлчөмү [40]**

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Орточо пенсия** | 2 538 | 4 315 | 4 510 | 4 813 | 5 172 | 5 368 | 5 553 | 5 909 |
| **Аялдар** | 2 429 | 4 221 | 4 423 | 4 744 | 5 122 | 5 343 | 5 403 | 5 410 |
| **Эркектер** | 2 739 | 4 516 | 4 692 | 5 024 | 5 272 | 5 419 | 5 856 | 6 162 |

Ушул себептердин натыйжасында эки жыныска тең пайдасыз жагдай пайда болот: пенсияга чейин жашабаган же пенсияга чыккандан кийин эле каза болгон эркектердин камсыздандыруу аманаттары “жок болуп кетет”.

[37] Женщины –мужчины Кыргызской Республики, 2010-2014 http://www.stat.kg/media/publicationarchive/534f0c98-fb76-4922-b8c1-6b8b8f44ba27.pdf , С.83

[38] Ошол эле жерде, С.83

[39] Ошол эле жерде, С. 138

[40] Ошол эле жерде, 138 б.

Ошол эле учурда аялдар тукум улоо түйшүгүн көтөргөндүгү үчүн эч кандай компенсация албай, үй чарбачылыгынын негизги жүгүн аткарып, “эки тагдыр – бир мансап” принциби боюнча жашаганы үчүн дагы узак карылыкта жакырчылыкта жашашат.

Бул көйгөй бүткүл дүйнө үчүн актуалдуу. Өлкөлөрдүн ар бири демографиялык кырдаалга, жалпы пенсиялык системанын түзүмүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө таянып, бул маанилүү маселени чечүүнүн өз ыкмасын табат.

| Мамлекет | Көйгөйдүн чечимдеринин варианттары[41] |
|---|---|
| Армения | Пенсиялык фонддордун бирдиктери жана аннуитеттин калдык суммасы жеке жактарга гана мурасталышы мүмкүн. Өлгөн катышуучунун топтолуучу пенсияны алганга чейин пенсиялык эсебинде турган пенсиялык фонддордун бирдиктери да, ошондой эле топтолуучу пенсияны алуу мезгилинде каза болгон пенсионердин мураска алынуучу үлүштөрү жана аннуитеттери да мураска калышы мүмкүн. |
| Гонконг | Өлгөн аманатчынын топтолгон каражаттары мүлктүн бир бөлүгү болуп эсептелет жана жеке өкүл (мураскор) же расмий орган тарабынан талап кылынышы мүмкүн. |
| Казахстан | Бирдиктүү топтоо пенсиялык фондундагы пенсиялык топтоо аманатчынын менчиги болуп саналат, ошондуктан алар милдеттүү түрдө мураска алынат. “Казакстан Республикасында пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө” Казакстан Республикасынын мыйзамынын 50-беренесинин 5-пунктуна ылайык, алуучу, ошондой эле Бирдиктүү топтоо пенсиялык фондунда топтоолору бар жана пенсия курагына жете элек адам каза болгон учурда, анын үй-бүлөсү же сөөктү койгон адамга сөөк коюу үчүн бир жолку төлөм тиешелүү финансылык жыл үчүн белгиленген 52 ,4 эселенген айлык эсептик көрсөткүчтүн чегинде төлөнөт. Ошол эле учурда ал жеке пенсиялык эсептеги каражаттардын көлөмүнөн ашпоого тийиш. Сөөк коюуга төлөнгөндөн кийин пенсиялык топтоолордун калдыгы, эгерде калган сумма пенсиянын минималдуу өлчөмүнөн ашпаса, сөөк коюуга төлөм катары берилет. Минималдуу пенсия ашып кетсе, калган сумма мураска өтөт. Эгерде керээз болбосо же бүткүл мурастын тагдырын аныктабаса, пенсиялык топтоолорду мурастоо керээз боюнча же мыйзам боюнча жүзөгө ашырылат. Мураскор бул акчаны алуу үчүн нотариуска мурасты кабыл алуу жөнүндө арыз же мураска укук күбөлүгүн берүү жөнүндө арыз берүүгө тийиш. Мурас ачылган күндөн тартып алты айдын ичинде, башкача айтканда, мурас калтыруучу каза болгон күндөн тартып алты айдын ичинде кабыл алынышы мүмкүн. Казакстан Республикасынын Жарандык кодексине ылайык мураскорлор жети этапка бөлүнөт. Биринчиден, мыйзам боюнча мурастоо укугун мурас калтыруучунун балдары, |

[41] Казакстандын мисалынан башка бардык мисалдар (өзүнчө шилтеме) булактан ылайыкташтырылган: https://www.enpf.kz/ru/services/recipient/heir.php

| | |
|---|---|
| | анын ичинде асырап алынган балдары, ошондой эле жубайлары жана ата-энелери бирдей үлүштө алышат. Экинчи даражадагы укук улантуучулар - мураскордун бир туугандары, эже-сиңдилери, чоң ата, чоң энеси жана неберелери[42]. |
| Малайзия | Салым салуучу каза болгон учурда аманаттарды мурастоо. |
| Жаңы Зеландия | Аманаттын суммасы катышуучу мөөнөтүнөн мурда каза болгон учурда мураска калышы мүмкүн. Бул үчүн мураскорлор мүчөнүн жеке пенсиялык камсыздоочу-провайдерин билиши керек. |
| Сингапур | Салым салуучунун өмүрүн камсыздандыруу системасы камсыздандырылган адамга жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө өлүмгө алып келген оору же толук майып болгондо, же камсыздандырылган адам каза болгондо алгачкы бир нече жыл ичинде каржылык колдоо алууга мүмкүндүк берет. Мында салым салуучунун өзү үчүн төлөмдүн суммасы канчалык чоң болсо, мураска каражат ошончолук аз боло турган принцип колдонулат жана тескерисинче. |
| Чили | Пенсионерлер каалаган убакта камсыздандыруу компаниясынан өмүр бою колдоно турган аннуитет сатып алуу үчүн балансын колдоно алышат (эгерде алар өмүрлүк аннуитет сатып алууга жарамдуу болсо). Өлгөндөн кийин калган каражаттар мураска калат. |
| Швеция | Өлкөнүн бүтүндөй калкы туулган жылы боюнча жаш курактык кластерлерге бөлүнөт. Өткөн жылы каза болгон адамдардын алар тирүү кезинде сарптабаган пенсиялык топтоолору ошол эле туулган жылдагы пенсионерлердин ортосунда бөлүштүрүлөт. Ошентип, кыйыр түрдө каза болгон эркектердин аманаттары пенсионер аялдардын абалын жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзөт. |

Ошентип, Казакстанда колдонулган мурас системасы Кыргыз Республикасындагы абалга эң жакын. Ошондой эле, “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамынын 32-беренесинде “Пенсионердин өлүмүнө байланыштуу алынбай калган пенсияны жана пенсиялык топтоолорду жана көмүү пособиесин төлөө” көрсөтүлгөндөй эле, “Пенсионердин өлгөндүгүнө байланыштуу алынбай калган пенсияны ата-энеси, жубайы, балдары бирдей үлүштөрдө алууга, ал эми алар жок болгондо мураска укуктуу үй-бүлө мүчөлөрү алууга укуктуу”. Пенсионердин каза болгондугуна байланыштуу алынбай калган пенсияны төлөөнүн эскирүү мөөнөтү (Казакстанда - пенсиялык топтоо жеке камсыздандыруу эсебинин топтолгон бөлүгүндө камтылган ар кандай камсыздандырылган адам, эгерде адам пенсияга жашына чыга элек болсо да), ошондой эле мурастоо тартиби Жарандык кодексте белгиленет.

Мыйзам актыларын инвентаризациялоонун алкагында “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамынын 32-беренесинин төмөнкү жобосун колдонууга болот:

[42] https://newtimes.kz/eksklyuziv/104813-chto-delaet-enpf-s-nakopleniiami-umershikh-vkladchikov



«Социалдык тенологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси. эл.почта: ngo.sta.kg@gmail.com / her0datkaiym@gmail.com

"каза болгон камсыздандырылган адамдын жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө камтылган пенсиялык топтоолордун каражаттарынан мурасчыларга пенсиялык төлөмдөрдү жүргүзүүнүн шарттары жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат" бул тартип жогоруда көрсөтүлгөн талдоонун натыйжаларын эске алуу менен кененирээк аныкталсын.

Ошону менен катар эле жол-жоболорду иретке келтирүү жана "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамын, камсыздандырылган адамдардын укуктары жана милдеттери жөнүндө 9-беренени жана пособиелерди жана компенсацияларды дайындоо жана төлөө жөнүндө 18-берененин "Камсыздандырылган адамдардын өлгөн күнүнө карата талап кылынбаган пособие аны менен чогуу жашаган үй-бүлө мүчөлөрүнө же өлгөн адамдын багуусунда болгон адамга төлөнөт" 4-пунктун: аткаруу тартибин иретке келтирүү жана парламенттик көзөмөлдү күчөтүү зарыл..

**Корутунду:** "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө", "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө", "Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" мыйзамдын долбоору.) Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келет жана эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган (Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенциянын) камсыз кылуучу ченемдерди камтыйт.

Мыйзам долбоорунун колдонуудагы текстинде тилдик сексизмдин мисалдары жана Мыйзам долбооруна гендердик өлчөмдү киргизүү үчүн колдон чыгарылган мүмкүнчүлүктөр аныкталган. Бирок, бул мүмкүнчүлүктөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 32-беренесинин жана "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 9, 18-беренелеринин жоболорун конкреттештирүүгө багытталган мыйзам алдындагы актыларды иштеп чыкканда ишке ашырылышы мүмкүн.

**Сунуштар.**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 32-беренесинин жана "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 9, 18-беренелеринин жоболорун конкреттештирүүгө багытталган мыйзам алдындагы актыларды иштеп чыгууда адистештирилген гендердик экспертизанын жыйынтыгы боюнча аныкталган фактыларды жана пенсиялык системага гендердик талдоо жүргүзүүнүн натыйжаларын эске алуу сунушталат.

Мыйзамдардын гендердик экспертизасынын натыйжаларынын келтирилген мисалдары формалдуу эмес жана объективдүү талдоо жүргүзүү менен гендердик өлчөм экономиканын, социалдык чөйрөнүн жана коомдук турмуштун ар кандай секторлорунда жана тармактарында бар экендигин көрүүгө мүмкүндүк берет, демек, ар бирсектордун жана тармактын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны реформалоодо эске алынышы мүмкүн.

## IV бөлүм. Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенциянын жоболорунун аткарылышы жөнүндө отчет берүү

Азыркы шарттарда көпчүлүк бейөкмөт уюмдардын ишмердүүлүгү адам укуктарын коргоого багытталган. Адам укуктары боюнча эл аралык система Экинчи Дүйнөлүк Согуштан кийин БУУнун алкагында түзүлгөн, ал негизги конвенциялар боюнча эл аралык милдеттенмелерди аткаруу жөнүндө өлкөлөр тарабынан берилүүчү мезгилдүү отчеттордун тутумуна негизделген. Алардын бири аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция.

Мезгилдүү отчетторду даярдоо процесси - милдеттүү болуп саналат, анын алкагында өкмөттүк эмес уюмдар мамлекеттик бийлик органдары менен, биринчи кезекте тармактык министрликтер жана ведомстволор менен өз ара аракеттенет. Ошондуктан, CEDAW тарыхы жана өкмөттүк эмес уюмдар жана алардын ассоциациялары тарабынан даярдалган өкмөттүк жана альтернативдик («көмүскө» же «параллель» деген терминдер да колдонулат) отчетторду берүүнүн жол-жоболору жөнүндө билим берүү маанилүү.

Кыргызстанда байкалган бул процесстин негизги көйгөйлөрүнүн бири – адам укуктары боюнча улуттук баяндамалардын айрым ведомстволордун ыйгарым укуктарына тиешелүү бөлүмдөрүн жазууга жооптуу болуп дайындалган мамлекеттик кызматкерлердин тез-тез алмашып турушу. Бул институттук эс-тутумдун жетишсиздигине, окууну кайра-кайра өткөрүү зарылчылыгына, акырында ресурстардын ысырап болушуна жана акыркы жыйынтыктын сапатынын төмөндөшүнө алып келет. Бул акыр аягында өлкөнүн эл аралык имиджине таасирин тийгизет.

Мындай шарттарда бейөкмөт уюмдар потенциалды жана институционалдык эс-тутумду сактаган күчкө айлана алышат. Ушул себептен улам, бул Колдонмодо Кыргыз Республикасынын адам укуктары боюнча эл аралык милдеттенмелерди аткаруусу жөнүндө отчет даярдоодо пайда болуучу суроолорго жооп берүү бөлүмүн камтыйт, биздин учурда CEDAW Конвенциясынын милдеттенмелерин аткаруу жөнүндө отчет даярдоодо пайда болуучу сууроолорго жоопторду камтыйт.

### 4.1. Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жоюу жөнүндө Конвенция адам укуктары боюнча эл аралык келишимдер тутумунда кандай орунду ээлейт?

Кыргыз Республикасы 1997-жылдын 10-февралында Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенцияны (CEDAW

Конвенциясы) ратификациялап[43], анын жоболорун сактоо боюнча[44] жана CEDAW Конвенциясынын жоболорунун аткарылышы боюнча ар бир төрт жылда БУУнун Аялдарга карата дискриминациясын жоюу боюнча комитетине отчет берүү жөнүндө милдеттенмелерди өзүнө алган.

Кыргыз Республикасы тарабынан CEDAW ратификациялангандан кийин 20 жылдан ашык убакыттан бери өлкөдө адам укуктары боюнча эл аралык укуктун заманбап системасында каралгандай, улуттук баяндамаларды жазуу жана берүү тажрыйбасы топтолгон. Бейөкмөт уюмдар да Комитеттин мүчөлөрүн кошумча маалымат менен камсыз кылуу үчүн иштелип чыккан альтернативдик (“көмүскө” же “параллелдүү” деген терминдер да колдонулат) отчетторду берүү механизмин өздөштүргөн.

Бирок, ушунча жыл өтсө да, мамлекеттик кызматкерлер, анын ичинде БУУнун Комитеттеринде мезгилдүү баяндамаларды жазуу, талкуулоо жана коргоо процесстерине түздөн-түз катышкандардын арасында БУУнун адам укуктары системасы жөнүндө да, бул үзгүлтүксүз процесске катышуу мамлекеттер үчүн маанилүү экенин себептери жөнүндө да толук түшүнүктөрү жок.

Мындан тышкары, акыркы жылдары геосаясий процесстерге байланыштуу жалпысынан адам укуктарын коргоо боюнча эл аралык системанын натыйжалуулугу, анын ичинде БУУнун адам укуктары боюнча келишимдик органдарынын алкагында катышуучу-мамлекеттердин милдеттенмелери боюнча коомдук талкуу кайрадан жанданды. Кээ бир концептуалдык негиздер жана ыкмалар кайра каралып жатат. Алардын арасында актуалдуу суроолор сакталып калууда: бул өлкөгө эмне үчүн керек, карапайым жарандар, алардын ичинде CEDAW конвенциясынын максаттарын эске алуу менен, айрыкча аялдар жана кыздар, бул отчеттордон кандай пайда көрүшөт?

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишин ведомстволор аралык координациялоонун механизмдерин өркүндөтүүгө, ошондой эле өлкөнүн эл аралык милдеттенмелерин аткаруунун жүрүшүнө мониторинг жүргүзүү жана баалоо процессинде алардын жарандык коом уюмдары, өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүсү өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

Кыргызстанда байкалган бул процесстин негизги көйгөйлөрүнүн бири – адам укуктары боюнча улуттук баяндамалардын айрым ведомстволордун ыйгарым укуктарына тиешелүү бөлүмдөрүн жазууга жооптуу болуп дайындалган мамлекеттик

[43] Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 1996-жылдын 25-январындагы N 320-1 жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын 1996-жылдын 6-мартындагы № 257-1 токтомдору. Ратификациялоо процедурасы ратификациялык грамоталар БУУнун Башкы катчысына сактоого берилгенде аяктайт. Кыргыз Республикасынын CEDAWга кошулуусу жөнүндө ратификациялык грамота 1997-жылдын 10-февралында тапшырылган, ушул күндөн тартып CEDAW боюнча милдеттенмелерди эсептөө башталат. Кыргыз Республикасы 2002-жылдын 22-июлунда CEDAW факультативдик протоколуна кошулган.

[44]Андан ары жана бүтүндөй текст боюнча: кыскача айтканда, БУУнун Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жок кылуу боюнча Конвенциясы кыскартылган «CEDAW», БУУнун Аялдарга карата дискриминацияны жоюу боюнча комитети – «Комитет» деп аталат.

кызматкерлердин тез-тез алмашып турушу. Бул институционалдык эс-тутумдун жоктугуна, окууну кайра-кайра өткөрүү зарылчылыгына, акырында ресурстардын ысырап болушуна жана акыркы жыйынтыктын сапатынын төмөндүгүнө алып келет. Булардын бардыгы өлкөнүн эл аралык имиджине таасир этет.

Ушул себептен улам, мамлекеттик кызматкерлер тарабынан колдонууга арналган бул Колдонмо Кыргыз Республикасынын адам укуктары жаатындагы эл аралык милдеттенмелери боюнча, бул учурда CEDAW боюнча отчеттуулук темасы боюнча эң көп берилүүчү суроолорго жооп берүү максатында бөлүмү киргизилген.

Адам укуктары жаатындагы эл аралык укук - инсандын укуктарын жана негизги эркиндиктерин эл аралык коргоону жөнгө салуучу жана улуттук мыйзамдар үчүн адам укуктарынын эл аралык стандарттарын билдирген принциптердин жана ченемдердин жыйындысы. Анын негизин биринчи кезекте БУУ системасынын, ошондой эле аймактык уюмдардын (мисалы, Европа Кеңешинин же Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Адам укуктары жана негизги эркиндиктери боюнча Конвенциясын ишке ашыруу алкагындагы өлкөлөрдүн милдеттенмелери[45]) келишимдери жана алар тарабынан иштелип чыккан стандарттар түзөт.

**Сексуалдык жана репродуктивдик ден соолукту коргоонун маанилүү элементи болуп төрөт курагындагы аялдарды үй-бүлөнү пландаштыруунун заманбап ыкмалары менен камтуу деңгээли саналат** (ТӨМ 3.7.1). 2018-жылы мындай ыкмаларды колдонгон аялдардын үлүшү 2014-жылдагы 68,7 пайызга салыштырмалуу 67,4 пайызга чейин кыскарган деп билдирет КККС. Бойго бүтүрбөөчү каражаттарды эң көп колдонгондор 30-34 (76,2 пайыз) жана 35-39 (74,5 пайыз) курактагы, жогорку билимдүү (74,3 пайыз) жана байлык деңгээли жогору (эң бай квинтилде 71,4 пайыз) аялдар.

**Өспүрүмдөрдүн кош бойлуулугу жана эне болуусу олуттуу медициналык жана социалдык көйгөй болуп саналат.** 2020-жылы 1000 аялга 33,4 учур туура келип, 2014-жылга салыштырмалуу бир аз төмөндөгөн (анда 43,3 пайызды түзгөн).

**Аймактар жана жынысы боюнча 15–19 жаштагы аялдарда төрөлгөн балдардын саны** *(төрөлгөн балдардын саны ушул курактык топтогу аялдардын 1 000ине)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **34,1** | **43,3** | **42,3** | **38,1** | **33,9** | **35,9** | **37,7** | **33,4** |
| Шаар жерлери | | 45,1 | 39,7 | 37,6 | 35,6 | 38,8 | | |
| Айыл жерлери | | 42,6 | 43,3 | 38,3 | 33,2 | 34,8 | | |
| Баткен областы | 36,1 | 43,3 | 42,5 | 36,5 | 31,2 | 30,2 | 35,7 | 31,2 |
| Жалал-Абад областы | 38,8 | 47,7 | 46,8 | 39,3 | 34,7 | 36,2 | 38,0 | 35,7 |
| Ысык-Көл областы | 30,2 | 31,8 | 33,3 | 32,8 | 25,5 | 28,8 | 25,3 | 21,3 |
| Нарын областы | 29,7 | 29,2 | 27,6 | 29,1 | 20,2 | 22,7 | 20,8 | 20,1 |
| Ош областы | 32,9 | 45,8 | 49,1 | 41,6 | 38,5 | 35,2 | 37,9 | 35,6 |
| Талас областы | 48,5 | 58,2 | 49,0 | 41,9 | 34,9 | 37,1 | 34,1 | 27,2 |
| Чүй областы | 44,0 | 50,8 | 47,2 | 47,8 | 46,4 | 52,1 | 51,0 | 44,5 |
| Бишкек шаары | 20,4 | 26,5 | 22,0 | 21,4 | 17,4 | 24,3 | 28,9 | 22,2 |
| Ош шаары | 27,0 | 54,9 | 50,7 | 52,6 | 51,6 | 65,0 | 77,0 | 63,7 |

**Никеге чейинки курактагы кыздардын төрөшүнүн эң жогорку көрсөткүчү** Ош шаарында (63,7) байкалган, ал жерде 2020- жылы республикалык көрсөткүчтөн дээрлик эки эсе, Чүй областында (44,5) катталган. Мындай көрүнүштүн себептеринин бири эки аймак тең айрым этникалык жамааттардын

өкүлдөрүнүн компакттуу жашаган жери болуп саналат, алар үчүн эрте никеге туруу салтка айланган.

Акыркы жылдарда жетишилген оң динамикага карабастан, **энелердин өлүмүнүн деңгээли туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү негизги көйгөйлөрдүн бири бойдон калууда (ТӨМ 3.1.1).** 2019-жылы энелердин өлүмүнүн көрсөткүчү 100 миң тирүү төрөлгөнгө 24,8ди түзүп, 2010 жана 2014-жылга салыштырмалуу дээрлик эки эсе кыскарган. Бирок 2020-жылы бул тенденция кескин түрдө үзгүлтүккө учурап, республика боюнча орточо эсеп менен бул көрсөткүч 38,6 учурга чейин өскөн (өзгөчө Ысык-Көл облусунда – 90,6 учур, 2019-жылга салыштырмалуу – 28,4 учур). Аймакта бул көрсөткүч 2010-жылга салыштырмалуу 2021-жылы рекорддук көрсөткүчкө жеткен.

**Аймактар боюнча тирүү төрөлгөн балдардын 100 000ине энелердин өлүмүнүн коэффициенти**

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **51,3** | **50,1** | **38,5** | **30,3** | **31,9** | **28,6** | **24,8** | **38,6** |

**Мында төрөттөрдүн 99 пайыздан ашыгы (2020-жылы 99,3 пайыз) квалификациялуу медициналык кызматкерлер тарабынан кабыл алынган** (ТӨМ 3.1.2). Аялдардын медициналык мекемелерден тышкары төрөгөн учурлары сейрек кездешет, ошондуктан төрөттүн медициналык мекемеде болгондугуна эмес, медицина кызматкерлеринин квалификациясына, ошондой эле аялдын канча убакыт төрөт, кош бойлуулук кезинде медициналык байкоодо болгонуна өзгөчө көңүл бурулат. КККС-2018дин маалыматы боюнча төрөттөгү аялдардын 84,2 пайызы врачтын, 15,4 пайызы медайымдын же акушерканын, 0,3 пайызы фельдшердин көзөмөлүндө болсо, 0,2 пайызы гана такыр байкоодо болгон эмес.

**Неонаталдык өлүм** (ТӨМ 3.2.2) 2020-жылы олуттуу кыскарып, 11,7 учурду түзгөн, ал эми 2010-жылы 16,4, 2014-жылы 15,6 учурду түзгөн. Өлгөндөрдүн арасында эркек балдар көбүрөөк, бирок гендердик ажырым акырындык менен кыскарып, 2020-жылы 1,5 пайыздык пунктту түздү.

**Аймактар жана жынысы боюнча тирүү төрөлгөндөрдүн 1 000ине неонаталдык өлүм**
*(0-27 күндүк курактагы өлгөн балдардын саны тирүү төрөлгөндөрдүн 1 000ине)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **16,4** | **15,6** | **14,0** | **12,7** | **11,8** | **12,0** | **11,8** | **11,7** |
| аялдар | 14,4 | 14,3 | 12,5 | 11,9 | 10,4 | 10,7 | 10,7 | 11,0 |
| эркектер | 18,3 | 16,9 | 15,4 | 13,4 | 13,1 | 13,2 | 12,9 | 12,5 |




**Учурда балдардын 95 пайыздан ашыгын эмдөө менен камсыз кылуу деңгээлин сактоо менен калктын эмдөөдөн өтүшү камсыз кылынууда.** Натыйжада жугуштуу жана мите оорулардан ымыркайлардын өлүмүнүн үлүшү 2 пайызга жакынды түздү. 2018-жылдагы Көптөгөн индикатордук кластердик изилдөөгө ылайык, 12-23 жана 24-35 айлык жаш курактагы балдардын вакцина менен алдын ала турган балдар ооруларына каршы эмдөө пайызы өтө жогору. Сурамжыланган үй чарбаларындагы балдардын 99,7 пайызында эмдөө картасы бар. Балдардын 2,4 пайызы эмделбейт, алардын ичинде эркек балдар кыздарга (0,7 пайыз) караганда бир топ жогору (3,9 пайыз).

**Квалификациялуу медициналык адистердин санынын азайышы байкалууда** (3.с.1). Аял-дарыгерлер эркек-дарыгерлерге караганда 2 эсе көп, алардын санынын азайышы бирдей деңгээлде эки жыныска тең мүнөздүү. Борбор калаада дарыгерлердин санынын кыскаруусу өзгөчө байкалат: Бишкек шаарында 1000 кишиге 2.4 дарыгер келет, ал эми 2010-жылы калктын 1000ине 3,0 дарыгер туура келчү. Акыркы жылдарда акушердик жана медайымдык персоналдын саны жана гендердик ажырымы дээрлик өзгөргөн жок.

3-ТӨМ көрсөткүчтөрү боюнча эне жана ымыркай өлүмүн кыскартууда бир аз жылыштар бар. Ал эми өмүрдүн узактыгы, негизги оорулардын пайда болушу, өлүмдүн себептери боюнча гендердик ажырымдын жогорку деңгээли сакталууда.

## 4-ТӨМ. Сапаттуу билим

**ККК Стин маалыматтарына ылайык, ден соолук, окуу жана психосоциалдык бакубаттуулук жагынан четтөөсүз өнүккөн 3 жаштан 5 жашка чейинки балдардын үлүшүнүн коркунучтуу тенденциясы байкалууда**

(ТӨМ 4.2.1). Ал 2018-жылы 71,7 пайызга төмөндөгөн, 2014-жылы 78,3 пайызды түзгөн. Балдардын көрсөткүчтөрү 7,9 пайыздык пунктка, кыздардыкы 5,6 пайыздык пунктка начарлаган. Бул көрсөткүчтүн эненин билим деңгээли менен олуттуу байланышы жок, бирок үй-бүлөнүн бакубаттуулугунан кандайдыр бир көз карандылык бар, ошондуктан ден соолук окуу жана психосоциалдык бакубаттуулук жагынан четтөөсүз өнүккөн 3 жаштан 5 жашка чейинки балдардын эң жакыр квинтилде (72,5 пайыз) жашагандардын, эң бай квинтилден (78,0 пайыз) жашагандарга салыштырмалуу үлүшү начар. Бул индикатор боюнча эң начар көрсөткүчтөр Жалал-Абад, Талас жана Ош областтарында.

**Ден соолук, окуу жана психосоциалдык бакубаттуулук жагынан четтөөсүз өнүккөн 36-59 айлык балдардын үлүшү, аймактар боюнча ***

| | 2014 | 2018 |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **78,3** | **71,7** |
| ***Жынысы боюнча*** | | |
| Эркек балдар | 76,1 | 68,2 |
| Кыздар | 80,6 | 75,0 |
| ***Энесинин билим деңгээли боюнча*** | | |
| билими жок/башталгыч | (*) | (*) |
| негизги жалпы | 70,1 | 71,0 |
| толук жалпы | 77,2 | 73,8 |
| кесиптик башталгыч/орто | 80,8 | 70,6 |
| жогору | 81,8 | 69,6 |
| ***Байлыктын квинтилдик индекси боюнча*** | | |
| эң кедей | 76,5 | 72,5 |
| экинчи | 80,3 | 70,6 |
| орточо | 73,0 | 67,2 |
| төртүнчү | 79,3 | 71,0 |
| эң бай | 84,3 | 78,0 |

* Көптөгөн индикатордук кластердик изилдөөнүн маалыматтарына ылайык

**Кыздар менен эркек балдардын ортосунда билим берүү менен камтууда айрым айырмачылыктар бар.** Кыздардын эркек балдарга карата катышынын деңгээли башталгыч жана негизги билим берүүдөгү кыздардын толук эмес орто мектепке (1–9-класстар) эркек балдарга караганда аз тапшыра тургандыктарын көрсөтөт. Бирок кыздар көбүнчө толук орто мектептеринен (10–11-класстар) билим алышат, ошол эле убакта эркек балдар окуу системасынан 9-класстан кийин чыга башташат. Бул материалдык муктаждыктан улам эрте жаш куракта кесиптик билим алууга мажбур болгон жаштардын санынын өсүүсүнө байланыштуу. Жаштардын бир бөлүгү кесиптик лицейлерге (училища), кесиптик орто окуу жайларына же эмгек рыногуна тез чыгууга даярдоочу кыска мөөнөттүү окуу курстарына окууга өтүшөт.

Толук орто мектептерде билим алып жаткан окуучулардын жалпы санында кыздар басымдуулук кылган, алардын үлүшү 2020/21-окуу жылынын башында 54 пайыздан ашкан.

**Башталгыч, толук эмес орто жана орто жалпы билим берүү уюмдарда кыздар менен эркек балдардын катышы (окуу жылынын башына карата, пайыз менен)**




**Мектепте билим албаган 7-17 жаштагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн санынын кыскаруусу акырындык менен жүрүп жатат**, 2020-жылы бул көрсөткүчтүн дагы өсүшү белгиленди. Мектепке барбаган эркек балдардын саны (1570), кыздардын санына (1075) караганда көбүрөөк. Негизги себеби ден соолуктун чектелиши: балдардын 63,4%, кыздардын 65,9% ушул себептен мектепке барышпайт. Бул көрсөткүчтөр 2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы 10 пайыздык пунктка жана 2010-жылдан бери 30 пайыздан ашуунга өстү, ал учурда мындай балдардын саны, эркек балдар жана кыздар, 30 пайыздан төмөн болгон. Балдардын 17,2%ы, кыздардын 12,9%ы үй-бүлөлүк шартка байланыштуу мектепке барышпайт, балдардын 5,9%ы, кыздардын 7%ы иштөөгө мажбур болушат. Ошол эле учурда иштеген кыздардын саны туруктуу өсүүдө.

**Мектепти таштап кеткен балдардын көбү айыл жеринде, алардын саны шаардыктарга караганда 2,3 эсе көп.** Бул балдардын көбү Ош областында (1077 бала), бул өлкөдөгү мектепке барбаган балдардын дээрлик жарымын түзөт.

**Балдардын жарымы гана сабаттуулуктун минималдуу деңгээлине ээ. КККСтин** жыйынтыгы боюнча сабаттуулуктун минималдуу деңгээлине ээ болгон 7 жаштан 14 жашка чейинки балдардын үлүшү 57,9 пайызды, ал эми эсептөө көндүмдөргө ээ болгон балдардын саны 51,3 пайызды түзөт (ТӨМ 4.1.1). Кыздардын окуу жана эсептөө жөндөмдөрү балдарга караганда орто эсеп менен 4 пайызга жакын жогору. Шаардык балдардын окуу көндүмдөрү айылдыктардыкынан 12,9 пайызга жогору, ал эми шаардагы эркеке балдар менен айылдагы эркек балдардын ортосундагы айырма андан дагы жогору - 14,6 пайызды түзөт. Эсептөө көндүмдөр боюнча айырма, орточо эсеп менен алганда, бир аз азыраак 7,4

пайызды түзөт, бул айырма эркек балдар (7,8 пайыз) арасында кыздарга (4,5 пайыз) караганда чоңураак.

*Үч тапшырманы* **ийгиликтүү аткарган 7-14 жаштагы балдардын пайыздык үлүшү** *(%)*

| | 2018 | |
|---|---|---|
| | **негизги көндүмдөр жана окуу боюнча тапшырмалар** | **негизги көндүмдөр жана эсептөө боюнча тапшырмалар** |
| **Үч тапшырманы ийгиликтүү аткарган 7-14 жаштагы балдардын пайыздык үлүшү** | 57,9 | 51,3 |
| ***Жашаган жери боюнча*** | | |
| Шаар жеринде | 66,7 | 56,4 |
| эркек балдар | 65,6 | 56,3 |
| кыздар | 67,9 | 56,7 |
| Айыл жеринде | 53,8 | 49,0 |
| эркек балдар | 51,0 | 48,5 |
| кыздар | 56,6 | 52,2 |
| ***Жынысы боюнча*** | | |
| эркек балдар | 55,8 | 49,3 |
| кыздар | 60,1 | 53,5 |

**Кыргыз Республикасындагы мектеп мугалимдеринин басымдуу көпчүлүгүн аялдар түзөт.** Бул билим берүүдөгү кесиптик сегрегациянын натыйжасы, аялдардын 89 пайызы мугалимдик кесипти тандашат. 2020/2021-окуу жылынын башында мугалимдердин жалпы санында аялдардын үлүшү 85,5 пайызды, эркектердики 14,5 пайызды түздү. Айлык акынын аздыгы мектепке эркек мугалимдердин агылып келишине тоскоол болот, ал эми мектепте иштеген эркек мугалимдер лидерликти ээлешет, демек, жогорку акы төлөнүүчү кызматтарды ээлешет.

**Күндүзгү жалпы билим берүүчү уюмдарда мугалимдердин саны (айкалыштырып иштегендерсиз) жынысы боюнча (окуу жылынын башына карата)**

| | Бардыгы, адам | анын ичинде | | Мугалимдердин жалпы санына карата салыштырма салмагы, пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер |
| **2014/2015** | 72 928 | 60 861 | 12 067 | 83,5 | 16,5 |
| **2015/2016** | 75 529 | 63 345 | 12 184 | 83,9 | 16,1 |
| **2016/2017** | 79 472 | 66 784 | 12 688 | 84,0 | 16,0 |
| **2017/2018** | 80 773 | 68 176 | 12 597 | 84,4 | 15,6 |
| **2018/2019** | 77 639 | 65 924 | 11 715 | 84,9 | 15,1 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **2019/2020** | 78 552 | 66 976 | 11 576 | 85,3 | 14,7 |
| **2020/2021** | 82 055 | 70 169 | 11 886 | 85,5 | 14,5 |

**Экономиканын тармактары боюнча эмгек рыногундагы гендердик сегрегациянын башталышы кесиптик билим берүүдөн келип чыгат.** Орто кесиптик билим берүү уюмдарында “билим берүү” (2020-жылы – 88,2 пайыз), “кеңири керектелүүчү товарлардын технологиясы” (86,1 пайыз), “саламаттык сактоо” (81,2 пайыз), “маданият жана искусство” (71,7 процент), “сервис” (59,8 пайыз) багыттарында окуган аялдардын үлүшү жогору. Ошол эле учурда “архитектура жана курулуш” (10,6 пайыз), “пайдалуу кендерди иштетүү” (2,9 пайыз) адистиктери боюнча окуган кыздар аз.

HERo ДаткАйым

This project is funded by the European Union

**Адистиктин топтору жана жынысы боюнча орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын студенттери**


(2020/2021 - окуу жылынын башына карата; пайыз менен)




**Тармактар боюнча гендердик сегрегация жогорку окуу жайларына да мүнөздүү.** Жогорку окуу жайларынын студенттеринин арасында 2020/2021-окуу жылында аялдар 52,2 пайызды түзөт. Салттуу түрдө төмөнкү багыттар боюнча окуган аялдардын үлүшү жогору: “билим берүү” (студенттердин жалпы санынын 85,9 пайызы), “гуманитардык илимдер” (81,9), “тейлөө чөйрөсү” (63,4). Ошол эле

учурда эркектер ”архитектура жана курулуш” (81,9), “айыл чарба илимдери” (70,7), “техникалык илимдер” (74,3) адистиктерин тандашат.

**Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарындагы студенттердин окуунун багыттары жана жынысы боюнча бөлүштүрүү**
(2020/2021 - окуу жылынын башына карата; пайыз менен)





**Аспиранттар жана докторанттар арасында аялдар көбүрөөк.** Аспиранттардын арасында аялдардын санынын өсүшү анча байкалбайт: 2014-жылдан 2020-жылга чейин 1 гана пайызга өскөн. Бирок ошол эле мезгилде докторанттардын арасында алардын саны 42,8 пайыздан 61,6 пайызга же 18,8 пайыздык пунктка өскөн. Эгерде 5 жыл мурун докторантурада аялдарга караганда эркектер көп болсо (57,2 пайыз), азыр алар 31,0 пайызды гана түзүшөт.


This project is funded by the European Union

**2020-жылы аспиранттар жана докторанттар (жыйынтыкка карата пайыз менен)**

Аспиранттар



Докторанттар



Ошентип, Кыргыз Республикасында баштапкы билим берүүнүн деңгээлинде кыздар менен эркек балдардын ортосунда гендердик ажырым жок. Ошол эле учурда мектептин жогорку класстарында жана жогорку билим берүү системасында уландардын саны азаюуда. Учурдагы тенденциялар улана берсе, билимдүү аялдар менен эркектердин билим берүү системасын таштап кетишинин ортосунда олуттуу ажырым пайда болушу мүмкүн, бул келечекте терс демографиялык жана социалдык кесепеттерге алып келет. Кесиптик билим берүүдөгү туруктуу гендердик сегрегация аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн чектейт.

## 5-ТӨМ. Гендердик теңчилик

**Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча мамлекеттик органдарга жардам сурап кайрылгандардын** саны бир катар мамлекеттик органдар тарабынан көзөмөлдөнөт. Учурдагы же мурунку интимдик өнөктөшү (ТӨМ 5.2.1) тарабынан аялдарга карата физикалык, сексуалдык же психологиялык зомбулуктун көлөмүн иликтөө аркылуу өлчөөгө болот.

**Соттук-медициналык экспертиза бөлүмдөрүнө кайрылуулардын саны боюнча медициналык статистика**: 2018-жылы 1305 кайрылуу болсо, 2014-жылга (1988) салыштырмалуу кайрылуулардын саны 683 учурга азайган. 2019-жылы жана 2020-жылы арыздардын саны өсүп, 2018-жылга салыштырмалуу 459 жана 408 арызга көбөйгөн, тиешелүүлүгүнө жараша 1764 жана 1713 учур катталган. Тез жардам станциясына кайрылгандардын саны 2019-жылы жана 2020-жылы көбөйүп, 2018-жылга салыштырмалуу 211 жана 180ди түзсө, ал эми 2018-жылы 47 кайрылуу болгон.

**Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча саламаттык сактоо органдарына кайрылган аялдардын саны**

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| соттук-медициналык экспертиза бөлүмдөрүнө | 1308 | 1988 | 936 | 1172 | 1382 | 1305 | 1764 | 1713 |
| фельдшердик-акушердик пункттарга | 68 | 35 | 12 | 2 | 1 | | 2 | 1 |
| алгачкы медициналык жардамды көрсөтүүчү жана ҮМБ саламаттык сактоо уюмдарына | 401 | 495 | 666 | 657 | 629 | 555 | 539 | 379 |
| тез жардам станцияларына (бөлүмдөрүнө, ооруканаларына) | 414 | 570 | 485 | 372 | 176 | 47 | 211 | 180 |
| үй-бүлөдөгү зомбулуктун натыйжасында пайда болгон оорулардан (жаракаттардан) дарыланган аялдардын саны | 445 | 731 | 1896 | 1404 | 1084 | 970 | 939 | 789 |

**2010-жылга салыштырмалуу үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча ички иштер органдарына кайрылуулардын саны 4 эсе өскөн**. 2017-жылы көрүлгөн чаралар, анын ичинде ички иштер органдарынын үй-бүлөлүк зомбулук боюнча келип түшкөн арыздарына чара көрүү милдети бирдиктүү коргоо ордерин киргизүү арыздардын санынын өсүшүнө алып келди. Көбүнчө үй-бүлөлүк зомбулуктан 21 жаштан 40 жашка чейинки, орто билимдүү, иштебеген аялдар жабыркайт.

**Жынысы жана курагы боюнча үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандардын саны,**
**калктын 10 000ине**

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | 3,3 | 4,5 | 5,5 | 11,4 | 11,7 | 11,0 |
| ***Жынысы боюнча:*** | | | | | | |
| аялдар | 6,0 | 8,5 | 10,6 | 21,9 | 22,1 | 20,0 |
| эркектер | 0,5 | 0,3 | 0,3 | 0,7 | 1,2 | 1,9 |
| ***жаш курагы боюнча, жыл:*** | | | | | | |
| 20га чейин | 0,9 | 0,4 | 0,5 | 2,1 | 1,5 | 0,9 |
| 21-30 | 6,1 | 7,4 | 9,2 | 18,2 | 16,5 | 19,0 |
| 31-40 | 7,7 | 11,7 | 15,8 | 29,1 | 29,1 | 25,1 |
| 41-50 | 4,5 | 7,6 | 9,8 | 22,3 | 22,9 | 23,2 |
| 51 жана андан улуу | 1,5 | 3,4 | 2,8 | 5,6 | 10,4 | 8,5 |

Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги.

**Жыл сайын берилген коргоо ордерлеринин саны 3 эсеге өсүүдө.** 2020-жылы алардын саны 8577ге жетип, үй-бүлөлүк-турмуштук мамилелер чөйрөсүндө укук бузуулар боюнча каттоодо тургандардын саны 3991 адамга жеткен.

**2014-2020-жылдар аралыгында** үй-бүлөлүк зомбулук боюнча иштерди кароо үчүн козголгон жана сотторго жөнөтүлгөн кылмыш иштеринин саны 1,5 эсе өскөн.

**Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча козголгон кылмыш иштери**

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Козголгон кылмыш иштери, сотко өткөрүлгөндөрү** | **243** | **238** | **199** | **218** | **369** | **649** | **341** |

Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги.

**Кыргыз Республикасындагы басмырлоочу нике практикасы боюнча расмий маалыматтар эрте жана мажбурлап никеге туруу сыяктуу кылмыштардын каттоолору аркылуу көзөмөлдөнүүдө.** КККСтин маалыматтарына ылайык аялдардын 12,9 пайызы бойго жеткенге чейин, 0,3 пайызы 15 жашка чейин турмушка чыгышкан (ТӨМ 5.3.1).

**15 жаштан жана 18 жашка чейин никеге же бирликке турган 20–24 жашка чейинки аялдардын үлүшү**

| | 2018 | |
|---|---|---|
| | **15 жашка чейин никеге тургандардын пайыздык үлүшү** | **18 жашка чейин никеге тургандардын пайыздык үлүшү** |
| **Кыргыз Республикасы** | **0,3** | **12,9** |
| Шаар жерлери | 0,6 | 8,4 |
| Айыл жерлери | 0,1 | 15,7 |
| Баткен областы | 0,0 | 14,4 |
| Жалал-Абад областы | 0,0 | 13,6 |
| Иссык-Көл областы | 0,0 | 11,5 |
| Нарын областы | 0,0 | 18,4 |
| Ош областы | 0,0 | 18,3 |
| Талас областы | 2,8 | 16,5 |
| Чүй областы | 0,0 | 11,6 |
| Бишкек шаары | 1,0 | 5,3 |
| Ош шаары | 0,0 | 13,2 |

**2020-жылы 15 жаштан 17 жашка чейинки кыздардын төрөгөн учурлары 1000 аялга 4,3 учурду** түзүп, 2014-жылга салыштырмалуу 32 пайызга азайган. Никеге чейинки жаш курактагы кыздардын төрөтүнүн эң жогорку көрсөткүчү Талас

жана Чүй областтарында байкалды, бул 2020-жылы республикалык көрсөткүчтөн 1,3–2,2 эсеге жогору жана 15–17 жаш курактагы кыздардын 1 000ине 5,6 жана 9,5 жаңы төрөлгөн бала туура келди.

**Аймактар боюнча никеге чейинки жаш курактагы (15–17 жаш) аялдардан төрөлгөн балдардын саны**
(ушул жаштагы аялдардын 1 000ине төрөлгөндөрдүн саны)

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **7,4** | **7,0** | **6,4** | **5,4** | **5,0** | **5,7** | **4,3** |
| Баткен областы | 3,5 | 4,4 | 2,4 | 2,5 | 1,5 | 2,0 | 1,1 |
| Жалал-Абад областы | 8,7 | 8,0 | 6,6 | 5,2 | 3,9 | 5,0 | 4,3 |
| Иссык-Көл областы | 6,4 | 6,8 | 6,9 | 6,0 | 5,4 | 5,5 | 3,3 |
| Нарын областы | 5,3 | 3,6 | 5,0 | 2,2 | 4,2 | 4,8 | 3,2 |
| Ош областы | 5,5 | 6,1 | 4,7 | 4,3 | 3,0 | 3,6 | 2,5 |
| Талас областы | 15,3 | 11,6 | 12,1 | 8,9 | 8,2 | 7,4 | 5,6 |
| Чүй областы | 12,6 | 10,6 | 10,0 | 11,7 | 12,0 | 12,0 | 9,5 |
| Бишкек шаары | 5,7 | 4,6 | 5,8 | 2,8 | 4,5 | 6,9 | 4,9 |
| Ош шаары | 5,9 | 8,1 | 8,0 | 5,2 | 4,5 | 5,2 | 4,7 |

**Көбүнчө жашы жете элек кыздар никеге туруу үчүн мажбурлаган ала качуу жолу аркылуу никеге тургузулат.** 2013-жылы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине киргизилген өзгөртүүлөргө, бул кылмыш үчүн жазаларды катаалдаштырууга карабастан, абал оор бойдон калууда. КР Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча 2018-жылы 35 кылмыш иши катталса, 2015-жылы никеге мажбурлоо фактылары боюнча 23 кылмыш иши катталган. 2018-жылы кризистик борборлорго кайрылган аялдардын жалпы санынын (10 793 адам) 340 кайрылуусу мажбурлап никеге туруу, никеге туруу максатында ала качуу, жашы жете электерге турмушка чыгуу, көп аял алуу фактылары боюнча болгон.

**2019-жылы кризистик борборлорго, аксакалдар сотторуна жана башка адистештирилген мекемелерге кайрылгандардын** саны 13867, анын ичинен 10771 аялдар, 3026 эркектер. Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча кайрылгандардын ичинен аялдар – 6006, эркектер – 681. 2020-жылы – бардыгы 13 963 кайрылуу, 10 482 аял жана 3 481 эркек кайрылган, анын ичинен 7 729 аял жана 941 эркек үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйлөрү боюнча кайрылган.

**Кыргыз Республикасында айрым мамлекеттик органдарда, анын ичинде Жогорку Кеңеште аялдардын өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн мыйзамдык атайын чаралар колдонулат.** Атайын чаралар киргизилгенден бери парламентте аялдардын өкүлчүлүгү көбөйдү (ТӨМ 5.5.1). Бирок, убакыттын өтүшү менен депутат айымдардын саны азайып кеткен, анткени ал убакта мыйзамда

аялдардын талапкерлердин тизмеси боюнча шайлангандан кийин парламенттеги өкүлчүлүгүн сактап калуу чаралары каралган эмес эле.

**Шайлоо жылына карата Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын арасында аялдардын үлүшү**

| Шайлоо өткөн жылдары | КР ЖК депутаттарынын жалпы саны | Алардын ичинде аялдардын саны | |
|---|---|---|---|
| | | Адам | % |
| **Гендердик спецификалык чаралар киргизилгенге чейин** | | | |
| 1995 | 105 | 5 | 4,7 |
| 2000 | 105 | 7 | 6,8 |
| 2005 | 75 | 0 | 0 |
| **Гендердик спецификалык чаралар киргизилгенден кийин** | | | |
| 2007 | 90 | 23 | 25,5 |
| 2010 | 120 | 28 | 23,3 |
| 2015 | 120 | 25 | 20,5 |
| 2021 | 88 | 20 | 21,59 |

**Жылдан-жылга Кыргыз Республикасында аял-депутаттардын саны кыскарууда.** 2020-жылдан тарта шайлоо мыйзамынын жаңы нормасы күчүнө кирди, ага ылайык, депутат фракциядан чыкканда мандат ошол жыныстагы депутатка гана өткөрүлүп берилет. Балким, бул шайлоо мыйзамдарында белгиленген "ар бир төртүнчүсү – аял" принцибин сактап калууга мүмкүндүк берет.

**Парламенттеги аялдардын үлүшү** *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Аялдардын парламентте ээлеген кызмат орундарынын үлүшү | 23,9 | 21,7 | 21,7 | 15,8 | 16,7 | 15,8 | 16,6 | 16,6 |

**Парламенттеги фракциялардын курамында** дагы эркектердин пайдасына гендердик дисбаланс болгон. Мисалы, 2021-жылдын 1-декабрына карата VI чакырылыштагы Жогорку Кеңеште алты фракция болгон. Аялдардын саны боюнча 30% (29,7%) деген максатка жакындаган жалгыз фракция КСДП фракциясы болду.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин фракцияларындагы аялдардын өкүлчүлүгү** [78]

| № | Фракция | Аял-депутаттардын саны | | Фракциядагы депутаттардын жалпы саны |
|---|---|---|---|---|
| | | Адам | % | Адам |
| 1. | КСДП | 11 | 29 | 38 |

[78] 2013-2018-жылдар аралыгында Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциянын ченемдерин аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын бешинчи мезгилдүү доклады,http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/216900

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2. | “Республика – Ата-Журт” | 4 | 14 | 28 |
| 3. | “Кыргызстан” | 0 | 0 | 18 |
| 4. | “Өнүгүү-Прогресс” | 1 | 8 | 13 |
| 5. | “Бир Бол” | 0 | 0 | 12 |
| 6. | “Ата Мекен” | 3 | 27 | 11 |
| | **Бардыгы:** | **19** | **15,8** | **120** |

**2021-жылдагы шайлоодон кийин 6 фракциянын 5 өз курамында аялдардын 30%дык курамга болгон максаттуу көрсөткүчкө жетишкен**. Бирок эң ири “Ата Журт Кыргызстан” фракциясы (32 депутаттан турат) бул квотаны этибарга албай жатат. Бул шайлоолордун жүрүшүндө мажоритардык шайлоо тутумунун аялдарга карата “достук эмес” система жөнүндөгү божомол дагы бир жолу тастыкталды. Бир мандатту округ боюнча Бишкектин бир мандаттуу Биринчи Май шайлоо округунан 1 гана аял депутаттыкка шайлана алды.

**VII чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин фракцияларындагы аялдардын өкүлчүлүгү** [79]

| № | Фракция | Аял-депутаттардын саны | | Фракциядагы депутаттардын жалпы саны |
|---|---|---|---|---|
| | | Адам | % | Адам |
| 1. | “Ата Журт Кыргызстан” | 5 | 15,6 | 32 |
| 2. | “Ишеним” | 4 | 33,3 | 12 |
| 3. | “Ынтымак” | 3 | 33,3 | 9 |
| 4. | “Альянс” | 2 | 28,5 | 7 |
| 5. | “Бүтүн Кыргызстан” | 2 | 33,3 | 6 |
| 6. | “Ыйман Нуру” | 2 | 40 | 5 |
| 7. | Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайланган депутаттар | 1 | 25 | 4 |
| | “Элдик” депутаттар тобу | 0 | 0 | 13 |
| | **Бардыгы:** | **20** | **21,59** | **88** |

**Аялдардын чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде мамлекетти башкарууда катышуусу** аялдардын жана кыздардын муктаждыктары өнүктүрүү саясаттарында жана программаларында чагылдырылышын камсыз кылуу үчүн абдан манилүү болуп саналат. Мамлекеттик кызматтын жетекчилик кызматтарында аялдардын үлүшү (ТӨМ 5.5.2) жай темпте, бирок акырындык менен өсүп жатат.

[79] http://kenesh.kg/ru/deputy/list/35

**Жетекчилик кызмат орундарындагы аялдар** *(жалпы жетекчилердин санына карата пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жетекчилик кызмат орундарындагы аялдардын үлүшү | 32,3 | 33,4 | 36,1 | 34,9 | 36,2 | 37,9 | 40,9 | 47,4 |

Булак: Үй чарбаларынын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча.

**Өткөн жылдардагыдай эле, 2020-жылы да мамлекеттик башкарууда эркектердин басымдуулугу (60,8 пайыз) сакталып келди.** Эң чоң дисбаланс саясий жана атайын кызматтардын деңгээлинде байкалат, мында эркектердин саны 3,1 эседен ашат. Мамлекеттик кызматтагы аялдар кызмат иерархиясында эң төмөнкү кызматтарды ээлешет.

**2020-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында эркектердин басымдуулугу сакталып келди (65,3 пайыз).** Муниципалдык кызматта иштеген аялдар да кенже кызматтарда топтолгон. Муну бир эле кызматты ээлеген аялдар менен эркектердин ортосундагы курактык айырмачылык (айырмачылык 8-15 жашты түзөт) далилдеп турат, көп учурларда эркек жетекчилердин курагы кыйла жаш болот.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеген кызматкерлер, жынысы жана аймактар боюнча** (2021-жылдын 1-январына карата)

| | Бардыгы | | Анын ичинен муниципалдык кызматкерлер | | Анын ичинде иштегендер: саясий муниципалдык кызмат орундары | | Анын ичинде иштегендер: административдик муниципалдык кызмат орундары | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер |
| *Салыштырма салмак пайыз менен* | | | | | | | | |
| **Кыргыз Республикасы** | 37,0 | 63,3 | 34,7 | 65,3 | 3,3 | 96,7 | 36,7 | 63,3 |
| Баткен областы | 23,8 | 76,2 | 19,8 | 80,2 | 4,9 | 95,1 | 20,6 | 79,4 |
| Жалал-Абад областы | 31,2 | 68,8 | 28,5 | 71,5 | 2,5 | 97,5 | 29,8 | 70,2 |
| Ысык-Көл областы | 44,7 | 55,3 | 42,7 | 57,3 | 3,0 | 97,0 | 45,9 | 54,1 |
| Нарын ообласты | 27,0 | 73,0 | 33,5 | 66,5 | 6,2 | 93,8 | 36,1 | 63,9 |
| Ош областы | 24,7 | 75,3 | 22,3 | 77,7 | 1,1 | 98,9 | 23,3 | 76,7 |
| Талас областы | 40,3 | 59,7 | 42,5 | 57,5 | 2,6 | 97,4 | 46,0 | 54,0 |
| Чүй областы | 56,3 | 43,7 | 56,6 | 43,4 | 4,3 | 95,7 | 61,0 | 39,0 |
| Бишкек шаары | 53,1 | 46,9 | 49,5 | 50,5 | - | 100,0 | 50,4 | 49,6 |
| Ош шаары | 35,6 | 64,4 | 24,3 | 75,7 | - | 100,0 | 26,2 | 73,8 |

**Иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъекттердин жетекчилеринин арасында аялдардын саны эркектердикинен 2,6 эсе аз.** 2021-жылы алардын жалпы санында жетекчи-аялдардын үлүшү 27,4 пайызды гана түзгөн.

**Аймактар жана жынысы боюнча иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъекттердин жетекчилери**
(2019-жылдын 1-январына карата жана *2021-жылдын 1-январына карата)*

| | Аялдар | | Эркектер | | Жетекчилердин жалпы санына карата салыштырма салмагы пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | аялдар | | эркектер | |
| | 2019 | 2021 | 2019 | 2021 | 2019 | 2021 | 2019 | 2021 |
| **Кыргыз Республикасы** | 189921 | 202797 | 502456 | 523765 | 27,4 | 27,9 | 72,6 | 72,1 |

**Бирок, акыркы жылдары лидер аялдардын саны өсүүдө.** Эгерде мурда аял-жетекчилер басымдуулук кылган бир гана билим берүү (66,7 пайыз) сектору болгон болсо, азыр аял-жетечилик көбүрөөк же эркектер менен болжолдуу түрдө бирдей болгон экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү көбөйдү. Бул дүң жана чекене соода (аялдардын 50,6 пайызы), кыймылсыз мүлк операциялары (51,7 пайызы), мейманкана жана ресторандардагы ишмермердүүлүк (50,1 пайыз).

**Аялдардын заманбап маалымат, коммуникация жана санариптик технологияларга жетүүсү** алардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана дискриминация менен зордук-зомбулукту азайтууга өбөлгө түзөт. 2020-жылы өлкөдө аялдардын 92 пайызында уюлдук телефон бар, эркектерде 93,2 пайыздан бир аз жогору (ТӨМ 5.b.1). Шаардык аялдар жана эркектер (96,0 пайыз) үчүн бул көрсөткүч айылдагы аялдарга (90,5 пайыз) караганда бир аз жогору.

**Уюлдук телефону бар адамдардын үлүшү** *(15 жана андан жогорку жаштагы калктын үлүшүнө катары пайыз менен)*

| | 2018 | | | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы, бардыгы** | 91,8 | | | 91,2 | 92,6 |
| **Аялдар** | 91,0 | | | 90,4 | 92,0 |
| **Эркектер** | 92,8 | | | **92,1** | **93,2** |
| | | Аялдар | Эркектер | | |
| **Жашаган жери боюнча** | | | | | |
| Шаар | 94,9 | 93,9 | 96,3 | 95,6 | 96,0 |
| Айыл | 89,9 | 89,1 | 90,8 | 88,6 | 90,5 |
| **Аймактар боюнча** | | | | | |
| Баткен | 91,1 | 88,5 | 94,2 | 92,5 | 93,5 |
| Жалал-Абад | 90,6 | 90,2 | 90,9 | 83,0 | 83,5 |
| Ысык-Көл | 92,1 | 94,5 | 89,4 | 93,4 | 95,2 |
| Нарын | 89,4 | 92,0 | 86,5 | 89,2 | 92,2 |
| Ош | 87,6 | 85,1 | 90,8 | 89,3 | 93,2 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Талас | 91,5 | 89,8 | 93,3 | 90,9 | 92,6 |
| Чүй | 94,6 | 94,3 | 94,8 | 95,9 | 96,0 |
| Бишкек | 97,0 | 96,5 | 97,7 | 97,3 | 97,9 |
| Ош | 88,3 | 83,9 | 93,7 | 91,8 | 91,9 |
| **Курагы боюнча** | | | | | |
| 0-6 жашка чейинки балдар | | | | | |
| 7-14 жашка чейинки балдар | | | | | |
| 15-28 жашка чейинки жаштар | 90,9 | 89,5 | 92,5 | 89,4 | 90,1 |
| Эмгекке жарамдуу курактагы бойго жеткен калк (29 жаштан баштап) | 95,9 | 96,2 | 95,5 | 95,3 | 96,1 |
| Эмгекке жарамдуу куратан ашкан калк | 78,8 | 79,8 | 76,1 | 80,6 | 85,6 |

Булак: Үй чарбалардын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча.

Ошентип, 5-ТӨМ боюнча: өлкөдө гендердик зомбулуктун масштабы коркунучтуу бойдон калууда. Бул маселе өзгөчө COVID-19 пандемиясынын учурунда курчуду. Эрте никеге туруу жана никеге туруу максатында аялды ала качуу кылмыштары курч социалдык көйгөй бойдон калууда. Жетекчилик кызматтарда аялдардын саны өсүүдө, бирок өлкөнүн мыйзамдарында убактылуу атайын чаралардын бар экендигине карабастан прогресс өтө жай жүрүп жатат.

## 6-ТӨМ. Таза суу жана Санитария

Сууга жетүү аялдар үчүн да, эркектер үчүн да абдан маанилүү. Ошол эле учурда алардын салттуу гендердик ролдору суу ресурстарынын жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына көз карандылыктын ар кандай даражасын аныктайт.

**Эркектерге салыштырмалуу аялдар үй жумуштарына дээрлик 5 эсе, балдарды тарбиялоого 2,3 эсе көп убакыт коротушат.** Үй чарбалык убакыт бюджетине ылайык[80], иштеген шаардык аялдардын үйдү жана үй-бүлөнү багуу үчүн сарптаган убактысы жумуш күнүндө 3 сааттан дем алыш күндөрү 4 саат 20 мүнөткө чейин, ал эми айыл жеринде 5 сааттан 5 саат 30 мүнөткө чейин убакыт коротушат. Ошол эле учурда үй-бүлөлүү аялдар бойдок аялдарга караганда үй жумуштарына 1,5 эсе көп убакыт коротушат.

**Көпчүлүк үй жумуштары (тамак жасоо, жууп-тазалоо, кир жуу ж.б.) сууну колдонбостон мүмкүн эмес.** Тамак бышыруу коопсуз ичүүчү сууга жетүүнү талап кылат.

**Ичүүчү суунун жакшыртылган булактарына жеткиликтүү калктын үлүшү** (ТӨМ 6.1.1) 2020-жылы 94,1 пайызды түздү. Шаарларда ал жогору жана

[80] http://stat.kg/media/publicationarchive/030bcdc0-e84e-41f4-9205-9becc51ffa9f.pdf.

99,3 пайызга, айыл жеринде 87,8 пайызга жетет. Аялдар үчүн (92,0 пайыз) бул көрсөткүч эркектердикинен (91,6 пайыз) бир аз жогору.

**Коопсуздук талаптарына ылайык таза жана ичүүчү сууга калктын жеткиликтүүлүгү** *(пайыз менен)*

| | **2015** | **2016** | **2017** | **2018** | **2019** | **2020** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы - бардыгы** | 89,1 | 89,9 | 91,1 | 91,8 | 94,1 | 94,1 |
| аялдар | 89,7 | 90,4 | 91,6 | 92,0 | | |
| эркектер | 88,5 | 89,5 | 90,6 | 91,6 | | |
| Шаар жерлери - бардыгы | 99,1 | 99,3 | 99,3 | 99,3 | 99,4 | 99,6 |
| аялдар | 99,2 | 99,3 | 99,3 | 99,2 | | |
| эркектер | 99,0 | 99,3 | 99,2 | 99,3 | | |
| Айыл жерлери - бардыгы | 83,7 | 84,9 | 86,7 | 87,8 | 91,1 | 91,0 |
| аялдар | 84,2 | 85,2 | 87,1 | 87,9 | | |
| эркектер | 83,3 | 84,5 | 86,2 | 87,6 | | |

**Калктын ичүүчү суунун жана канализациянын коопсуз булактарына жетүүсү региондордун контекстинде олуттуу айырмачылыктарга ээ**. Ичүүчү суунун коопсуз булактарына жетүүнүн чектелгендигин Ош (90,7 пайыз), Баткен (83,9 пайыз) жана Жалал-Абад (87,0 пайыз) областтарынын тургундары сезишет. КККСтин маалыматы боюнча 2014-жылга салыштырмалуу суу менен камсыздоонун абалы бардык жагынан кыйла жакшырган.

**КККС 2014 жана 2018-жылдардын жыйынтыгы боюнча ичүүчү суунун булактары**

| | Бардыгы | | Шаар | | Айыл | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2018 | 2014 | 2018 | 2014 | 2018 |
| Кран суусу | | | | | | |
| Турак жайдын ичине киргизилген | 28,6 | 38,7 | 67,0 | 73,2 | 10,9 | 19,2 |
| Короого/ турак жайдын сыртындагы жерге киргизилген | 28,7 | 31,1 | 24,2 | 21,7 | 30,9 | 36,5 |
| Кошуналарга киргизилген | 1,5 | 1,3 | 0,7 | 0,4 | 1,8 | 1,7 |
| Коомдук кран / колонка | 21,9 | 14,8 | 5,3 | 2,7 | 29,6 | 21,6 |
| **Корголгон булак** | | | | | | |
| Түтүк кудугу / скважина | 1,3 | 1,9 | 0,4 | 0,9 | 1,7 | 2,5 |
| Корголгон кудук | 3,4 | 5 | 0,3 | 0,8 | 4,9 | 7,3 |
| Корголгон булак | 1,5 | 0,5 | 0,2 | 0,1 | 2,1 | 0,8 |
| **Корголбогон булак** | | | | | | |
| Корголгон кудук | 0,3 | 0,1 | 0 | 0 | 0,4 | 0,1 |
| Корголгон булак | 1,5 | 2 | 0,2 | 0,1 | 2,2 | 3,1 |
| Жер үстүндөгү суу | 10,8 | 4,3 | 1,1 | 0,1 | 15,3 | 6,6 |




**15 жана андан улуу жаштагы аялдар турмуш-тиричилик суу менен камсыз кылуучу болуп саналышат - 56,8% учурда.** Бул көрсөткүч 2014-жылдан бери дээрлик өзгөргөн жок (56,7 пайыз). Маанилүү көрсөткүч болуп

ичүүчү суу менен камсыздоо булагынын алыстыгы саналат, анткени булак канчалык алыс жайгашкан болсо, сууну жеткирүүдөгү жүк ошончолук үй чарба мүчөлөрүнө түшөт [81].

Айыл жергесиндеги үй чарбаларынын 69,7 пайызында ичүүчү суу менен камсыздоо булагы чарбанын аймагында жайгашкан (2014-жылы – 62,6 пайыз), 33,2 пайызы суу алып келүүгө күнүнө 30 мүнөттөн ашык убакыт коротушат жана бул жумуш көбүнчө аялдардын милдети.

Туруктуу суу түтүктөрү жок аймактарда (өлкөнүн калкынын 12 пайызы ушундай конуштарда жашайт) аялдар өз убактысын сууну суу келген учурда пайдалангыдай кылып уюштурууга мажбур болушат, ошондой эле кийинчерээк колдонуу үчүн жетиштүү кылып сууну үнөмдөө керек.

**Кырдаал канализацияга жеткиликтүүлүктүн начардыгынан** жана үй чарбаларында жана социалдык мекемелерде коопсуз жана ыңгайлуу санитардык жайларды түзүү үчүн инфраструктуралык потенциалдын жоктугунан улам курчуйт.

**Айыл жериндеги ажатканалардын көпчүлүгү** (85,3 пайыз) плиталары бар чуңкур дааратканалар (2014-жылга салыштырмалуу көрсөткүч өсүү - 81,4 пайыз), алар жылытылбаган жана гигиеналык жабдыктары жок. Түнкүсүн жана кышында чуңкур даараткананы колдонуунун кыйынчылыгынан улам аялдардын ден соолугуна байланыштуу кыйынчылыктар көп кездешет, мисалы заара чыгаруу жолдорунун инфекциялары пайда болот, мындай дааратканалар балдар үчүн да ыңгайсыз жана кооптуу[82].

**КККС 2018 маалыматы боюнча аялдардын 93,3 пайызы үйүндө обочолонуу менен жуунууга жана кийим алмаштырууга мүмкүнчүлүктөрү бар;** 7 пайызы акыркы этек кир учурунда коомдук иш-чараларга, мектепке же жумушка барышкан эмес.

Таза сууга жетүүнүн чектелгендиги жана начар санитария айыл жериндеги аялдардын оор абалын ого бетер курчутат, алардын үй жумушундагы жүгүн негизсиз көбөйтөт, бул алардын ден соолугуна жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнө терс таасирин тийгизет.

## 7-ТӨМ. Жеткиликтүү жана таза энергия

ТӨМ-7 2030-жылга чейин жеткиликтүү, ишенимдүү, туруктуу жана заманбап энергияга универсалдуу жетүүнү камсыз кылууну көздөйт. Аялуу топтордун, анын ичинде элеттик аялдардын мындай жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу акы төлөнбөгөн үй жумуштарынын жүгүн азайтууда жана алардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдө маанилүү роль ойнойт.


**Электр энергиясы – бул Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагын камтыган коммуналдык кызмат көрсөтүүнүн жалгыз түрү,** аны калк жарыктандырууга, жылытууга жана тамак-аш даярдоого пайдаланышат.

[81] Айыл чарба жана айылдык үй чарбаларынын улуттук гендердик профили - Кыргыз Республикасы, ФАО 2016

[82] Айыл чарба жана айылдык үй чарбаларынын улуттук гендердик профили - Кыргыз Республикасы, ФАО 2016

ККСС-2018дин маалыматына ылайык дээрлик бардык үй чарбалары электр тармагына кошулган. Бирок, электр тармактарынын болушу азырынча калктын электр энергиясына туруктуу жеткиликтүүлүгүн, башкача айтканда, жылына бир нече жолу үзгүлтүккө учураган алгылыктуу жыштыгы менен электр энергиясын ишенимдүү үзгүлтүксүз камсыздалганын билдирбейт.

**Орточо алганда калктын 76 пайызга жакыны туруктуу жеткиликтүүлүккө ээ, айыл жеринде – 68,6 пайыз** (ТӨМ 7.1.1). Бул көрсөткүч аялдар үчүн (76,6 пайыз) эркектерге (74,7 пайыз) караганда бир аз жогору. Региондордун ичинен Жалал-Абад (64,4 пайыз) жана Талас (54,0 пайыз) областтарында көрсөткүчтөр төмөн .




**2018-жылы үй чарбалардын 10,8 пайызы гана электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыз болгонун белгилешкен**, 64,9 пайызы жылына бир нече жолу электр жарыгы үзгүлтүккө учураганын билдиришкен, бирок бир да үй чарба күнүмдүк өчүрүүлөргө дуушар болгон эмес [83].

**Электр жарыгынын үзгүлтүккө учурашы суу насостору электр энергиясы менен иштеген учурларда суу үзгүлтүккө учурашы мүмкүн экенин** [84] билдирет. Электр жарыгы жана суу менен камсыздоо үзгүлтүккө учурагандыктан, алардын үй жумуштары, балдарды жана карыган үй-бүлө мүчөлөрүн багуу түйшүгү көбөйүүдө.

**2018 ж. үй чарбаларында жашаган жерине жараша электр энергиясынын өчүрүлүшүнүн жыштыгы** *(жалпыга карата пайыз менен)*

| | Бардыгы | Шаар жерлери | Айыл жерлери |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **100** | **100** | **100** |
| анын ичинде: | | | |
| эч качан өчүрүлгөн эмес | 10,8 | 19,6 | 6,1 |

[83] «Калктын жашоо деңгээли» басылмасы - Б.: 2016

[84] Айыл чарба жана айылдык үй чарбаларынын улуттук гендердик профили - Кыргыз Республикасы,, ФАО 2016

| | | | |
|---|---|---|---|
| жылына бир нече жолу | 64,9 | 69,1 | 62,6 |
| айына бир жолу | 23,0 | 10,4 | 29,8 |
| жумасына бир жолу | 1,2 | 0,9 | 1,4 |
| жумасына бир нече жолу | 0,1 | 0,1 | 0,1 |
| күн сайын | - | - | - |

Булак: Үй чарбалардын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча.

**ККKC-2018 жыйынтыгы боюнча республика боюнча жалпысынан үй чарбаларынын 74,9 пайызы тамак даярдоо үчүн "таза[85]" отун колдонушат** , анын ичинен 92,8 пайызы шаарларда жана 64,7 пайызы айыл жеринде (ТӨМ 7.2.1). Мында шаарлардын 43,5 пайызы борборлоштурулган жаратылыш газы менен жабдуу системасына туташтырылган мешти пайдаланышат. Бирок дагы эле калктын негизги бөлүгү электр плитасын пайдаланышат – шаарларда 42,1 пайыз, айыл жеринде 56,5 пайыз.

**Өлкөнүн калкынын бештен бир бөлүгү гана тамак бышыруу жана жылытуу үчүн негизинен таза отундарды жана технологияларды колдонгон үй чарбаларында жашашат.** ККKC-2018дин маалыматы боюнча калктын 70,3 пайызы үйүн көмүр менен, 6,5 пайызы электр энергиясы менен жылытат. "Кир" күйүүчү заттардын ичинен калктын 3,7 пайызы тезекти жылытуу үчүн пайдаланышат. Эреже катары, кык даярдоо жана майда отун терүү менен негизинен аялдар менен балдар алектенишет. Жылытуу чыгымдарын үнөмдөөнүн жалпы стратегиясынын бири - үйдүн бир бөлүгүн же бир гана бөлмөнү жылытуу, бул үй-бүлөнүн жашоо аянтын олуттуу кыскартып, жаш аялдарга жана кыздарга өзгөчө ыңгайсыздыктарды жаратат.

Үй-бүлөдө электр энергиясынын өчүрүлүшү жана таза эмес отундун колдонулушу аялдардын түйшүгүн арттырып, алар отун чогултууга, тамак бышыруу жана жылытуу үчүн мештерди жагууга көбүрөөк убакыт коротушат.

## 8-ТӨМ. Татыктуу жумуш жана экономикалык өсүү

Аялдардын эмгекке катышуусунун азайышы, толук жумушсуздук жана жумушсуздардын санынын өсүшү аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн азайгандыгын көрсөтүп, гендердик теңсиздикти күчөтүп, зомбулуктун көбөйүшүнө алып келет.

**Аялдардын иш менен камсыз болушунун төмөн деңгээли Кыргыз Республикадагы заманбап эмгек рыногунун негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат.** Аялдардын (43,0 пайыз) жана эркектердин (70,9 пайыз) ортосунда жумуштуулук деңгээлинде чоң ажырым бар. Ошол эле учурда жалпы республика боюнча шаарда жашаган эркектер айыл жериндегидей эле деңгээлде жумуш менен камсыз болушат. Ал эми аялдарды алсак, айырма олуттуу болуп, жумуш менен камсыз болуу айырмасы 9,2 пайыздык пунктту түзөт. Аймактык мааниде

[85] «Таза» күйүүчү отундарга электр плитасын, күн плитасын, табигый газды, этанол менен спиртти күйгүзүүчү биогаз же суюк отун колдонгон үй чарбалары кирет.

алганда элеттик аялдардын иш менен камсыз болушу эң аз Жалал-Абад (27,3 пайыз) жана Нарын (24,1 пайыз) областтарында.

**Аймактар жана жынысы боюнча иштеген калктын 2020 жылга карата саны** *(пайыз менен)*


| | | Иштеген калктын саны | |
|---|---|---|---|
| | | **Аялдар** | **Эркектер** |
| **Кыргыз Республикасы** | | **43,0** | **70,9** |
| Баткен областы | | 29,2 | /68,2 |
| Жалал-Абад областы | | 33,5 | 62,0 |
| Ысык-Көл областы | | 35,4 | 62,6 |
| Нарын областы | | 27,1 | 67,5 |
| Ош областы | | 57,4 | 83,9 |
| Талас областы | | 54,0 | 74,5 |
| Чүй областы | | 37,9 | 67,3 |
| Бишкек шаары | | 54,6 | 72,5 |
| Ош шаары | | 30,5 | 75,2 |

Булак: Үй чарбалардын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча.

**Бардык курактык топтордо эркектердин жумушка орношуу көрсөткүчтөрү жогору, бирок ажырым 20 жаштан** 39 жашка чейинки аралыкта эң маанилүү. Бул куракта аялдар баланын төрөлүшүнө байланыштуу жумуштан кетип калышат. Кырк жаштан кийин аялдардын эмгек активдүүлүгүнүн көрсөткүчү туу чокусуна жетет, анткени бул куракта алар, эреже катары, балалуу болуп, кайра жумушка киришет. 50 жаштан кийин аялдардын жумушка орношуусу кайрадан төмөндөйт.

**2020-жылы калктын жынысы жана жаш курагы боюнча иш менен камсыз болушу**

*(чарбалык бюджет жана жумушчу күчтөрдү интегралдык тандалма сурамжылоонун жыйынтыгына ылайык; пайыздар менен)*



**Жумушчу күчүнүн курамында аялдардын саны жылдан-жылга азаюуда.** 2020-жылы эркектердин (ишке орношкон жана жумушсуздар) жумушчу күчүнүн курамында катышуу деңгээли аялдардын 45,1 пайызына салыштырмалуу 74,8 пайызды түзүп, алда канча жогору.

**2020-жылы жумушчу күчүнүн катышуу деңгээли** *(пайыз менен)*

| | Жумушчу күчүнүн курамында катышуу деңгээли | | Жумуш менен камсыз болуу деңгээли | | Жумушсуздуктун деңгээли | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аялдар | Эркектер | Аялдар | Эркектер | Аялдар | Эркектер |
| **Кыргыз Республикасы** | **46,1** | **74,8** | **43,0** | **70,9** | **6,7** | **5,2** |
| Баткен областы | 32,7 | 72,5 | 29,2 | 68,2 | 10,9 | 5,9 |
| Жалал-Абад областы | 38,6 | 68,7 | 33,5 | 62,0 | 13,2 | 9,7 |
| Ысык-Көл областы | 37,7 | 68,1 | 35,4 | 62,6 | 6,1 | 8,2 |
| Нарын областы | 30,9 | 71,2 | 27,1 | 67,5 | 12,4 | 5,2 |
| Ош областы | 59,9 | 85,1 | 57,4 | 83,9 | 4,1 | 1,5 |
| Талас областы | 56,1 | 75,9 | 54,0 | 74,05 | 3,7 | 1,8 |
| Чүй областы | 40,9 | 71,1 | 37,9 | 67,3 | 7,3 | 5,3 |
| Бишкек шаары | 57,3 | 76,6 | 54,6 | 72,5 | 4,6 | 5,4 |
| Ош шаары | 31,7 | 76,9 | 30,5 | 75,2 | 3,7 | 2,3 |

Булак: Үй чарбалардын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча.

**Жумушчу күчүнүн курамындагы аялдардын саны** *(пайыз менен)*

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **40,2** | **39,1** | **38,6** | **38,7** | **39,2** |
| Баткен областы | 38,2 | 37,8 | 34,8 | 32,4 | 30,6 |
| Жалал-Абад областы | 38,2 | 36,1 | 34,3 | 35,5 | 36,2 |
| Ысык-Көл областы | 35,1 | 33,0 | 33,8 | 34,4 | 36,3 |
| Нарын областы | 30,2 | 31,7 | 30,0 | 30,0 | 29,5 |
| Ош областы | 41,2 | 37,8 | 38,2 | 39,4 | 41,1 |
| Талас областы | 44,5 | 42,2 | 41,4 | 40,4 | 42,1 |
| Чүй областы | 39,0 | 38,9 | 38,0 | 38,1 | 38,1 |
| Бишкек шаары | 47,3 | 48,3 | 48,3 | 47,4 | 47,6 |
| Ош шаары | 31,6 | 31,4 | 32,3 | 32,9 | 31,7 |

Булак: Үй чарбалардын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча.

**Эмгек ресурстарында аялдардын санынын жана аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээлинин төмөндөшүнүн фонунда, акыркы жылдары жумушсуздардын санында аялдардын саны көбөйгөн** (ТӨМ 8.5.2). 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча аялдардын жумушсуздук деңгээли 6,7 пайызды түздү. Аялдардын жумушсуздугунун эң жогорку деңгээли Нарын (12,4 пайыз) жана Баткен (10,9 пайыз) областтарында катталган.

**Жыныс, аймак жана курактык топтор боюнча жалпы жумушсуздуктун деңгээли (***пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы жумушсуздуктун деңгээли** | **8,6** | **8,0** | **7,6** | **7,2** | **6,9** | **6,2** | **5,5** | **5,8** |
| ***Жынысы боюнча*** | | | | | | | | |
| аялдар | 9,9 | 9,5 | 9,0 | 8,7 | 8,9 | 6,9 | 6,2 | 6,7 |
| эркектер | 7,7 | 7,0 | 6,5 | 6,2 | 5,6 | 5,7 | 5,0 | 5,2 |

**Формалдуу эмес сектордо иштегендердин 2/3 бөлүгүн эркектер түзөт** жана алардын саны өсүүдө, анын ичинде айыл чарбалык эмес сектордо иштеген эркектердин саны өсүүдө. 2020-жылы экономиканын формалдуу эмес секторунда иштеген эркектердин саны 65,1 пайызды жана аялдардын саны 34,9 пайызды түзгөн.

**Акыркы жылдарда өндүрүштүк жаракат алуунун деңгээли кайрадан өсүүдө** (ТӨМ 8.8.1). 2020-жылы 100 000ге 31 учур катталган, бирок 2017-жылга чейин туруктуу төмөндөө байкалган (2010-жылдагы 90,1 учурга салыштырмалуу). Бул көрсөткүчтөгү гендердик ажырым сакталып калууда, эркектер жумушта көбүрөөк жаракат алышат: 51,7 учур, аялдар – 12,4.

**Өлүмгө алып келүүчү жана өлүмгө алып келбеген өндүрүштүк жаракат алуулар**
*(иш менен камсыз болгон 100 000 тиешелүү жыныска карата)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **90,1** | **29,2** | **22,1** | **24,5** | **17,0** | **25,0** | **21,8** | **31,0** |
| Аялдар | 19,8 | 15,5 | 8,4 | 16,4 | 13,6 | 14,9 | 12,8 | 12,4 |
| Эркектер | 164,3 | 44,6 | 37,9 | 33,7 | 20,9 | 36,6 | 32,0 | 51,7 |

**Кыргызстанда 2020-жылы аялдардын орточо эмгек акысы эркектердин орточо эмгек акысынын 75,4 пайызын түздү.** Бул эки туруктуу тенденциянын натыйжасы: экономиканын секторлору боюнча эмгек рыногунда гендердик сегрегациянын болушу жана ошол эле учурда жетекчилик кызматтарда аялдардын аздыгы. 2020-жылы аялдардын орточо эмгек акысы 15 миң сомду түздү, бул эркектердин орточо эмгек акысынан 19,9 миң сомго салыштырмалуу 1,3 эсеге аз. Ошол эле учурда 2010-жылга салыштырмалуу аялдардын орточо эмгек акысынын эркектердикине карата өсүшүнүн узак мөөнөттүү оң тенденциясы байкалууда, 63,6 пайыздан 75,4 пайызга чейин, башкача айтканда 11,8 пайыздык пунктка өскөн.

**Кызматкерлердин жынысы боюнча орточо айлык эмгек акысы** *(сом)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Орточо айлык эмгек акысы** | **7 189** | **12 285** | **13 483** | **14 847** | **15 670** | **16 427** | **17 232** | **18 940** |
| ***Жынысы боюнча:*** | | | | | | | | |
| аялдар | 5 271 | 9 732 | 11 125 | 11 743 | 12 183 | 12 574 | 14 421 | 15 078 |
| эркектер | 8 283 | 13 695 | 14 743 | 15 592 | 16 802 | 17 556 | 17 556 | 19 992 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ажырым, % менен | 63,6 | 71,0 | 75,4 | 75,3 | 72,5 | 71,6 | 71,6 | 75,4 |

**Эмгек акыдагы гендердик ажырым** транспортто эң чоң (25 678 жана 14 877), бул сектордо иштеген аялдар эркектердин эмгек акысынын 57,9 пайызын гана алышат; маалымат жана байланыш тармагында - 68,9 пайыз (39 038 жана 26 920). Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу системасында ажырым азыраак - 78,2 пайыз (36 192 жана 28 331), ошондой эле тоо-кен тармагында - 75,3 пайыз (эркектер үчүн 26 350 сом жана аялдар үчүн 19 859 сом).

**Эч жерде иштебеген жана окубаган жаштардын, атап айтканда, жаш аялдардын** санынын өсүшү байкалууда (ТӨМ 8.6.2). 2020-жылы ар бир бешинчи жаштар (21,1 пайыз), 2010-жылдагы 18,3 пайызга салыштырмалуу иштебеген жана окуган эмес. Ошол эле учурда эмгек рыногуна кирбеген жана формалдуу билим менен камтылбаган кыздардын үлүшү 29,6 пайызды түзөт, башкача айтканда, өлкөдөгү жаш аялдардын дээрлик үчтөн бири окубайт жана иштебейт. Салыштыруу үчүн айта кетсек, уландар үчүн бул көрсөткүч 12,9 пайызды түзөт.

**Иштебеген, окубаган же кесипкөй көндүмгө ээ болбогон жаштардын (15тен 24 жашка чейинки) үлүшү** *(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **18,3** | **20,7** | **21,4** | **20,4** | **21,0** | **20,5** | **21,0** | **21,1** |
| эркектер | 11,5 | 12,5 | 13,6 | 12,1 | 12,3 | 12,0 | 12,6 | 12,9 |
| Аялдар | 25,2 | 29,2 | 29,5 | 29,0 | 30,1 | 29,4 | 29,6 | 29,6 |

**КККСтин маалыматы боюнча 2018-жылы эркектердин 33,6 пайызы жана кыздардын 19,0 пайызы жумушка тартылган.** Жалпысынан республика боюнча иштеген балдардын 26,7 пайызы. Айыл жеринде (33,6 пайыз) балдардын эмгеги шаарга (11,9 пайыз) караганда үч эсе көп колдонулат. Энелердин билим деңгээли “канчалык жогору болсо, иштеген балдар ошончолук аз” деген принцип боюнча таасир этет, бирок көрсөткүчтөгү айырма аз. Үй-бүлөнүн бакубаттуулугу олуттуу таасир этет, эң байларды кошпогондо, бардык квинтилдерде, иштеген балдардын саны 30 пайызга жакын, эң байларда - 6,1 пайыз. Кооптуу эмгек шарттарына тартылган балдардын үлүшү 3,2 пайызга кыскарган (ТӨМ 8.7.1).

**Балдар эмгегине тартылган 5 жаштан 17 жашка чейинки балдардын жынысы жана курагы боюнча үлүшү жана саны** *(пайызы менен*)*

| | 2018 |
|---|---|
| **Балдар эмгегине тартылган 5-17 жаштагы балдардын пайызы** | 26,7 |
| ***Жашаган жери боюнча*** | |
| Шаар жери | 11,9 |
| Айыл жери | 33,6 |
| ***Жынысы боюнча*** | |
| Эркек балдар | 33,6 |
| Кыздар | 19,0 |

| | |
|---|---|
| ***Курагы боюнча (жаш)*** | |
| 5-11 | 27,9 |
| 12-14 | 23,3 |
| 15-17 | 26,6 |

* Интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча

**2020-жылы калктын 35,9 пайызынын банкта же башка финансы мекемесинде эсеби болгон.** Алардын арасында эркектерге (23,2 пайыз) караганда аялдар (38,2 пайыз) көбүрөөк жана бул ажырым айылдык эркектерге (20,6 пайыз) салыштырмалуу айылдык аялдардын арасында (23,5 пайыз) көбүрөөк байкалат (ТӨМ 8,10 ,2). Финансыга жетүү аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн ачкычы болуп саналат.

**Банкта же башка финансы мекемесинде эсеби бар же мобилдик финансылык кызмат көрсөтүүчүнү колдонгон чоң кишилердин (15 жаштан жогору) үлүшү ***
*(15 жана андан жогорку жаштагы калктын үлүшүнө карата)*

| | 2020 | | |
|---|---|---|---|
| | **Бардыгы** | **Аялдар** | **Эркектер** |
| **Кыргыз Республикасы** | **35,9** | **38,2** | **33,2** |
| **Жашаган жери боюнча** | | | |
| Шаар жери | 38,0 | 27,9 | 28,4 |
| Айыл жери | 34,6 | 23,5 | 20,6 |

Булак: Үй чарбаларынын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча.

**Акыркы 5 жылда микрокредит алуучулардын арасында аялдардын үлүшү** 2014-жылдагы 63,0 пайыздан 2018-жылы 54,8 пайызга чейин кыскарды, бирок өлкөдө жалпысынан аларды алуучулардын санынын жана микрокредит берүүгө бөлүнгөн каражаттардын көлөмүнүн өсүшү байкалган. Мурда Кыргызстанда микрокредит алуучулардын арасында аялдар кыйла басымдуулук кылган, мисалы, 2010-жылы бул көрсөткүч 72,6 пайызды түзгөн.

Эмгек рыногун жана иш менен камсыз кылууну гендердик талдоо олуттуу көйгөйлөрдүн бар экендигин көрсөтүп турат: аялдардын иш менен камсыз болушунун жана экономикалык активдүүлүгүнүн деңгээли жылдан-жылга туруктуу төмөндөөдө. Кесиптик сегрегациянын жогорку деңгээли жана эркектердин эмгек акысына салыштырмалуу аялдардын орточо эмгек акысында олуттуу ажырым бар. Эч жерде иштебеген жана окубаган балдардын жана жаштардын, айрыкча кыздардын үлүшү жогору бойдон калууда жана өтө жай төмөндөөдө. Эмгек рыногунда гендердик сегрегация жана аялдар менен эркектердин ортосундагы жогорку айлык ажырым сакталууда.

## 9-ТӨМ. Индустриялаштыруу, инновациялар жана инфраструктура

Инфраструктураны өнүктүрүү жана акыркы технологияларды киргизүүнү тездетүү жалпы калктын жашоо деңгээлин гана жакшыртпастан, аялдардын

санариптик технологияларга жетүүдөгү ажырымды азайтып, алардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

**2020-жылга карата өлкөнүн өндүрүш тармагындагы жумушчулардын** саны (ТӨМ 9.2.2) дээрлик эки эсе өстү. Бардык иштегендердин ичинен бул тармакта аялдардын үлүшү адегенде жогору болгон, бул экономиканын структурасында жеңил жана тамак-аш өнөр жайынын басымдуу болушу менен шартталган. Бирок, акыркы жылдары түстүү металлургия жана курулуш материалдары өнөр жайынын маанилүүлүгүнүн өсүшүнө байланыштуу кайра иштетүү өнөр жайында эркектердин санынын өсүшү байкалган (2010-жылдагы 6,7 пайыздан 2020-жылы 10,7 пайызга чейин). Региондордун ичинен өндүрүш тармагында иштегендердин эң көп саны Чүй областында (21,4 пайыз) жана Бишкек шаарында (16,4 пайыз).

**Аймактар жана жынысы боюнча кайра иштетүү өнөр жайында иштегендердин үлүшү**
*(пайыз менен)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **7,8** | **6,9** | **7,4** | **7,6** | **10,1** | **12,0** | **11,8** | **11,4** |
| ***Жынысы боюнча*** | | | | | | | | |
| аялдар | 9,3 | 8,9 | 8,4 | 9,1 | 11,3 | 12,5 | 12,5 | 12,5 |
| эркектер | 6,7 | 5,6 | 6,7 | 6,7 | 9,3 | 11,7 | 11,4 | 10,7 |

**Кыргыз Республикасында миллион калкка эсептелген илимий кызматкерлердин саны өсүүдө (ТӨМ 9.5.2) жана 2020-жылы 534 адамды түздү, ал эми** 2010-жылы 360 адамды, 2014-жылы 511 адамды түзгөн. Бул ички дүң продуктунун түзүмүндө илимий-изилдөө иштерине чыгымдардын үлүшү (ТӨМ 9.5.1) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматы боюнча 2010-жылдан бери өзгөрүүсүз калып, 0,8 пайызды түзгөндүгүнө карабастан.

**Мында 2020-жылы илим тармагында иштеген аялдардын үлүшү 56,8 пайызды түзүп, 2014-жылга салыштырмалуу 7,1 пайыздык пунктка өскөн.** Докторлордун (26,3 пайыз) жана илимдердин кандидаттарынын (52,5 пайыз) арасында аялдардын саны көбөйдү. Аял мугалимдердин 63,4%ы илимий изилдөө менен окутууну айкалыштырышат.

**Илимий изилдөө жана иштеп чыгарууда иштеген аялдардын саны** *(отчёттук жылдын аягына карата Илимий изилдөө жана иштеп чыгарууда иштегендердин санына карата пайыз менен)*

| | Илимий изилдөө жана иштеп чыгарууда иштеген аялдардын | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
| Илимий изилдөө жана иштеп чыгарууда (бир нече жерде иштегендерди кошпогондо) иштеген | 49,7 | 52,5 | 50,4 | 49,3 | 55,4 | 54,5 | 56,8 |

| аялдардын саны | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|

**Мобилдик түйүндөр менен камтылган калктын, анын ичинде аялдардын үлүшүнө (ТӨМ 9.с.1) байкоо жүргүзүү аялдардын заманбап санариптик технологияларга жетүү деңгээлин баалоо үчүн маанилүү.** Жалпысынан Кыргыз Республикасында уюлдук байланыш тармагына кошулган абоненттердин саны жыл сайын өсүүдө, ал эми стационардык байланыштын абоненттеринин саны азаюуда.

**2018-жылы үй чарбаларынын 99,2 пайызында стационардык же уюлдук телефон бар.** КККС 2018 аялдардын көндүмдөрүнө өзгөчө көңүл буруу менен байланыш жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын жеткиликтүүлүгү боюнча маалыматтарды камтыйт. Аялдар уюлдук телефондорго ээ (93,3 пайыз) жана активдүү колдонушат (92,7 пайыз).

Ошентип, кайра иштетүү өнөр жайынын жумушчуларынын арасында аялдардын салыштырма салмагы кыскарууда. Ошол эле учурда, алардын изилдөөчү окумуштуулар арасында үлүшү туруктуу өсүп жатат. Телефон байланышы, биринчи кезекте мобилдик, кеңири таралган, анын ичинде аялдар активдүү колдонушат.

## 10-ТӨМ. Теңсиздикти кыскартуу

10-ТӨМ калктын эң аз камсыз болгон 40 пайызынын кирешелерин улуттук орточо деңгээлден жогоруга чейин жеткирүүнү колдоого (ТӨМ 10.1.1), ошондой эле коомдогу дискриминацияны кыскартууга багытталган.

**Акыркы жылдарда республикада калктын акчалай кирешеси төмөндөп бара жатат.** Калктын акчалай кирешелери эмгек ишмердүүлүгүнөн алынган кирешелерден (65 пайыз), социалдык трансферттерден (16,2 пайыз), айыл чарба продукциясын сатуудан (14 пайыз) жана башкалардан (4,8 пайыз) турат.


**Жалпы калктын жана 40 пайыз эң аз камсыз болгон калктын адам башына орточо кирешесинин өсүү темпи** *(%)*

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эң аз камсыз болгон 40 пайыз калктын, адам башына орточо кирешесинин өсүү темпи | 123,7 | 102,2 | 106,2 | 113 | 110 | 108,0 |
| Калктын адам башына орточо кирешесинин өсүү темпи | 121,2 | 103 | 104,5 | 112,3 | 112,6 | 106,5 |

**15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын 7,7 пайызы кандайдыр бир негизде дискриминацияга же куугунтукка дуушар болушкан (ТӨМ 10.3.1).** 40 жашка чейинки шаардык кыз-келиндер, жаш кыздар өздөрүнүн жоопторунда дискриминацияга дуушар болгондугун айтышат. Негизги жалпы билими бар аялдар куугунтукка көбүрөөк дуушар болушат (14 пайыз), бирок жогорку билимдүү аялдардын арасында да 8,2 пайызы дискриминацияга дуушар болгону жөнүндө белгилешкен. Аялдарга карата дискриминация бардык байлык квинтилинде бар.

Региондордун ичинен дискриминацияга дуушар болуу коркунучунун эң жогорку деңгээлин Чүй облусунун тургундары белгилешти – 16,6 пайыз.

**Акыркы 12 айда кандайдыр бир негизде басмырлоого же куугунтукка дуушар болгон 15-49 жаштагы аялдардын саны** *(пайыз менен)*




**Заманбап миграциялык процесстердин эң маанилүү тенденциясы (тышкы да, ички да) миграцияны феминизациялоонун туруктуу процесси болуп саналат.** 2018-жылы тышкы жана ички миграцияга катышкан аялдардын саны эркектерге караганда дээрлик 2 эсеге көп болду[86]. Бул тенденция 2014-жылдан бери туруктуу байкалууда.

**Калктын тышкы миграциясы** *(адам)*

[86] Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер, 2013-2018. КР УСК, Бишкек-2018, 33-34-б.

| | Келгендердин саны | | | Кеткендердин саны | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | аялдар | эркектер | бардыгы | аялдар | эркектер |
| **2014** | 3 928 | 1 970 | 1 958 | 11 685 | 6 667 | 5 018 |
| **2015** | 3 559 | 1 823 | 1 736 | 7 788 | 4 603 | 3 185 |
| **2016** | 3 160 | 1 671 | 1 489 | 7 125 | 4 324 | 2 801 |
| **2017** | 1 974 | 1 019 | 955 | 5 899 | 3 660 | 2 239 |
| **2018** | 1 687 | 836 | 851 | 7 077 | 4 550 | 2 527 |
| **2019** | 1 400 | 710 | 690 | 7 560 | 4 799 | 2 761 |
| **2020** | 3160 | 1671 | 1489 | 7125 | 4324 | 2801 |

**Ички миграция (региондор аралык кыймылдар) Бишкекке жана Чүй областына багытталган**, калган аймактарда калктын саны туруктуу түрдө кыскарууда.

**Калктын ички миграциясы** *(адам)*

| | Келгендердин саны | | | Кеткендердин саны | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | аялдар | эркектер | бардыгы | аялдар | эркектер |
| **2014** | 22 209 | 14 233 | 7 976 | 22 551 | 14 569 | 7 982 |
| **2015** | 21 337 | 13 906 | 7 431 | 20 916 | 13 726 | 7 190 |
| **2016** | 22 962 | 15 101 | 7 861 | 21 255 | 14 218 | 7 037 |
| **2017** | 25 729 | 17 170 | 8 559 | 22 905 | 15 512 | 7 393 |
| **2018** | 26 734 | 17 282 | 9 452 | 26 734 | 17 305 | 9 429 |
| **2019** | 24 810 | 16 410 | 8 409 | 24 810 | 16 401 | 8 409 |
| **2020** | 41 506 | 25 803 | 15 703 | 41 506 | 25 803 | 15 703 |

Ошентип, өлкөдө мүлктүк теңсиздик кыскарган жок, ошондуктан калктын аз камсыз болгон категорияларынын кирешелери байкаларлык түрдө өспөйт. Бардык социалдык-демографиялык топтордун аялдары дискриминациянын ар кандай көрүнүштөрүн башынан өткөрүшөт. Миграциянын феминизациялоо процесси туруктуу болуп саналат жана бул алардын балдары жана үй-бүлөлөрү үчүн узак мөөнөттүү кесепеттерге алып келет, бул мамлекеттик миграциялык саясатты ишке ашыруунун жүрүшүндө бул көйгөйгө көңүл бурууну талап кылат.

## 11-ТӨМ. Туруктуу шаарлар жана жамааттар

2030-жылга жол коопсуздугун жакшыртуу, коомдук транспортту колдонууну көбөйтүү аркылуу, өзгөчө аялуу кырдаалда тургандардын: аялдардын, балдардын, инвалиддердин жана карылардын муктаждыктарына көңүл буруу менен ар бир адамды коопсуз, арзан, жеткиликтүү жана экологиялык жактан туруктуу транспорттук системалар менен камсыз кылуу максаты коюлган.

**Кыргыз Республикасында жүргүнчүлөрдү ташуу транспорту көпчүлүк шаарларда жетишээрлик өнүккөн эмес жана көпчүлүк айылдык калктуу конуштарда жок.** Республиканын 1807 калктуу конушунун 1646сы (91,1 пайызы) маршруттук автобустар менен камтылган, калган 161и (8,9 пайызы) камтылган эмес.

**Жалпы республика боюнча коомдук транспортко жеткиликтүү калктын үлүшү** (ТӨМ 11.2.1) болгону 50,7 пайызды түзөт. Шаарларда (63,4 пайыз) бул камтуу айыл жерине (42,9 пайыз) караганда жогору, Ош шаарында (93,2 пайыз), Бишкек шаарында (61,3 пайыз) жогору. Азыраак урбанизацияланган региондордун ичинен эң жогорку көрсөткүч Ысык-Көл областында (70,3 пайыз) байкалат, бул көпчүлүк калктуу конуштардын туристтик агымдарды камсыз кылуучу маршруттардын боюнда жайгашуусу менен түшүндүрүлөт.

**Аялдар эркектерге караганда коомдук транспортту көп колдонушат (50,3 пайыз)**. Ыңгайлуу жана коопсуз коомдук транспортко жетүү аялдар үчүн өзгөчө мааниге ээ, алардын социалдык мобилдүүлүгүн жогорулатат. Бардык курактагы топтор коомдук транспортту бирдей пайдаланат.

**Коомдук транспортко ыңгайлуу жеткилиги бар калктын үлүшү**
*(15 жана андан жогорку жаштагы калктын үлүшүнө карата пайыз менен)*

| | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **48,5** | **52,2** | **50,7** |
| ***Жашаган жери боюнча*** | | | |
| Шаар жери | 66,0 | 63,60 | 63,4 |
| Айыл жери | 38,1 | 45,5 | 42,9 |
| ***Жынысы боюнча*** | | | |
| Эркектер | 47,9 | 53,3 | 51,2 |
| Аялдар | 49,0 | 51,3 | 50,3 |
| **Аймактар боюнча** | | | |
| Баткен областы | 32,9 | 58,7 | 59,3 |
| Жалал-Абад областы | 18,3 | 28,9 | 31,4 |
| Ысык-Көл областы | 72,5 | 74,6 | 70,3 |
| Нарын областы | 39,3 | 47,0 | 45,0 |
| Ош областы | 39,6 | 48,5 | 38,5 |
| Талас областы | 42,2 | 44,5 | 47,0 |
| Чүй областы | 63,1 | 54,5 | 54,6 |
| Бишкек шаары | 67,7 | 59,8 | 61,3 |
| Ош шаары | 94,6 | 95,0 | 93,2 |

Булак: Үй чарбалардын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча.

**Кырсыктарда каза болгондордун жана жабыркагандардын арасында, анын ичинде суу менен байланыштуу кырсыктардын арасында да эркектер басымдуулук кылат (ТӨМ 11.5).** Калктуу конуштардын дээрлик 95 пайызы сууга жакын жайгашкан, негизинен дарыялардын нугунда жайгашкан. Кырсыктардан каза болгондордун саны жалпысынан азайып бара жатат, 2010-жылы 158, 2018-жылы 18 адам каза болгон. Бирок бул көрсөткүч жыл сайын болуп жаткан табигый кырсыктардын мүнөзүнө жана масштабына жараша туруксуз. Ошентип, 2017-жылы жаратылыш кырсыктарынан жабыркагандардын саны 141 адамга жеткен. Аймактары боюнча алганда табигый кырсыктарга көбүнчө Жалал-Абад, Ош жана Чүй областтары дуушар болот.

**Кырсыктардан каза болгондордун саны** *(адамдар)*

| | 2010 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **158** | **62** | **53** | **47** | **141** | **18** | **17** | **51** |
| эркектер | 106 | 39 | 33 | 37 | 85 | 14 | 8 | 29 |
| аялдар | 52 | 23 | 20 | 10 | 56 | 4 | 9 | 22 |

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматы боюнча

## 16-ТӨМ. Тынчтык, адилеттүүлүк, эффективдүү башкаруу

Тынчтыкты сактоо, мыйзамдуулук жана сот адилеттигин камсыздоо, мамлекеттик кызматтын натыйжалуулугун, ачык-айкындуулугун жана инклюзивдүү мүнөзүн жогорулатуу көрүнүктүү гендердик аспектилерге ээ.

Түнкүсүн жашаган районунда көчөдө жалгыз жүргөндө өзүн коопсуз сезген адамдардын үлүшү боюнча **аялдар (44,7 пайыз) эркектерге (67,4 пайыз) караганда өздөрүн алда канча азыраак коопсуз сезишет (ТӨМ 16.1.4)**. 28 жашка чейинки жаш аялдар өздөрүн чоңдорго караганда азыраак коопсуз сезишет (34,7 пайыз). Айыл жеринде аялдар да (53,4 пайыз), эркектер да (68,3 пайыз) шаар тургундарына караганда өздөрүн көбүрөөк коопсуз сезишет (тиешелүүлүгүнө жараша 34,8 пайыз жана 65,7 пайыз). Жалпысынан 2018-жылы сурамжыланган үй чарбаларынын мүчөлөрүнүн жарымынан бир аз көбү (57,9 пайыз) өздөрүн коопсуз сезишкен. Нарын областынын (83,0 пайыз), Ош шаарынын (76,2 пайыз) жана Ош областынын (67,6 пайыз) тургундары өздөрүн көбүрөөк коопсуз сезишет. Борбор калаа Бишкек шаарын аялдар (12,7 пайыз) жана эркектер (52,5 пайыз) үчүн коопсуздугу төмөн жер болуп саналат.

**Өз аймагындагы көчөдө жалгыз жүргөндө өзүн коопсуз сезген адамдардын үлүшү** *(пайыз менен)*

| | 2018 | | | 2019 | | | 2020 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | Аялдар | Эркектер | Бардыгы | Аялдар | Эркектер | Бардыгы | Аялдар | Эркектер |
| **Кыргыз Республикасы** | 57,9 | 44,7 | 67,4 | 64,4 | 52,5 | 72,7 | 66,8 | 54,0 | 76,1 |

**Акыркы жылдары балдарга карата зордук-зомбулуктун жана агрессиянын деңгээли кескин өстү. 2018-жылы аларга кам көрүп жаткандар тарабынан физикалык жазага жана/же психологиялык зомбулукка кабылган балдардын үлүшү (ТӨМ 16.2.1) 74,3 пайызды түздү.** Салыштыруу үчүн 2014-жылы бул көрсөткүч 57,1 пайызды түзгөн. Тагыраак айтканда, бул балдарга да (75,5 пайыз) жана кыздарга да (73,0 пайыз) тиешелүү. Шаар жеринде (76,9 пайыз) балдарга карата зомбулуктун деңгээли айыл жерине (73,1 пайыз)

караганда бир аз жогору. Балдарга карата зордук-зомбулуктун эң жогорку деңгээли Ош шаарында (85,6 пайыз) жана Чүй областында (83,5 пайыз) катталган.

**1 жаштан 14 жашка чейинки курактагы акыркы айда аларга кам көрүп жаткандар тарабынан физикалык жазага жана/же психологиялык зомбулукка кабылган балдардын үлүшү**
(пайыз менен)

| | 2014 | 2018 |
|---|---|---|
| **Зордук-зомбулуктун ар кандай формасына дуушар болгон 1-14 жаштагы балдардын саны** (пайыз менен) | **57,1** | **74,3** |
| ***Жашаган жери боюнча*** | | |
| Шаар жери | 60,0 | 76,9 |
| Айыл жери | 56,0 | 73,1 |
| ***Жынысы боюнча*** | | |
| эркектер | 59,9 | 75,5 |
| аялдар | 54,4 | 73,0 |
| **Аймактар боюнча** | | |
| Баткен областы | 49,4 | 46,8 |
| Жалал-Абад областы | 42,9 | 65,5 |
| Ысык-Көл областы | 48,2 | 80,9 |
| Нарын областы | 58,0 | 74,0 |
| Ош областы | 57,8 | 74,4 |
| Талас областы | 71,1 | 79,9 |
| Чүй областы | 66,8 | 83,5 |
| Бишкек шаары | 70,3 | 80,5 |
| Ош шаары | 71,1 | 85,6 |

Булак: Үй чарбалардын бюджеттеринин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтары боюнча.

**Аялдардын үчтөн бир бөлүгү гана сот адилеттигине ишенет жана мамлекеттик бийлик органдарынан коргоо издөөгө даяр (SDG 16.3.1).** Буга зордук-зомбулукка кабылган аялдардын компетенттүү органдарга жардам сурап кайрылган учурлары далил. 2018-жылы мындай аялдардын саны 29,5 пайызды түзгөн. Шаарларда (38,4 пайыз) кайрылуунун деңгээли айыл жерине (22,4 пайыз) караганда бир топ жогору, бул ири калктуу конуштарда жабырлануучулардын анонимдүүлүгүн сактоонун көбүрөөк ыктымалдыгы менен байланыштуу. Айыл жеринде зомбулуктун ар бир учуру көрүнүп турат, бул зомбулукка жана стигматизацияга дуушар болгон аялдар үчүн расмий коргоо механизмдерин колдонууну кыйындатат.

**Акыркы 12 айдын ичинде компетенттүү органдарга же чыр-чатакты чечүүнүн расмий таанылган башка механизмдерине тиешелүү даттануу менен кайрылган зомбулуктан жабыркагандардын үлүшү** *(пайыз)*

| | 2018 |
|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| Акыркы 12 айдын ичинде талап-тоноо жана/же кол салуу түрүндөгү физикалык зомбулуктун курмандыгы болгон жана акыркы жолу талап-тоноочулук жана/же кол салуу жөнүндө милицияга кабарлаган 15-49 жаштагы аялдардын үлүшү | | 29,5 |
| ***Жашаган жери боюнча*** | | |
| Шаар жери | 38,4 | |
| Айыл жери | 22,4 | |

ККKСтин маалыматтарына ылайык

**Аялдардын жана эркектердин юстиция жана адилеттүүлүк органдарындагы, ошондой эле сот системасындагы кызматкерлер арасындагы өкүлчүлүгү** мамлекеттик башкаруунун жана укук коргоо органдарынын инклюзивдик мүнөзүнүн көрсөткүчү болуп саналат.

**Мамлекеттик башкаруу органдарында иштеген мамлекеттик кызматкерлер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеген муниципалдык кызматкерлер, жынысы боюнча** (пайыз менен)

| | 2018 | | 2019 | | 2020 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер |
| **Бардыгы** | **40,3** | **59,7** | **39,2** | **60,8** | **39,2** | **60,8** |
| анын ичинен: | | | | | | |
| сот адилеттиги жана юстиция органдары | 35,7 | 64,3 | 32,6 | 67,4 | 35,6 | 64,4 |

**2020-жылы юстиция жана сот адилеттеги органдарында жалпысынан аялдардын саны 35,6 пайызды түздү.** Алардын ичинен эң көп аялдар Юстиция министрлигинде (56,4%), эң азы Башкы прокуратурада (18,5%) иштейт. Жетекчилик түзүмдө аялдардын кыйла байкаларлык үлүшү Сот департаментинин (45,8 пайыз) жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун (34,0 пайыз) саясий жана административдик кызматкерлерине туура келет.

**Мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарында иштеген мамлекеттик кызматкерлер, жынысы жана ээлеген кызмат орундары боюнча**
*(2019-жылдын 1-январына жана 2021-жылдын 1-январына карата, пайыз менен)*

| | Бардыгы | | анын ичинде кызмат орундары боюнча | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | саясий жана атайын | | административдик | |
| | **аялдар** | **эркектер** | **аялдар 2019/2021** | **эркектер** | **аялдар 2019/2021** | **эркектер 2019/2021** |

| | 2019/2021 | 2019/2021 | | 2019/2021 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | **40,3/39,2** | **59,7/60,8** | **29,3/24,3** | **70,7/75,7** | **40,7/39,9** | **59,3/60,1** |
| Юстиция министрлиги | 56,4/51,5 | 43,6/48,5 | - | 100,0/100,0 | 57,0/51,7 | 43,0/48,3 |
| Башкы прокуратура | 18,5/20,2 | 81,5/79,8 | 25,0/20,0 | 75,0/80,0 | 18,5/20,2 | 81,5/79,8 |
| Жогорку сот | 42,8/42,3 | 57,2/57,7 | 34,0/26,9 | 66,0/73,1 | 45,6/48,3 | 54,4/51,7 |
| Сот департаменти | 40,5/38,8 | 59,5/61,2 | 45,8/39,2 | 54,2/60,8 | 39,4/38,8 | 60,6/61,2 |

**Мамлекеттик кызматтагы саясий кызматтарда аялдардын үлүшү акыркы жылдары азайып, 2020-жылы болгону 0,4 пайызды түздү** (ТӨМ 16.7.1), ал эми 2014-жылы 2,6 пайызды түзгөн. Атайын кызматтарда бул көрсөткүчтүн бир аз өсүүсү байкалууда – ошол эле жылдарга салыштырмалуу 1,7 пайызга жана 2,4 пайызга. Админивдик кызматтарда аялдар (97,2 пайыз) эркектерге караганда (94,4 пайыз) бир аз көбүрөөк жана бул тенденция туруктуу бойдон калууда.

**Мамлекеттик мекемелердеги кызмат орундарынын үлүшү** *(пайыз менен)*

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Саясий кызматтарда** | **3,1** | **4,4** | **4,5** | **1,6** | **1,3** | **1,2** | **1,2** |
| эркектер | 5,7 | 5,7 | 5,9 | 2,3 | 2,0 | 1,7 | 1,7 |
| аялдар | 2,6 | 2,5 | 2,6 | 0,5 | 0,4 | 0,4 | 0,4 |
| **Атайын кызматтарда** | **0,9** | **2,2** | **2,6** | **2,7** | **2,6** | **3,3** | **3,3** |
| эркектер | 2,2 | 2,6 | 2,8 | 2,8 | 2,7 | 3,9 | 3,9 |
| аялдар | 1,7 | 1,7 | 2,3 | 2,4 | 2,5 | 2,5 | 2,4 |
| **Административдик кызматтарда** | **96,0** | **93,4** | **92,8** | **95,8** | **96,1** | **95,5** | **95,5** |
| эркектер | 92,2 | 91,7 | 91,3 | 94,8 | 95,4 | 94,4 | 94,4 |
| аялдар | 95,7 | 95,8 | 95,1 | 97,1 | 97,2 | 97,2 | 97,2 |

**2018-жылы КККСтин маалыматы боюнча балдардын 98,9 пайызы туулгандыгы тууралуу күбөлүккө ээ болгон (ТӨМ 16.9.1)**, салыштыруу үчүн - 2014-жылы беш жашка чейинки балдардын 97,7 пайызы туулгандыгы расмий катталган. Жынысы жана туулган жери боюнча олуттуу айырмачылыктар болгон эмес. Бардык жарандарды юридикалык инсандык, анын ичинде туулгандыгы тууралуу күбөлүк менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугунун деңгээлинин маанилүү көрсөткүчү болуп саналат.

**Жарандык органдарда туулгандыгы катталган беш жашка чейинки балдардын үлүшү** *(пайыз менен)*

| | 2018 |
|---|---|
| **Жарандык (мамлекеттик) органдарда туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү** | **98,9** |

| | |
|---|---|
| **катталган 5 жашка чейинки балдардын үлүшү** | |
| ***Жашаган жери боюнча*** | |
| Шаар жери | 99,1 |
| Айыл жери | 98,9 |
| ***Жынысы боюнча*** | |
| Эркек балдар | 99,5 |
| Кыздар | 98,4 |

Жарандардын, анын ичинде зомбулукка кабылган аялдардын мыйзамдуулукту жана тартипти камсыз кылуучу мамлекеттик бийлик органдарына болгон ишениминин деңгээли жетишсиз. Мамлекеттик органдардын, анын ичинде укук коргоо органдарынын гендердик курамы көңүл борборунда болууга тийиш, анткени аларда аялдардын санынын көбөйүшү алардын инклюзивдик мүнөзүнүн далили болуп саналат.

## 17-ТӨМ. Туруктуу өнүгүү үчүн өнөктөштүк

17-ТӨМгө жетишүү үчүн эң маанилүү көрсөткүчтөрдүн бири болуп интернетти жигердүү колдонгон өлкөнүн калкынын үлүшү саналат (ТӨМ 17.8.1). Бул көрсөткүчкө жынысы боюнча байкоо жүргүзүү маанилүү, анткени жеткиликтүүлүктө олуттуу айырмачылыктардын болушу санариптик гендердик ажырымдын бар экендигин көрсөтүп турат.

**Өлкөдөгү үй чарбаларынын 70,1 пайызы**[87] **каалаган түзмөктөн интернетке кире алышат**, 27,1 пайызынын үйүндө компьютер бар.

**Компьютерлердин болушу жана интернетке кирүү мүмкүнчүлүктөрү боюнча КККС-2018 көрсөткүчтөрү жана алардын мааниси**

| КККСтин көрсөткүчтөрү | Аныктама | Мааниси |
|---|---|---|
| Компьютери бар үй чарбалары | Компьютери бар үй чарбаларынын пайызы | 27,1 |
| Интернети бар үй чарбалары | Кандайдыр бир түзмөктөн интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар үй чарбаларынын пайызы | 70,1 |

**Айылдык үй чарбаларынын интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү шаардык үй чарбаларына караганда 11 пайызга аз.** Талас (58,9 пайыз), Баткен (49,2 пайыз) жана Ош (40,8 пайыз) областтарынын жашоочуларынын интернетке жеткиликтүүлүгү эң төмөн деңгээлде. Ошол эле учурда Ош шаарынын интернетке жеткиликтүүлүгү боюнча көрсөткүчтөрү республика боюнча орточо көрсөткүчтөн эле жогору эмес, борбордон да алдыда.

**Үй чарбасында интернеттин болушу**

| | Бар | Жок |
|---|---|---|
| Жалпы республикада | 70,1 | 29,9 |

[87] КККС-2018. 23-24-б., 50-52-б

| | | |
|---|---|---|
| Шаар жери | 76,0 | 24,0 |
| Айыл жери | 65,3 | 34,7 |
| Баткен областы | 50,8 | 49,2 |
| Жалал-Абад областы | 76,9 | 23,1 |
| Ысык-Көл областы | 71,4 | 28,6 |
| Нарын областы | 61,7 | 38,3 |
| Ош областы | 59,2 | 40,8 |
| Талас областы | 41,1 | 58,9 |
| Чүй областы | 76,0 | 24,0 |
| Бишкек шаары | 77,9 | 22,1 |
| Ош шаары | 79,4 | 20,6 |
| | | |

**Аялдардын төрттөн бирине жакыны гана (24,0 пайызы) компьютерди активдүү колдонушат, аялдардын 70 пайыздан ашыгы интернетти такай колдонушат.** 15 жаштан 24 жашка чейинки жаш аялдар улгайган аялдарга (21,0 пайыз) караганда МКТ боюнча билимге ээ (29,75 пайыз).

**2018 байланышка жана МКТга жетүү боюнча индикаторлор жана мааниси**

| **КИКС индикаторлору** | **Аныктама** | **Мааниси** |
|---|---|---|
| Компьютерди колдонуу | Акыркы 3 айда компьютер колдонгон 15-49 жаштагы аялдардын пайызы | 24.0 |
| Интернетти колдонуу | Интернетти колдонгон 15-49 жаштагы аялдардын пайызы:<br>(а) акыркы 3 айдын ичинде<br>(б) акыркы 3 айдын ичинде жумасына бир жолудан кем эмес | <br>77.5<br>73.5 |
| МКТ жөндөмдөрү | Акыркы 3 айда тогуз конкреттүү компьютердик иш-аракеттердин жок дегенде бирин аткарган аялдардын пайызы<br>(а) 15-24 жашта<br>(б) 15 жаштан 49 жашка чейин | <br>29.7<br>21.0 |

**Интернетти колдонгон калктын үлүшүндө эркектер 63,7 пайызды, аялдар 62,1 пайызды түзөт.** Эки жыныстагы шаар тургундары айылдын тургундарына караганда көбүрөөк колдонушат. Айыл жергесиндеги аялдардын арасындагы көрсөткүч болгону 59,6 пайызды түзөт. Жаштар мобилдик жана санариптик технологияларды колдонуу менен көбүрөөк алектенишет, бирок 15 жаштан 28 жашка чейинки кыздар бул көрсөткүч боюнча эркек теңтуштарынан 5 пайыздык пунктка артта калууда. Колдонуучулардын эң көп саны аялдар жана эркектер арасында жогорку кесиптик билими бар адамдар. Региондордун ичинен эң көп колдонуучулар Ош областында (аялдар үчүн 72,9 пайыз жана эркектер үчүн 78,9

пайыз), эң азы Баткен областында (тийиштүү түрдө 39,3 пайыз жана 48,4 пайыз).

**Интернетти колдонгон адамдардын саны ***
*(пайыз менен)*

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **62,8** | **64,1** | **72,0** |
| ***Жашаган жери боюнча*** | | | |
| Шаар жери | 67,1 | 71,1 | 78,2 |
| Айыл жери | 60,2 | 59,9 | 68,1 |
| ***Жынысы боюнча*** | | | |
| Эркектер | 63,7 | 63,7 | 72,8 |
| Аялдар | 62,1 | 64,4 | 71,2 |
| **Аймактар боюнча** | | | |
| Баткен областы | 43,5 | 58,0 | 65,1 |
| Жалал-Абад областы | 55,3 | 48,5 | 53,9 |
| Ысык-Көл областы | 54,2 | 59,7 | 76,5 |
| Нарын областы | 40,7 | 57,0 | 66,4 |
| Ош областы | 75,6 | 67,9 | 75,8 |
| Талас областы | 63,9 | 58,3 | 67,6 |
| Чүй областы | 65,8 | 68,1 | 75,2 |
| Бишкек шаары | 69,7 | 80,4 | 87,9 |
| Ош шаары | 68,5 | 67,2 | 72,9 |
| ***Жаш курагы боюнча*** | | | |
| Жаштар, 15-28 жаш | 82,1 | 84,7 | 86,1 |
| Эмгекке жарамдуу курактагы калк | 63,1 | 66,2 | 77,3 |
| Эмгекке жарамдуу курактан ашкан калк | 25,9 | 21,3 | 33,4 |
| ***Билими боюнча*** | | | |
| Негизги жана андан төмөн | 47,9 | 48,2 | 52,9 |
| Негизги жалпы | 69,5 | 66,9 | 70,8 |
| Орточо жалпы | 56,1 | 57,5 | 66,3 |
| Кесиптик орто/жалпы | 61,9 | 64,2 | 74,7 |
| Кесиптик жогору | 81,1 | 83,9 | 89,6 |
| ***Киреше квинтили боюнча*** | | | |
| Эң кедей | 48,0 | 51,4 | 63,6 |
| Экинчи | 59,8 | 63,9 | 72,1 |
| Орточо | 64,8 | 64,5 | 75,0 |
| Төртүнчү | 67,1 | 69,1 | 73,8 |
| Эң бай | 69,5 | 67,9 | 77,7 |

Интернеттин болушу калктын МКТ жана санариптик технологияларга жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү үчүн зарыл болгон инфраструктураны түзөт. Бирок, бул аялдардын санариптик трансформация процесстерине активдүү катышуусу үчүн жетиштүү эмес, алардын МКТны колдонуу боюнча көндүмдөрү да андан ары өнүктүрүүнү талап кылат.

## Глоссарий

**Гендер** - ар башка жыныстагы адамдардын ээ болгон, социалдык жактан бекемделген жүрүм-туруму; саясатты, экономиканы, укукту, идеологияны, маданиятты, билим берүүнү жана илимди кошкондо, турмуштун бардык чөйрөлөрүндө көрсөтүлгөн эркектер жана аялдардын ортосундагы мамилелердин социалдык аспектиси.

**Гендердик басмырлоо (тикелей, кыйыр) -** жынысы боюнча адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын чектеген аргандай айырмалоо, өзгөчөлөө же артыкчылык берүү; коомдук турмуштун саясий, экономикалык, маданий, жарандык же аргандай башка жаатгарында эркектердин жана аялдардын тең укуктуулугун

таанууну, пайдаланууну, же жүзөгө ашырууну солгундатууга, же ажыратууга багытталган.

**Гендердик саясат -** ар башка жыныстагы адамдардын ортосундагы өзара мамилелерде теңчиликти орнотууга багытталган мамлекеттик, коомдук иш.

**Гендердик статистика -** социалдык-саясий турмуштун бардык чөйрөлөрүндөгү ар башка жыныстагы адамдардын тийиштүү абалын чагылдырган жана коомдогу гендердик маселелерди жана мамилелерди баяндаган статистика.

**Гендердик экспертиза -** улуттук мыйзамдардын мониторинги жана коомдук укуктук талдоо, ошондой эле аялдар жана эркектер үчүн аларда бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн, укуктардын, милдеттердин, жоопкерчиликтердин, теңөнөктөштүк мамилелердин жана теңчилик натыйжалардын сакталышына ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун баалоо, гендердик басмырлоону болтурбоо.

**Гендердик өкүлчүлүк -** кандайдыр бир уюмдун курамында аргандай жыныстагы адамдардын белгиленген катышта болушу.

**Гендердик теңчилик -** аялдардын жана эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны жүзөгө ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрү, ал адамдарга жынысына карабастан жашоо-турмуштун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүнө катышуу үчүн өз жөндөмдүүлүгүн эркин пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилиши.

**Гендердик тең укуктуулук -** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдетүүчү жагдайлардан сырткары ар башка жыныстагы адамдардын мыйзам алдында укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчиликтеринин теңдиги.

**Гендердик индикаторлор** - белгилүү бир мезгилдин аралыгында коомдо болуп жаткан гендердик-маанилүү өзгөрүүлөрдү жыйынтыктоо үчүн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү пайдаланган көрсөткүчтөр же ченегичтер.

**Гендердик мамилелер** - карым-катнаш жүрүмүндө же биргелешкен ишмердигинин аргандай түрлөрүн жүзөгө ашыруу учурунда ар башка жыныстагы адамдардын ортосундагы жүрүм-турумдун жана мамилелердин мүнөзү.

**Гендердик стереотиптер** - тиешелүү мезгилде тиешелүү коом үчүн эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө туруктуу түшүнүктөр.

**Гендердик талдоо -** коомдун жана мамлекеттин бардык чөйрөлөрүндө иш жүзүндө болгон же сунушталып жаткан программалар, мыйзамдар, мамлекеттик саясий багыт менен аялдар менен эркектерге көрсөтүлүп жаткан аргандай таасир этүүлөрдү баалоо жүрүмү.

**Гендердик аудит –** уюмдун саясатына, программаларына жана иш-аракетине интеграцияланган гендердик мамилени колдонууну талдоо, ошондой эле кабыл алынган саясат уюмдун ишинде канчалык деңгээлде чагылдырылганын баалоо куралы.

**Кызматтык милдеттер** – бул башкаруу системасынын максаттарына жетүүгө багытталган жана ишке ашыруу үчүн милдеттүү болгон кызматкерлердин иш-аракеттеринин жыйындысы. Бул кызматкерлердин иш-аракеттеринин так жана иреттелген жыйындысы аткарылган функциялардын маңызын түзөт.

**Үй эмгеги** - үй-бүлөнүн муктаждыктарын канааттандырууга багытталган эмгек ишмердигинин таризи. Үй эмгеги социалдык-пайдалуу жана эмгек

өндүрүмдүүлүгүнүн түрлөрүнүн бири болуп саналат, ал өлкөнүн адамдык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн негизин түптөйт.

**Квоталар** - саясий институттарда, эмгек мамилелер чөйрөсүндө жана башка чөйрөлөрдө бардык жыныстагы адамдардын өкүлчүлүктөрүн мыйзамдаштырылган деңгээлде чагылдырган убактылуу атайын чаралардын түрлөрүнүн бири, ал мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарында аялдардын жана эркектердин өкүлчүлүгүнүн теңдештигине жетишилген соң жокко чыгарылышы мүмкүн.

**Гендердик маселелерге комплекстүү мамиле** - аялдар менен эркектердин ортосунда теңсиздикти жоюу үчүн стратегия, анын жардамы менен аялдар жана эркектердин кызыкчылыгы жана тажрыйбасы бардык саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык жана башка чөйрөлөрдө мыйзамдарды, саясатты жана программаны түзүүдө, аткарууда, мониторингде жана баалоодо ажырагыс аспектиси болуп калат.

**Гендердик кыйыр басмырлоо** - жыныстык таандыгын түздөн-түз көрсөтпөгөн басмырлоо.

**Гендердик тең укуктуулуктун бузулушу -** басмырлоо, жек көрүү, ошондой эле адамдын жыныстык таандыгына байланыштуу укуктарын чектөө жана артыкчылык берүү түрүндө чагылдырыла турган активдүү же пассивдүү жүрүм-турум.

**Үй-бүлөдөгү зомбулук (үй-бүлөлүк зомбулук)** - бир үй-бүлө мүчөсүнүн экинчисине карата атайылап жасалган үй-бүлө мүчөсүнүн мыйзамдуу укуктарына жана эркиндиктерине шек келтирген, ага физикалык же психикалык жактан азап келтирген жана моралдык зыян келтирген ар кандай аракеттери, же болбосо жашы жете элек мүчөсү үй-бүлө мүчөсүнүн физикалык же жеке өнүгүүсүнө коркунуч келтирген;

**Улуттук гендердик механизм** - жашоонун бардык чөйрөлөрүндө эркектер менен аялдардын бирдей укуктары жана бирдей мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө негизги конституциялык жобону ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү мамлекеттин административдик институттарынын, механизмдеринин жана чараларынын тутуму.

**Коргоо ордери** - үй-бүлөлүк зомбулуктан же анын коркунучунан жабырлануучуга мамлекеттик коргоону камсыз кылган жана зомбулук жасаган же аны жасайм деп коркуткан адамга эскертүү алып келген "Үй-бүлөлүк зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган таасир көрсөтүү чараларын камтыган процессуалдык-укуктук документ.

**Гендердик теңчиликтин объектиси** - укуктук жөнгө салууга жаткан коомдук, саясий, экономикалык жана башка социалдык мамилелер.

**Позитивдүү аракеттер** - Конституция жана мыйзамдар тарабынан берилген укуктарды жүзөгө ашырууда эркектердин жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн теңөөгө багытталган чаралар.

**Гендердик тикелей басмырлоо** - жыныстык таандыгын тикелей билдирүү менен басмырлоо.

**Бирдей мүмкүнчүлүктөр -** гендердик тең укуктуулукка иш жүзүндө жетүү үчүн зарыл болгон каражаттардын жана шарттардын тутуму.

**Натыйжанын теңдиги -** теңчилик концепциясы, ага ылайык аялдарга жана эркектерге бирдей жыйынтыкка жетишүү үчүн аларга аргандай мамиле кылуу экендиги таанылат, анткени алардын жана башкалардын турмуштук шарттары ар кандай.

**Бирдей өнөктөштүк мамилелер** - ар башка жыныстагы адамдардын мамлекеттик жана коомдук турмушта бирдей шарттарда кызматташуусу же биргелешкен катышуусу.

**Сексуалдык асылуу -** эмгектик, кызматтык, материалдык, үй-бүлөлүк жана башка көз каранды болгон адамды оозеки жана күч колдонуу менен кордоочу жана мазактоочу сексуалдык мүнөздөгү аракеттер.

**Системалык функционалдык талдоо** - аткаруу бийлигинин бир катар органдарында, уюмдарында же мекемелеринде бир же бир нече функциялардын аткарылышын салыштыруу.

**Атайын чаралар -** жашоо-турмуштун кыйла басмырланган чөйрөсүндөгү жыныстардын бириндеги адамдарды колдоого багытталган уюштуруучулук, мыйзамдык, институционалдык мүнөздөгү чаралар. Атайын чаралар убактылуу мүнөздө болушу мүмкүн.

**Функция -** башкаруу органынын иши же башкаруучулук максаттарга жетүү үчүн багытталган жана мамлекеттик органдардын/мекемелердин максаттарына түздөн-түз байланыштуу натыйжага (продуктка) алып келүүчү, окшош ниеттери жана негизги мүнөздөмөлөрү бар административдик аракеттердин тутуму.

## ДОЛБООР ЖӨНҮНДӨ

**«ДаткАйым – Гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү!» долбоору** *билим берүү, массалык маалымат каражаттар чөйрөсүндөгү гендердик жана социалдык дискриминацияны пропагандалоону жоюу аркылуу, ошондой эле 5-Туруктуу өнүгүү максатына ылайык гендердик дискриминацияга натыйжалуу жана жемиштүү таасир этүү аркылуу коомдо терең тамырын жайган патриархалдык жүрүм-турумдун өзгөрүүсүнө көмөктөшүүнү көздөйт.* Долбоор мамлекеттик органдарды, жарандык коомдук уюмдарды, билим берүү уюмдарын, массалык маалымат каражаттарын гендердик теңчиликти жайылтууда колдоого жана гендердик басмырлоону алдын алууга, коомдун бардык деңгээлинде гендердик позитивдүү маалыматтарды жайылтууга багытталган.

**«ДаткАйым – Гендердик теңчиликке жаңыча жетишүү!»** долбоору 2019-2022-жылдары “Социалдык технологиялар агенттиги” коомдук уюму (Кыргыз Республикасы) жана “Данило Долчи” чыгармачыл өнүктүрүү борбору (Италия) тарабынан Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен ишке ашырылат. (Демократияны жана адам укуктарын колдоонун Европалык инструменти – 2018-2019-жылдары Кыргызстанды колдоонун мамлекеттик программасы).

**АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАР**

**Стереотиптерден эркин билим берүү**
Стандарттарды жана окуу-усулдук комплекстерди гендердик жана дискриминацияга каршы экспертизадан өткөрүүгө колдоо көрсөтүү жана Кыргыз Республикасынын билим берүү кызматкерлеринин гендердик компетенттүүлүгүн жогорулатуу.

**Гендердик сезимтал ММК Стандарттары**
Кыргызстанда гендердик сезимтал журналистиканын стандарттарын иштеп чыгууга жана жайылтууга көмөктөшүү, Жогорку окуу жайларга журналистика боюнча адистерди даярдоодо бул стандарттарды колдонуу боюнча усулдук колдоо көрсөтүү, массалык маалымат каражаттары, гендердик эксперттер жана бейөкмөт уюмдардын ортосундагы кызматташтыкты жакшыртуу.

**Гендердик саясатты ишке ашыруу боюнча кызматташуу**
Гендердик маселелер боюнча жоопту министрликтердин, ведомстволордун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын адистеринин потенциалын жогорулатуу жана, гендердик күн тартибин илгерилетүү максатында мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү үчүн жарандык коомдук уюмдардын потенциалын чыңдоо аркылуу улуттук жана жергиликтүү деңгээлде гендердик басмырлоону жана зомбулукту алдын алуу, ага таасир этүү боюнча ведомстволор аралык кызматташууну колдоо.

**Долбоордун продукттары жана жыйынтыктары:**

- Долбоордун артыкчылыктуу багыттары боюнча гендердик изилдөөлөр жана аналитикалык серептер;
- Артыкчылыктуу багыттардын алкагында гендердик маселелерди жөнгө салуучу ченемдик укуктук документтер;
- Долбоордун максаттуу топтору үчүн кыргыз жана орус тилдеринде методикалык колдонмолор, окуу куралдары;
- Кыргыз жана орус тилдериндеги тренингдик модулдар, окутуучу курстар, анын ичинде онлайн форматта;
- Кыргыз жана орус тилдеринде видеороликтер, маалымат жана билим берүүчү материалдар, маалыматтык кампаниялар жана акциялар;
- Бардык деңгээлде натыйжаларды жайылтуу жана максаттуу топторду тартуу боюнча иш-чаралар.

Долбоор тууралуу толук маалыматты долбоордун веб-сайтынан жана социалдык баракчаларынан тапса болот:

Вебсайт: https://hero-datkayim.kg/

Facebook: https://www.facebook.com/DatkAyim2019

Instagram: https://instagram.com/datkaiym_hero?igshid=zici5bc7e8yq

YouTube: https://www.youtube.com/channel/UCwVLDlowjyokVfRr1JtYiTw